Док. Айитмамат Кариев



# ИСЛАМ УКУГУ МЕТОДОЛОГИЯСЫ

# علم اصول الفقه

بسم الله الرحمن الرحيم

[من يرد الله به خيرا يفقهه في الدين]

# ИСЛАМ УКУГУ МЕТОДОЛОГИЯСЫ

## علم اصول الفقه

**(КОЛДОНМО УСУЛДУК ОКУУ КИТЕБИ)**

**Теол. ил. док. Айитмамат Кариев**

**Бишкек-2020**

УДК 287
ББК 86.38 я7
К 23

ИСЛАМ УКУГУ МЕТОДОЛОГИЯСЫ - Кариев А.
Б.:Эконом Принт. 2020, - 192 бет

ISBN 987-9967-28-616-0

"Ислам укугу методологиясы" аттуу бул эмгек, оболу, аят-хадистерден кыргыз элинин дүйнө таанымына, үрп-адатына, каада-салтына, географиялык шарттарына жараша туура өкүм чыгарууну үйрөтсө, экинчиден, диний окуу жайлардагы таалим-тарбиянын туура багытта ишке ашырылышына өбөлгө түзөт. Биз, кылымдар бою бек тутуп жашап келе жаткан ата-бабаларыбыздын ханафий-матуридий түшүнүгүн коргоо менен гана, кыргыз катары өзүбүздүн улуттук иденттүүлүгүбүздү, ханафий-матуридий мазхабын карманган мусулман катары диний иденттүүлүгүбүздү сактап калабыз.

ISBN 987-9967-28-616-0

УДК 297
ББК 86.38 я7
© Кариев А.,2020

**КИРИШҮҮ** ..... 10
**ИЗИЛДӨӨНҮН МАКСАТЫ** ..... 12
**ИЗИЛДӨӨНҮН ОБЪЕКТИСИ** ..... 13
**КОЛДОНУЛУУЧУ МЕТОД** ..... 14

**БИРИНЧИ БӨЛҮМ**
**УСУЛУ АЛЬ-ФИКХ ИЛИМИНИН ТАРЫХЫ, УКУКТУК ШКОЛАЛАРЫ, КОЛДОНМО АДАБИЯТТАРЫ**

**1. УСУЛУ АЛЬ-ФИКХ ИЛИМИНИН ТАРЫХЫ** ..... 17
1.1. Аз. Пайгамбардын (с.а.в.) доору ..... 17
1.2. Сахабалар доору ..... 19
1.3. Таабииндердин доору ..... 20
1.4. Мазхаб имамдарынын доору ..... 21
**2. УСУЛУ АЛЬ-ФИКХ ЖААТЫНДАГЫ УКУКТУК ШКОЛАЛАР** .. 23
**3. УСУЛУ АЛЬ-ФИКХТАГЫ НЕГИЗГИ АДАБИЯТТАРЫ** ..... 24
3. 1. Фукаханын колдонмо адабияттары ..... 24
3.2. Мутакаллимундун колдонмо адабияттары ..... 24
3.3. Мамзуж школасынын колдонмо адабияттары ..... 24

**ЭКИНЧИ БӨЛҮМ**
**АСЛИЙ (НЕГИЗГИ) ДАЛИЛДЕР**

**1. КУРАНЫ КАРИМ** ..... 27
1.1. Аныктамасы ..... 27
1.2. Кураны Карим китебине таандык өзгөчөлүктөр ..... 27
1.3. Курандын далилдик өңүтү ..... 28
1.4. Курандын өкүмдөрү ..... 28
1.5. Аяттардын өкүмдөргө далаалат кылышы ..... 28
1.6. Курандын маселени түшүндүрүү ыкмасы ..... 29
**2. СҮННӨТ** ..... 30
2.1. Аныктамасы ..... 30
2.2. Түрлөрү ..... 30
2.3. Санад жагынан сүннөттүн ар башка түрлөргө бөлүнүшү ..... 31
2.4. Өкүмдөргө далаалат кылышы ..... 32
2.5. Сүннөттүн Куранга карата аткаруучу функциялары ..... 33
2.6.Сүннөттүн далил экендигин билдирген далилдер ..... 36
2.7. Ханафийлердин ахад хадистерди кабыл алуу критерийлери 37
2.8. Аз. Пайгамбардын (с.а.в.) кыймыл-аракеттери ..... 39

3. ИЖМА .......... 40
3.1. Аныктамасы .......... 40
3.2. Рүкүндөрү .......... 40
3.3. Ижманын далил экендигин билдирген далилдер .......... 41
3.4. Ижманын түрлөрү .......... 42
3.4.1. Сарих жана сукутий ижма .......... 42
3.4.2. Умумий жана хусусий ижма .......... 42
3.4.3. Амалий жана кавлий ижма .......... 43
3.4.4. Мураккаб ижма .......... 43
3.5. Азыркы күндө ижманы ишке ашыруунун мүмкүнчүлүгү .......... 44
4. КЫЯС .......... 44
4.1. Аныктамасы .......... 44
4.2. Рүкүндөрү .......... 44
4.3. Кыястын далил экендигин билдирген далилдер .......... 45
4.4. Аслдын шарттары .......... 46
4.5. Фаръдын шарттары .......... 47
4.6. Иллаттын шарттары .......... 47
4.7. Иллатты тактоонун жолдору .......... 47
4.8. Кыястын түрлөрү .......... 48

## ҮЧҮНЧҮ БӨЛҮМ

## ФАРЪИЙ (ЭКИНЧИ ДАРАЖАДАГЫ) ДАЛИЛДЕР

1. АЛЬ-ИСТИХСАН .......... 51
1.1. Аныктамасы .......... 51
1.2. Истихсандын далилдик өнүтү .......... 51
1.3. Истихсандын түрлөрү .......... 52
1.3.1. Насска таяндырылган истихсан .......... 52
1.3.2. Ижмага таяндырылган истихсан .......... 52
1.3.3. Кыясу аль-хафийге таяндырылган истихсан .......... 53
1.3.4. Үрп-адатка таяндырылган истихсан .......... 53
1.3.5. Маслахатка таяндырылган истихсан .......... 54
2. АЛЬ-МАСАЛИХУ АЛЬ-МУРСАЛА .......... 54
2.1. Аныктамасы .......... 54
2.2. Кабыл алууда талап кылынган шарттар .......... 55
2.3. Маслахаттардын өз ара (ар башка) түрлөргө бөлүнүшү .......... 55
2.3.1. аль-Маслаха аль-Муътабара .......... 55
2.3.2. аль-Маслаха аль-Мурсала .......... 55
2.3.3. аль-Маслаха аль-Мулга .......... 56



3. АЛЬ-УЪРФ (ҮРП-АДАТ) .......... 56
3.1. Аныктамасы .......... 56
3.2. Үрп-адаттын диндеги орду .......... 57
3.3. Үрп-адаттын түрлөрү .......... 57
3.4.1. Кавлий үрп-адат .......... 57
3.4.2. Фиълий үрп-адат .......... 58
3.4.3. Умумий үрп-адат .......... 58
3.4.4. Хусусий үрп-адат .......... 58
3.4.5. Сахих үрп-адат .......... 59
4. ШАРЪУ МАН КАБЛАНА .......... 59
4.1. Аныктамасы .......... 59
4.2. Түрлөрү .......... 60
4.3. Далил катары колдонууга жарактуулугу .......... 60
5. МАЗХАБУ АС-САХАБИЙ .......... 61
5.1. Аныктамасы .......... 61
5.2. Далилдик өнүтү .......... 61
5.3. Маанилүүлүгү .......... 62
6. САДДУ АЗ-ЗАРИЪА .......... 63
6.1. Аныктамасы .......... 63
6.2. Садду аз-зариъанын диндеги орду .......... 63
6.3.Шатибийдин маселени төрт пунктта анализдеши .......... 64
7. АЛЬ-ИСТИСХАБ .......... 64
7.1. Аныктамасы .......... 64
7.2. Түрлөрү .......... 65
7.2.1. Бардык нерсенин мубах деп бааланышы .......... 65
7.2.2. Бардык кишинин күнөөсүздүк сыпатына ээ болушу .......... 65
7.2.3. Эски өкүмдүн өз күчүндө калтырылышы .......... 65
7.3. Истисхабга тийиштүү кээ бир эрежелер .......... 66
7.4. Истисхабдын объектиси жана ханафийлер .......... 67

## ТӨРТҮНЧҮ БӨЛҮМ

## УСУЛУ АЛЬ-ФИКХТА ӨКҮМДӨРДҮН КАРАЛЫШЫ

1. ШАРЪИЙ ӨКҮМ .......... 71
1.1. Аныктамасы .......... 71
1.2. Таклифий жана вазъий өкүмдөр .......... 71
1.2.1. Таклифий өкүм .......... 71
1.2.1.1. Аныктамасы .......... 71
1.2.1.2. Түрлөрү .......... 71

1.3. Вазъий өкүм ... 72
1.3.1. Аныктамасы ... 72
1.3.2. Түрлөрү ... 72
1.4. Дүйнөлүк жааты жагынан өкүмдөрдүн анализделиши ... 73
1.4.1. Сахих ... 73
1.4.2. Фасид ... 74
1.4.3. Батыл ... 74
1.5. Акыреттик өңүтү жагынан өкүмдөрдүн түрлөргө бөлүнүшү ... 74
1.5.1. Фарз ... 74
1.5.2 Важиб ... 74
1.5.3. Сүннөт ... 78
1.5.4. Арам ... 78
1.5.5. Макрух ... 79
1.6. Талаптын камтыган объектиси жагынан өкүмдүн түрлөрү ... 79

## БЕШИНЧИ БӨЛҮМ
## ХАКИМ, МАХКУМУ ФИЙХ, МАХКУМУ АЛАЙХ

**1. ХАКИМ** ... **85**
**2. МАХКУМУ ФИЙХ** ... **86**
**3. МАХКУМУ АЛАЙХ (МУКАЛЛАФ)** ... **88**
3.1. Жаниндик доору ... 88
3.2. Балалык чагы ... 89
3.3. Тамйиз доору ... 90
3.4. Балагатка жетиши ... 91
3.5. Кишиликтин аякташы ... 92

## АЛТЫНЧЫ БӨЛҮМ
## АЛЬ-АЛФАЗ АЛЬ-УСУЛИЙЙА

**1. ТИЛГЕ ТИЙИШТҮҮ УСУЛИЙ ЭРЕЖЕЛЕР** ... **101**
**2. НАСС ЖАНА АНЫН ШАРЪИЙ ӨКҮМДӨРГӨ ДАЛААЛАТЫ** ... **101**
2.1. Ибарату ан-насс ... 101
2.2. Ишарату ан-насс ... 102
2.3. Далаалату ан-насс ... 102
2.4. Иктизау ан-насс ... 103
**3. МАФХУМУ АЛЬ-МУХАЛАФА** ... **103**
3.1. Мафхуму ас-сифа ... 104
3.2. Мафхуму аш-шарт ... 105



3.3. Мафхуму аль-гаая ... 105
3.4. Мафхуму аль-аъдад ... 106
**4. ВАДИХУ АД-ДАЛААЛА ЖАНА ЭТАПТАРЫ** ... **106**
4.1. Захир ... 107
4.2. Насс ... 108
4.3. Муфассар ... 108
4.4. Мухкам ... 109
**5. ГАЙРУ ВАДИХИ АД-ДАЛААЛА** ... **109**
5.1. Хафий ... 109
5.2. Мушкил ... 110
5.3. Мужмал ... 111
5.4. Муташабих ... 111
**6. МУШТАРАК СӨЗДӨР ЖАНА АЛАРДЫН ДАЛААЛАТЫ** ... **112**
**7. АЪАМ ЖАНА АНЫН ДАЛААЛАТЫ** ... **113**
7.1. Аъамдын түрлөрү ... 114
7.2. Аъамдын далаалаты жана өкүмү ... 114
7.3. Аъамдын объектиси ... 115
7.4. Аъамды тахсис кылуунун жолдору ... 116
7.4.1. Аятты аят менен тахсис кылуу ... 116
7.4.2. Аятты хадис менен тахсис кылуу ... 117
7.4.3. Аъам аятты ижма менен тахсис кылуу ... 118
**8. ХАСС ЖАНА АНЫН ДАЛААЛАТЫ** ... **118**
8.1. Мутлак ... 119
8.2. Мукаййад ... 119
7.3. Амр ... 121
7.4. Нахй ... 122

## ЖЕТИНЧИ БӨЛҮМ
## ТАЪАРУЗУ АЛЬ-АДИЛЛА ЖАНА АНЫ ЖОЮУНУН ЖОЛДОРУ

**1. ТАЪАРУЗУ АЛЬ-АДИЛЛА** ... **127**
**2. НАСХ** ... **127**
2.1. Насхтын далилдик өңүтү ... 127
2.2. Насхтын ишке ашышы, шарттары, объектиси ... 128
2.3. Насхтын түрлөрү ... 129
2.3.1. Сарих насх ... 129
2.3.2. Димний насх ... 129
2.3.2.1. Тексти жана өкүмү насх кылынган аяттар ... 131
2.3.2.2. Өкүмү насх кылынып тексти Курандан орун алган аяттар ... 131

2.3.2.3. Тексти насх кылынып өкүмү иштетилип жүргөн аяттар 131
2.3.2.4. Курандагы өкүмдүн бир бөлүгү гана насх кылынган аяттар..... 131
2.4. Насхты таптап билүүнүн жолдору ................................ 132
**3. ТАРЖИХ** ........................................................ **132**
3.1. Таржихтин түрлөрү ............................................. 133
**4. ЖАМ ВА ТАВФИК** .................................................. **134**
**5. ТАСАКУТ** ....................................................... **134**

## СЕГИЗИНЧИ БӨЛҮМ
## ИЖТИХАД, ТАКЛИД, ТАХРИЖ, ТАЛФИК, КАЗА, ФАТВА ТЕРМИНДЕРИНИН АНАЛИЗИ

**1. ИЖТИХАД ЖАНА ТАКЛИД** ........................................... **139**
1.1. Ижтихад ........................................................ 139
1.2. Таклид ......................................................... 141
**2. ТАХРИЖ** ........................................................ **143**
**3. ТАЛФИК** ........................................................ **143**
3.1. Талфиктин түрлөрү .............................................. 143
3.2. Ижмага карама-каршы келген талфик ............................... 143
3.3. Ижма менен карама-каршы келбеген талфик ......................... 144
**4. КАЗА ЖАНА ФАТВА** ............................................... **145**
4.1. Фатва жана каза терминдеринин анализи ........................... 145
4.1.1. Фатва жана каза сөздөрүнүн сөздүк маанилери.................... 145
4.2.Фатва менен каза сөздөрүнүн терминдик маанилери.................... 146
4.2.1. Фатва менен казанын айырмасы жана анын негиздери .... 146
4.2.1.1.Фатва жана каза сөздөрүнүн айырмачылыктары...................... 146
4.2.1.2. Казы жана муфтийден талап кылынган кесиптик талаптар...... 147

## ТОГУЗУНЧУ БӨЛҮМ
## МАКАСИДУ АШ-ШАРИА (ИСЛАМ УКУГУ ФИЛОСОФИЯСЫ) ТЕОРИЯСЫ

**1. МАКАСИД ИЛИМИНИН АНЫКТАМАСЫ** .................................. **151**
**2. МАКАСИД ИЛИМИНИН МАКСАТЫ ЖАНА ПРИНЦИПТЕРИ** **151**
2.1. Макасид илиминин максаты ....................................... 151
2.2. Макасид илиминин негизги принциптери............................ 151
**3. МАКАСИД ИЛИМИНИН ТАРЫХЫ** ....................................... **152**
3.1. Сахабалар доорунан Жувайнийге чейинки доор ..................... 152
3.2. Жувайнийден Шатибийге чейинки доор .............................. 152



3.3. Шатибийден Ибн Ашурга чейинки доор .............................. 153
3.4. Ибн Ашурдан азыркы күнгө чейинки доор ........................... 153
**5. МАКАСИДУ АШ-ШАРИАНЫН ТҮРЛӨРҮ** .................................. **154**
5.1. Макасиду куллия ................................................ 154
5.2. Макасиду жуззия ................................................ 154
5.3. Макасиду катъийя ............................................... 154
5.4. Макасиду занийя ................................................ 155
5.5. Макасиду вахмийя ............................................... 155
5.6. Макасиду зарурия ............................................... 155
5.7. Макасиду хажийя ................................................ 156
5.8. Макасиду тахсинийя ............................................. 156
**КОЛДОНУЛГАН ТЕРМИНДЕРДИН ТҮШҮНДҮРМӨСҮ** .......................... **157**
**КОЛДОНУЛГАН КУРАНЫ КАРИМ АЯТТАРЫНЫН ТИЗМЕГИ.** **173**
**КОЛДОНУЛГАН АДАБИЯТТАР** .......................................... **175**

## КИРИШҮҮ

Адамзаттын жашоосу бирдиктүү жашоого негизделгенинде эч кандай шек жок. Анткени, бул жашоодо ар бир адам башка адамдар менен мамиле түзүүгө мажбур. Адамзаттын тарыхына назар салчу болсок, жогорудагы мыйзам ченемдүү көрүнүштүн негизинде, ар бир коомдо, коомдук тартипти сактоочу укуктук башкаруу системасы болгондугуна күбө болобуз. Мейли бул система өтө жөнөкөй, же аябай терең мазмунга ээ болсун, кыскасы, алардын баары коомдук тартипти сактоого негизделген. Адам баласы мына ушул укуктук башкаруу системанын, кайсы коомдо болбосун теориялык да, практикалык да айкалышуусун колдогон. Албетте, бул укуктук башкаруу системасы ар бир коомдун укуктук түшүнүгүнө жараша калыптанат. Ислам динин карманган мусулман коомчулугундагы укуктук түшүнүк да дал ушул көрүнүштө. Тагыраак айтканда, мусулмандардын укуктук түшүнүгү фикх жана усулу аль-фикх деп экиге бөлүнөт. Фикх – укуктук түшүнүктүн практикалык өңүтүн түшүндүрсө, усулу аль-фикх – укуктук түшүнүктүн теориялык жааты болуп саналат.

Мына ушул айырмачылыктын негизинде, фикх илимине " مَعْرِفَةُ النَّفْسِ مَا لَهَا وَ مَا عَلَيْهَا – Кишинин өзүнө тиешелүү пайда-зыянды билиши" деген аныктама берилген. Ал эми усулу аль-фикх илимине болсо, " هِيَ الْقَوَاعِدُ الَّتِي يَتَوَصَّلُ بِهَا الْمُجْتَهِدُ إِلَى اسْتِنْبَاطِ الأَحْكَامِ الشَّرْعِيَّةِ الْعَمَلِيَّةِ مِنْ أَدِلَّتِهَا التَّفْصِيلِيَّةِ" деген аныктама берилген. Башкача айтканда, "Усулу аль-фикх – бул мужтахиддин тафсилий далилдерге таянуу менен шарий-амалий өкүмдөрдү чыгарууда колдонуучу эрежелер" дегенди билдирет. Мына ушул аныктамадан деле маалым болгондой эле, усулу аль-фикх кишиге туура өкүм чыгаруунун жол-жобосун үйрөтөт. Тагыраак айтканда, бул илим кишиге VI кылымда түшүрүлгөн



Ислам дининин ааламдык өңүтүн үйрөтүп, азыркы учурдун талабына жараша туура өкүм берүүнү үйрөтөт.

Азыркы учурда, бул тармак "Усулу аль-Фикх", "Илму Усули аль-Фикх", "Илму аль-Усул", "Назарияту аль-Фикхи аль-Исламий", "Фалсафату аль-Фикхи аль-Исламий", "Усулу ат-Ташриъи аль-Исламий", "Усулу аль-Хукук аль-Исламий" ж.б. аталышта, атайын өзүнчө илим тармагы катары окутулуп келет. Кыргыз элинин Ислам динин тутунган коомчулук экендигинде шек жок. Ошондой эле кыргыз элинин баары араб тилин билбегендиги да чындык. Мына ушул жагдай, бизди учурдун талабына жараша, кыргыз тилиндеги усулу аль-фикх эмгегибизди жазууга түрткү болду.

Изилдөөбүздө усулу аль-фикх термини Ислам укугу методологиясынын синоними катары колдонулмакчы. Ошондой эле, изилдөөбүздү чакан абалда ишке ашыруу максатында, колдонулган аяттарды кыргыз тилине атайын которбойбуз. Анткени, азыркы күндө кыргыз тилине которулган Кураны Карим китептери жетиштүү. Колдонулган хадистердин котормосун болсо сноскада берип өтмөкчүбүз. Анан дагы, окурмандарыбызга жеңил болушу үчүн изилдөөдө колдонгон терминдерибиздин түшүндүрмөсүн, эмгегибиздин аягында берип өтмөкчүбүз. Адегенде ошол терминдерди окуп, андан соң китептин окулганы дурус. Бул түшүндүрмө окурмандардын усулу аль-фикх тармагындагы терминдер менен жакындан таанышуусуна өбөлгө түзөт деген ойдобуз. Сөзүбүздүн акырында, ар бир темага тийиштүү атайын жазылган эмгектерди, доктордук жана магистирдик диссертацияларды, илимий макалаларды шилтемеде атап өтмөкчүбүз. Бул дагы окурмандарга жана өзгөчө изилдөөчүлөргө, бул тармакта терең маалыматка ээ болууга багыт берет деген ойдобуз.

Колунуздагы эмгек усулу аль-фикх жаатындагы кыргыз тилинде жарык көрүп жаткан алгачкы эмгектердин бири.

Мына ушул себептүү кээ бир терминдери которууда, же ошол терминдери колдонууда, же башка себептерден улам кээ бир катачылыктар кетиши ыктымал. Албетте, бул эмгекти эч бир катасыз абалда жаздык деген мактануудан оолакпыз. Эгерде, андай жагдай менен кездешип калсаңыз, анда дароо ошол нерсени оңдоп-түзөөгө жардамчы болушуңузду суранам! Анткени, мусулман коомчулугундагы "Эң туурасын Алла Таала гана билүүчү!" деген сөз, чындыгында, жашообуздагы аябай маанилүү сөз. Бул сөз – кишиге өз катасын оңдоону үйрөтөт.

## ИЗИЛДӨӨНҮН МАКСАТЫ

Ислам дининин алгачкы доорунан тарта Чыңгыз хандын мусулман мамлекеттерине бүлүк салышына чейинки убакытта, чындыгында, усулу аль-фикх багытында аябай чоң жетишкендиктер колго киргизилген. Муну ошол доорлордо өмүр сүргөн усулчу аалымдар жана алардын көлөмдүү эмгектери тастыктоодо. Чынын айтканда, Ислам укугу методологиясы, Чыңгыз хандын мусулман мамлекеттерин кыйратышынан индустриалдык төңкөрүшкө чейинки убакытта, бир топ солгундай түшкөн. Бирок, мына ушул индустриалдык төңкөрүштөн тарта азыркы күнгө чейин усулу аль-фикх жааты кайрадан жанданып, бул тармакта ич жылытаарлык бир топ жетишкендиктер колго киргизилди. Тилекке каршы, кыргыз элибиз усулу аль-фикх тармагындагы мына ушул жаңыдан жандануу маселесинен бейкапар. Тагыраак айтканда, усулу аль-фикх дегенде Усулу аш-Шаший эмгегинен башка эмгектин атын да билбеши, албетте, кишинин зээнин кейитпей койбойт.

Изилдөөбүздүн негизги максаты – жогоруда айтылган мына ушул жагдайды жокко чыгарып, теологиялык колледждерде, медреселерде, ислам институттарында, ислам университеттеринде, теология факультеттеринде, кыскасы



диний окуу жайларда эмгегибиз окутулуп, элибиз усулу аль-фикх багытында терең маалыматка ээ болуп, өкүмдөрдү туура түшүнүүдө жана туура өкүм берүүдө катачылык кетирбеши үчүн өз салымыбызды кошуу болуп саналат.

## ИЗИЛДӨӨНҮН ОБЪЕКТИСИ

Колуңуздагы бул эмгек, Ислам укугу методологиясы жаатындагы кыргыз тилинде жарык көргөн алгачкы китеп болгондугуна жараша, биз изилдөөбүздү мүмкүн болушунча ихтилафтуу темаларга баш бакпастан, усулу аль-фикх илимине тийиштүү темалардын баарын изилдөөгө аракет жасайбыз. Биздин бул эмгегибиз жалпысынан тогуз бөлүмдөн турат.

**Биринчи бөлүмдө**, усулу аль-фикх илиминин атайын илим тармагы катары калыптануу тарыхы, укуктук школалары, колдонмо адабияттары жөнүндө кыскача маалымат берип өтмөкчүбүз. **Экинчи бөлүмдө**, Ислам укугу методологиясындагы аслий (негизги) далилдерге орун берилсе, **үчүнчү бөлүмдө**, ушул эле аслий далилдерден кийинки даражадагы фаръий (экинчи даражадагы) далилдерге токтолуп кетмекчибиз. **Төртүнчү бөлүмдө**, усулу аль-фикхта өкүмдөрдүн каралышы жөнүндө кеп козгоп, **бешинчи бөлүмдө** хаким, махкуму фийх, махкуму алайх маселелерин изилдөөгө аракет кылабыз. Андан соң **алтынчы бөлүмдө**, усулу аль-фикхтагы тил эрежелерине тийиштүү аль-алфаз аль-усулиййа темаларына токтолуп, **жетинчи бөлүмдө**, Ислам укугу методологиясындагы далилдердин бири-бирине карама-каршы келиши (таъарузу аль-адилла) жана аны жоюунун жолдору туурасында сөз козгомокчубуз. Ал эми **сегизинчи бөлүмдө** ижтихад, таклид, тахриж, талфик, каза, фатва сыяктуу терминдер анализделип, бул багыттагы негизги маселелерге токтолуп өтмөкчүбүз. **Тогузунчу бөлүмдө** болсо, усулу аль-фикхтын бир бутагы катары бааланган макасиду аш-

шариа (ислам укугу философиясы) теориясы жөнүндө кенири маалымат берип өтмөкчүбүз.

## КОЛДОНУЛУУЧУ МЕТОД

Изилдөөбүздү азыркы учурдун талабына жооп бере турган илимий изилдөө методунун негизинде ишке ашырмакчыбыз. Бул метод бир жагынан, окурмандын Ислам укугу методологиясы жаатындагы негизги маалыматтарга ээ болуусун жеңилдетсе, экинчи жагынан, окурмандын дагы эне тилинде бул тармакта атайын эмгектердин жазылгандыганан кабардар болушуна шарт түзүп берет.

Изилдөөбүздө колдонулуучу метод жалпы жонунан объективдүү түрдө жүргүзүлөт. Ошону менен бирге, абалга жараша мазхабдардын ортосундагы кээ бир маселелерде болсо субъективдүү метод колдонулат. Албетте, бул багытта калем жонтууда мындай методду колдонуу, чынында эле, мыйзам ченемдүү көрүнүш катары бааланууга тийиш.

Теол. ил. док. Айитмамат Кариев
Бишкек, 2020.



# БИРИНЧИ БӨЛҮМ
# УСУЛУ АЛЬ-ФИКХ ИЛИМИНИН ТАРЫХЫ, УКУКТУК ШКОЛАЛАРЫ, КОЛДОНМО АДАБИЯТТАРЫ

# 1. УСУЛУ АЛЬ-ФИКХ ИЛИМИНИН ТАРЫХЫ

## 1.1. Аз. Пайгамбардын (с.а.в.) доору

Аз. Пайгамбардын (с.а.в.) доорунда усулу аль-фикх илими өз алдынча илим катары калыптанган эмес. Анын пайгамбарлык доорун Мекке жана Медина доору деп анализдөө туура болот. Мекке доорунда (610-622) түшүрүлгөн өкүмдөр, негизи адамдын руханий азыгы болгон ишенимге, ошондой эле адеп-ахлакка тийиштүү өкүмдөр. Ал эми укук (мыйзам-жобо) маселелерине тийиштүү өкүмдөрдүн басымдуу бөлүгү Медина доорунда (622-632) түшүрүлгөн.

Аз. Пайгамбардын (с.а.в.) доорунда фикх илиминин булагы катары Куран, сүннөт, акыл колдонулган. Бул маселе тууралуу анын ар бир сөзүн вахийге таянгандыгын,[1] андан сырткары өз алдынча өкүм коюуга да укуктуу экендигин,[2] акыл менен (жеке киши катары) далилдердин сырткы көрүнүшүнө карап гана өкүм берерин[3] кабарлаган аят-хадистер жок эмес.

Аз. Пайгамбардын (с.а.в.) доорунда усулу аль-фикх жаатында эч кандай эмгек жазылбагандыгы да анык. Бирок жогорудагы далилдердин негизинде, бул илимди өзүнүн сахабаларына оозеки түрдө үйрөтүп кеткендиги да, чындыгында, айдан ачык. Буга мисал катары, Аз. Пайгамбардын (с.а.в.) Муаз б. Жабалды казы катары дайындап, Йеменге жөнөтүп жатып, "Эй.., Муаз! Эгерде, сага бир суроо узатылса, ага кантип жооп бересиң?" – деп сураган суроосун жана ага кайтарылган "Куран менен...", "Сүннөт менен...", "Акылым менен ижтихад кылам..." деген жообун

---

[1] Кураны Карим, Нажм сүрөсү, 3-4; Юнус сүрөсү, 15.

[2] Абу Зайд Убайдулла б. Умар б. Иса ад-Даббусий аль-Ханафий, ***Таквиму аль-Адилла***, Бейрут: Дару аль-Кутуби аль-Илмийя, 2001, 249; Кураны Карим, Хашр сүрөсү, 7; Ниса сүрөсү, 65; Нур сүрөсү, 13.

[3] Мухаммед Абу Захра, ***Тарих Мазахиби аль-Исламийя фи ас-Сиясати ва аль-Акаиди ва Тарихи аль-Мазахиби аль-Фикхийя***, Каир: Дару аль-Фикри аль-Арабий, 229.

айтууга болот.[4] Бул окуяда “Куран”, “сүннөт”, “акыл (раъй)”, “ижтихад”, “өкүм” өңдүү усулу аль-фикх илиминин өзгөчө терминдери колдонулгандыгын көрүүгө болот.

Аз. Пайгамбардын (с.а.в.) доорунда Мединага келген ажылардын көп болгондугунан, ошондой эле, мусулман коомчулугунун баштапкы жылдары жакыр болгондугунан, курбан айтта курбандык чалынган жандыктардын этин сактоого тыюу салып, алыстан келген жана күл азыгы түгөнгөн, кыскасы, курбандыктардын эттерине муктаж болгон ажыларга таратууга буйруп, белгилүү убакыттан кийин жогорудагы муктаждыктар жокко чыккандан соң, мединалыктардын курбандык чалган жандыктарынын эттерин сактоого уруксат бериши, чындыгында, усулу аль-фикх багытында Аз. Пайгамбардын (с.а.в.) доорунда “насх” далилин[5] да колдонулгандыгын түшүндүрөт.

Аз. Пайгамбардын (с.а.в.) доорунда истихсан далилин да колдонулгандыгын көрүүгө болот. Мисал иретинде, уй менен койдун курбандык чалынышын алып көрөлү. Башкача айтканда, логикалык жактан курбандык чалынуучу кой менен уйдун ортосунда эч кандай айырма болбошу керек болчу. Анткени, курбандык чалуунун мааниси – шүгүрчүлүк максатында кан агызуу эмеспи?! Бирок, Аз. Пайгамбар (с.а.в.) уйду жети кишинин ортоктошо (шериктеше) курбандык чалуусуна уруксат берген. Бул да болсо, Аз. Пайгамбардын (с.а.в.) жогоруда насх далилин колдонгондой эле, негизи “истихсан” далилин[6] да колдонгондугун билдирет.

Жыйынтыктап айтканда, Аз. Пайгамбардын (с.а.в.) доорунда ачык-айкын абалда усулу аль-фикх жаатында атайын

[4] Абу Захра, ***Тарихху аль-Мазахиб***, 234.
[5] Закиоддин Абдулазим б. Абдилкавийй аль-Мунзирий, ***Мухтасару Сахихи Муслим***, Дамаск: Дару аль-Улуми аль-Инсания, 153.
[6] Fahrettin Atar, ***Fıkıh Usûlü***, 9. Baskı, İstanbul: Marmara Üniversitesi İlahiyat Vakfı Yayınları,2001,9.



эмгектер жазылгандыгын, ошону менен бирге, бул илимдин өз алдынча өсүп, калыптангандыгын айтуу кыйын. Бирок, жогорудагы мисалдардын негизинде, бул доордо усулу аль-фикхтын “Куран”, “сүннөт”, “акыл”, “ижтихад”, “насх”, “истихсан”, “тадрижийлик”, “жеңилдик” сыяктуу кээ бир өзгөчө терминдеринин колдонулгандыгын, мунун күнүмдүк жашоодо жөнөкөй көрүнүш катары кабыл алынгандыгын, усулу аль-фикх илимин оозеки түрдө сахабаларына үйрөткөндүгүн, эч бир шек-күмөнсүз айтууга болот.[7] Башкача айтканда, жогорудагы терминдерди Аз. Пайгамбар (с.а.в.) сахабаларына практикалык жана оозеки түрдө үйрөтүп кеткен.

### 1.2. Сахабалар доору

Сахабалар доорунда да усулу аль-фикх жаатында кээ бир эрежелердин жана далилдердин пайда болгондугун көрүүгө болот. Буга мисал катары, Аз. Алинин (р.а.) “Ичимдик ичкен адам мас болот. Мас болгон киши бирөөгө жалаа жабат. Мына ошондуктан ага казф жазасы берилет. Башкача айтканда, ага 80 балак урулат”[8] – деп айтышы, азыркы күндө биз колдонуп жүргөн, усулу аль-фикхтагы “садду аз-зараиъ” далилине тийиштүү мисал болуп берет.

Абдуллах б. Масуд “Жолдошу кайтыш болгон, боюнда бар аялдын иддаты – боюндагы баласын төрөнгөнгө чейин(ки убакыт)” – деп айткан. Анын бул сөзү Бакара сүрөсүнүн 234-аятына таянат. Абдуллах б. Масуд бул сөзү менен Талак сүрөсүнүн 4-аятынын Бакара сүрөсүнүн 234-аятынан кийин түшүрүлгөндүгүн айтууга аракет кылган.[9] Башкача айтканда,

[7] Абдулазим Шарафуддин, ***Тарихху ат-Ташриъи аль-Исламий***, Үчүнчү чыгарылыш, Дару аль-Фикри аль-Арабий, 1980, 41-73; Мухаммед Али Сайис, ***Нашьату аль-Фикхи аль-Исламий ва Атваруху***, Египет: 1970, 23.
[8] Мухаммед Абу Захра, ***Усулу аль-Фикх***, Бейрут: Дару аль-Фикри аль-Арабий, 1958, 11.
[9] Абу Захра, ***Усулу аль-Фикх***, 11; Yusuf Kılıç, ***Asrı Saadetten Tabiun Devrinin Sonuna Kadar İslam Hukukunun Prensip ve Kaynakları***, İstanbul: Yarış Matbaası, 1986, 48.

бул жерде анын усулу аль-фикх жаатындагы "насх" жана "тахсис" терминдерин түптөп кеткендигин көрүүгө болот.

Бул доордо ижма жана кыяс да далил катары колдонулган. Муну Аз. Умардын халифа болуп турган учурда, Куфа шаарынын казысы Шурайхка жөнөткөн катынан "ижманын" далил экендигин, ал эми Басра шаарынын казысы Абу Муса аль-Ашаърийге жолдогон катындагы "...قِس - ...салыштыр!"[10] – деген сөзү, ошол доордо дагы "кыястын" кадимки далил катары колдонулгандыгын түшүндүрөт.

Аз. Пайгамбардын (с.а.в.) доорунда колдонулган "Куран", "сүннөт", "ижтихад" сыяктуу терминдер сахабалар доорунда да колдонулган.[11] Ошондой эле сахабалар доорунда жогорудагы, өзгөчө "ижма", "кыяс", "садду аз-зараиъ", "насх", "тахсис" өңдүү жаңы терминдер пайда болуп, бул терминдер кеңири колдонулуп турган.[12]

### 1.3. Таабииндердин доору

Аз. Пайгамбардын (с.а.в.) доорунда болгондой эле, анын акыретке сапар тартышынан кийин да, бир топ сахабалар динди жеткизүү максатында Мединадан чыгып, ар башка шаарларга журт которуп кетишкен. Алардын таалим-тарбиясын алган табиундардын доорунда, негизинен Куфа жана Хижаз укуктук школалары деген эки башка укуктук система пайда болгон. Алардын ар бири өздөрүнүн дүйнө таанымына жараша методологиялык усулдарын түптөшүп, акырында "ахлу аль-хадис" жана "ахлу ар-рай" деген аталышта, атайын укуктук мектептер (система) пайда болгон.[13] Абу Захранын пикирине таянып, эки школанын

---

[10] Мухаммед Хударий, ***Усулу аль-Фикх***, Каир: Дару аль-Хадис, 2008, 6.

[11] Abdulvehhab Hallaf, ***İslam Teşrîi Tarihi***, Çev: Talat Koçyiğit, Ankara: Ankara Üniversitesi Basımevi, 1970, 24.

[12] Ахмад Тимур Баша, ***Назратун Тарихиййатун фи Худуси аль-Мазахиби аль-Арбаъати***, Биринчи чыгарылыш,Бейрут:Дару аль-Кадирий,1990,20-22;Абу Захра, ***Тарихху аль-Мазахиб***,239.

[13] *Абу Захра*, ***Тариху аль-Мазахиб***, 247.



ортосундагы эң негизги айырма – бул ахлу аль-хадистин Куран менен сүннөттү бек тутушу жана ахлу ар-райдын кыяс менен истихсанды кеңири колдонушу деп айтууга болот.[14]

Таабииндер деле сахабалар колдонгон далилдерди жана терминдерди колдонушкан деп айтсак жаңылышпайбыз. Анткени, бул доордо, жогоруда айтылгандай ахлу аль-хадис жана ахлу ар-рай деген мектептер гана түптөлбөсө, андан башка көп деле өзгөрүүлөр болгон эмес. Сахабалар доорунда усулу аль-фикхка тийиштүү терминдер атайын бир китептен орун албагандай эле, таабииндер доорунда деле бул багытта усулу аль-фикх аттуу эмгектер жарык көргөн эмес. Бирок, жогорудагы бардык маалыматтар оозеки түрдө кийинки муунга өткөрүлүп турган.[15]

### 1.4. Мазхаб имамдарынын доору

Жогоруда аты аталган Аз. Пайгамбардын (с.а.в.) доору, сахабалардын доору, таабииндердин доору, жалпы жонунан алып караганда, көпчүлүктүн пикири менен бирдиктүү иш алып барууга (шуурага) таянган. Ал эми мазхаб имамдарынын доорунда болсо, мусулмандардын фикх түшүнүгүнүн объектиси кеңейип, фикхий маселелерде талаш-тартыштар жаралып, хадис риваят кылуу күч алып, ушул эле хадистер фикхка таасирин тийгизген. Өз мазхабын жарнамалоо максатында жалган хадис айтуу күч алып, ааламдын булуң-бурчуна тараган сахабалардын жана таабииндердин өз алдынча дин түшүнүгүн жараткан, акырында динди түшүнүү жана жоромолдоодо эки башка методду карманган ахлу аль-

---

[14] Мухаммед Абу Захра, ***Мухадарат фи аль-Мазахиби аль-Фикхийа***, Равда: Матбаъату аль-Маданий, 42-51; Абу Захра, ***Тариху аль-Мазахиб***, 248-250.

[15] Вахбату аз-Зухайлий, ***аль-Важиз фи Усули аль-Фикх***, Бейрут: Дару аль-Фикр, 1995, 15-17; Абдулазим Шарафуддин, ***Тарихху ат-Ташриъи аль-Исламий***, 120-142.

хадис жана ахлу ар-рай мектептеринин түптөлүшү өнүгүү маселелер пайда болгон.[16]

Бул доордо "арам", "адал", "важиб", "мубах", "фарз", ж.б. атайын терминдер пайда болгон. Ар бир мазхаб өзүнүн методологиясын түптөп, жаңы маселелерге өздөрүнүн перспективасынан анализ жасашып, бир эле маселеде ар башка өкүмдөрдү берип турушкан. Бул доордо талаш-тартышты жараткан актуалдуу маселе катары истихсан далилин айтууга болот. Ал эми бул темага китепчебиздин "Истихсан далили" аттуу теманын астында кененирээк токтолуп кетмекчибиз.

Бул доордо, жогорудагы доорлордон айырмаланып, усулу аль-фикх жаатындагы терминдер, атайын жазылган китептерден орун ала баштаган. Башкача айтканда, бул доордо усулу аль-фикх багытында атайын китептер жазыла баштаган. Кээ бир илимпоздордун пикиринде, бул доордо эң алгач ирет эмгек жазган киши, айтылуу аалым Имам Абу Юсуф болгон. Тилекке каршы, анын эмгеги азыркы күнгө чейин жетип келген эмес.[17] Мына ошондуктан азыркы күнгө чейин жетип келген эң алгачкы усулу аль-фикх китеби Имам Шафиъийге (ө. 204) таандык деп айтылат. Автордун "ар-Рисала" аттуу бул эмгегинде [illegible] "ижмал", "баян", "амр", "нахй", "хасс", "насх", "мансух", "сүннөт", "ижма", "кыяс", "истихсан" аттуу терминдерди көрүүгө болот.[18] Ошондой эле, Coulsonдун пикиринде, Абу Юсуфтун Харун Рашиддин (786-809) доорунда [illegible] болгондугун, "Китабу аль-Хараж" аттуу

---

[16] Абдулкерим Зайдан, *аль-Мадхал ли Дирасати аш-Шаръиййати аль-Исламиййа*, Дамаск 2010, 126-130; Абу Захра, ***Тарихху аль-Мазахиб***, 256. Ахлу ас-[illegible] [illegible] төрт мазхаб тууралуу кеңири маалымат [illegible] *Fıkıh Mezheplerine Giriş*, İstanbul: Rağbet, 1999.

[17] Абдулвахаб Халлаф, ***Ильму Усули аль-Фикх***, Бейрут: Дару аль-Кутуби аль-Ильмиййа, 2010, 13.

[18] [illegible], ***аль-Мадхал ли Мазхаби аль-Имам аш-Шафиъий***, Биринчи чыгарылыш, Иордания: Дару ан-Нафаис, 2003, 243-244.



эмгекти жазгандыгын далил келтирип, ахлу аль-хадис менен ахлу ар-рай мектебинин ортосунда илимий багытта дайыма атаандашуу болуп тургандыгын айтууга болот.[19] Бул эмгекти утурлай, жогоруда аты аталган эки укуктук школада да, атайын усулу аль-фикх эмгектери жарык көрө баштаган.[20]

## 2. УСУЛУ АЛЬ-ФИКХ ЖААТЫНДАГЫ УКУКТУК ШКОЛАЛАР

Усулу аль-фикх жаатындагы методологиялык мектептер жалпы жонунан үчкө бөлүнөт. Алардын ичинен фукаха методу (ахлу ар-рай) маселени мисалдардын негизинде талдоого көп көңүл бурган. Жадагалса реалдуу жашоодо али кездеше элек маселелерди да изилдөөгө аракет жасаган.[21] Башкача айтканда, мантык (логика) илиминдеги жузий маселелерди (масала жузиййа) изилдеп олтуруп, акырында куллий эрежеге (казиййа кулиййа) жетүү методун колдонгон.[22]

Ал эми мутакаллимун (ахлу аль-хадис) методу куллий эреженин негизинде жузий маселелерди талдашкан. Башкача айтканда, фукаха методу маселелерди изилдеп олтуруп, акырында аят-хадиске таянышса, мутакаллимун методунда оболу аят-хадистерге көңүл бурулуп, андан соң гана ар башка фикхий маселелерге орун берилген.[23] Мамзуж методу болсо жогорудагы эки укуктук школанын методун бирдиктүү абалда

---

[19] N. J. Coulson, ***Фи ат-Тарихи ат-Ташриъи аль-Исламий (A History of Islamic Law)***, Биринчи чыгарылыш, Бейрут: аль-Муассаса аль-Жамиъиййа, 1992, 63-64.

[20] Ханафий мазхабынын усулу аль-фикх жана фуруъ аль-фикх жаатындагы эмгектер туурасында кңз: Айитмамат Кариев, "Ханафий мазхабынын фуруъ аль-фикх жана усулу аль-фикх жаатындагы негизги колдонмо адабияттары", Ош мамлекеттик университети Теология факультети илимий журналы, 24/2018, 79-97.

[21] Мухаммед Абу Захра, ***Абу Ханифа: Хаятуху, Асаруху, Арауху, Фикхуху***, Бейрут: Дару аль-Фикри аль-Арабий, 1947, 258-262.

[22] Юсуф Шахт, ***Усулу аль-Фикх***, Бейрут: Дару аль-Кутуби аль-Лубнаний, 1981, 79-80; Абу Захра, ***Тарихху аль-Мазахиб***, 254-262; Ali Bakkal, ***İslam Fıkıh Mezhepleri***, İstanbul: Rağbet Yayınları, İkinci Baskı, 2013,79-94.

[23] Мустафа Ахмад Зарка, ***аль-Мадхалу аль-Фикхиййу аль-Аъам***, Дамаск: Дару аль-калам, 1-т, 186-187; Bakkal, ***İslam Fıkıh Mezhepleri***, 151-159.

колдонгон мектеп болуп саналат. Ошондой эле, бул жааттагы эң негизги усул китептерин мындан кийинки теманын астында айта кетмекчибиз.[24]

### 3. УСУЛУ АЛЬ-ФИКХТАГЫ НЕГИЗГИ АДАБИЯТТАРЫ

#### 3. 1. Фукаханын колдонмо адабияттары

1. Кархий (ө. 340) – "Усулу аль-Кархий"
2. Жассас (ө. 370) – "аль-Фусул фи аль-Усул"
3. Даббусий (ө. 430) – "Таквиму аль-Адилла"
4. Баздавий (ө. ) – "аль-Усул"
5. Сарахсий (ө. 483) – "Усулу ас-Сарахсий"
6. Самаркандий (ө. 533) – "Мийзану аль-Усул фи Натаижи аль-Укул"
7. Абдулазиз аль-Бухарий (ө. 730) – "Кашфу аль-Асрар"
8. Насафий (ө. 710) – "Манару аль-Анвар"
9. Ибн Малак (ө. 885) – "Шарху Манари аль-Анвар"

#### 3.2. Мутакаллимундун колдонмо адабияттары

1. Казы Абдулжаббар (ө. 415) – "аль-Умда"
2. Абулхусайн аль-Басрий (ө. 463) – "аль-Муътамад"
3. Аль-Жувайний (ө. 487) – "аль-Бурхан"
4. Газзалий (ө.505) – "аль-Мустасфа"
5. Фахруддин ар-Разий (ө. 606) – "аль-Махсул"
6. Амидий (ө. 631) – "аль-Ихкам фи Усули аль-Ахкам"

#### 3.3. Мамзуж школасынын колдонмо адабияттары

1. Ибн ас-Саатий (ө. 694) - "Бадиъу ан-Низам"
2. Садру аш-Шариъа (ө. 747) - "Танкиху аль-Усул"
3. Ибн Хумам (ө. 861) - "ат - Тахрир"
4. Молла Хусрав (ө. 885) - "Мирьат"
5. Молла Фанарий (ө. 834) - "Фусулу аль-Бадаиъ"
6. Тажуссубкий (ө. 771) - "Жамъу аль-Жавамиъ"
7. Шатибий (ө. 780) - "ал - Мувафакат"
8. Ибн Каййим (ө. 751) - "Иъламу аль-Мувакиъин"

[24] *Зухайлий, аль-Важиз фи Усули аль-Фикх*, 19-20.



## ЭКИНЧИ БӨЛҮМ
## АСЛИЙ (НЕГИЗГИ) ДАЛИЛДЕР

# 1. КУРАНЫ КАРИМ

## 1.1. Аныктамасы

هُوَ كَلَامُ اللهِ الْمُنَزَّلُ عَلَى سَيِّدِنَا مُحَمَّدٍ (ص) بِاللَّفْظِ الْعَرَبِيِّ الْمَنْقُولُ إِلَيْنَا بِالتَّوَاتُرِ وَالْمَكْتُوبُ فِي الْمَصَاحِفِ الْمَبْدُوءُ بِسُورَةِ الْفَاتِحَةِ وَ الْمَخْتُومُ بِسُورَةِ النَّاسِ[25]

Кураны Карим – Алла Тааланын Аз. Мухаммед (с.а.в.) пайгамбарга араб тилинде түшүргөн, азыркы күнгө чейин мутаватир абалда сакталып келген, атайын мусхафтарга жазылган, Фатиха сүрөсү менен башталган жана Насс сүрөсү менен аяктаган ыйык китеби болуп саналат.

## 1.2. Кураны Карим китебине таандык өзгөчөлүктөр

Кураны Карим китеби мусулман коомчулугунун күнүмдүк жашоосунан орун-очок алган, бүт бардык өкүмдөрдүн эң негизги булагы болуп саналат. Анын ар бир аятынын текстти жана анын мааниси Алла Тааланын сөзү, ошондой эле, китептеги бардык сөздөр арабча экендиги шексиз.

Куран китеби азыркы күнгө чейин таватур жолу аркылуу сакталып келген. Башкача айтканда, ага эч бир пенденин сөзү кошумчаланган эмес. Ошондой эле, андан эч бир тамга дагы чыгарылып салынган эмес. Ал көктөн кандай абалда түшүрүлсө, бүгүнкү күндө да, дал ошондой абалда сакталып келет. Анткени, Куранды сактоону Алла Таала Хижр сүрөсүнүн 9-аятында إِنَّا نَحْنُ نَزَّلْنَا الذِّكْرَ وَإِنَّا لَهُ لَحَافِظُونَ – “Зикрди (Куранды) биз түшүрдүк жана анын корукчусу бизбиз!” – деп, ыйык Куранда баяндап кеткен.[26]

---

[25] Молла Хусрав, ***Мирьату аль-Усул фи Шархи Миркати аль-Вусул***, Стамбул: Ширкати Сахафия Усмания, Хиж. 1321, 16-18;Даббусий, ***Таквиму аль-Адилла***, 20-21.

[26] Кураны Карим китебинин жалпы өзгөчөлүктөрү жөнүндө кененирээк маалыматка ээ болуу үчүн кңз; Хусейин Челик, ***Кураны Карим Китебинин Тарыхы***, Которгон: Айитмамат Кариев, Бишкек: Кыргыз-Түрк “Манас” университети басылмалары, 2018.

### 1.3. Курандын далилдик өңүтү

Курандын далилдик өңүтүн анын башка булактарда кездешпеген тарыхый маалыматтарды камтышынан байкоого болот. Мисалы; Сулайман пайгамбар менен Балхистин икаясы мунун айкын далили болуп эсептелет.[27] Ошону менен бирге, анын кайыптан кабар бериши, илимий ачылыштарга багыт бериши,[28] жогорку даражадагы адабий китеп болушу,[29] Курандын далилдик өңүтүн түшүндүрөт.

### 1.4. Курандын өкүмдөрү

Кураны Каримдагы өкүмдөрдү жалпы жонунан иътикадий өкүмдөр (ибадаттар), адеп-ахлактык (нравалык) өкүмдөр, мамилелерге байланыштуу өкүмдөр (муамалаттар) деген таризде үч категорияга ажыратууга болот.

### 1.5. Аяттардын өкүмдөргө далаалат кылышы

Кураны Каримдин аяттарынын өкүмдөргө далаалат кылышы эки түрдө ишке ашырылат. Биринчиси, аяттын өкүмгө түздөн-түз далили болушу. Башкача айтканда, аятта кандай айтылса дал ошондой таризде кабыл алууга түрткөн жагдай. Мындай абалдагы аяттардын далаалаты усулу аль-фикхта "катъиййу ад-далала" деп аталат.

Буга мисал катары Нур сүрөсүнүн 2-аятын далил келтирүүгө болот. Аятта الزَّانِيَةُ وَالزَّانِي فَاجْلِدُوا كُلَّ وَاحِدٍ مِّنْهُمَا مِائَةَ جَلْدَةٍ деп, зынакор аял жана эркектин камчы менен ар бирин "жүз жолу" уруу маселеси каралган. Бул аяттагы مِائَةَ (100) деген сөз эч бир убакта 99 же 101 деген маанини туюндурбайт. Аяттан

[27] Кураны Карим, Намл сүрөсү, 27-44.

[28] Кураны Карим, Рум сүрөсү, 1-4; Фатх сүрөсү, 27; Рахман сүрөсү, 33; Намл сүрөсү, 18, 39; Саба сүрөсү, 12; Иншикак сүрөсү, 18-20.

[29] Кураны Карим, Исра сүрөсү, 88; Хаакка сүрөсү, 41-43; Юнус сүрөсү, 38.



чыгарылган мына ушул өкүм, жогоруда айтылып өткөндөй, катъиййу ад-далаала деп аталат.[30]

Кураны Каримдагы бир аят ар башка маанини туюндурса, ошону менен бирге маанисинен экөөсүнүн кайсынысы туура экендиги анык болбосо, ар бир мужтахиддин таянган далилинин негизинде чыгарылган өкүм, мындай учурда түздөн-түз маанини эмес, кыйыр маанини билдиргендиги үчүн ага "занниййу ад-далаала" деген ысым берилет.

Буга мисал катары Бакара сүрөсүнүн 228-аятын далил келтиргенибиз орундуу болот. Аятта وَالْمُطَلَّقَاتُ يَتَرَبَّصْنَ بِأَنفُسِهِنَّ ثَلَاثَةَ قُرُوءٍ талак берилген аялдардын үч "куруь" иддат күтүүсү каралган. Эми قُرُوءٍ (куруь) сөзүнө токтоло кетчү болсок, бул сөздүн сөздүк мааниси "топтолуу" жана "чогулуу" деген маанини туюндурат. Башкача айтканда, хайз – "жатында кандын топтолушу" деген маанини билдирсе, тухр – "кишинин тулку-боюнда кандын топтолушу" деген маанини туюндурат. Бул аяттагы قُرُوءٍ (куруь) сөзүнүн эки башка маанини туюндурушу ыктымал болгондугунан маликий, шафиъий, ханбалий мазхабдары аны тухр деп эсептешкен. Ал эми математикалык тактык менен иш алып барган ханафийлер хайз деген маанини беришкен.[31]

### 1.6. Курандын маселени түшүндүрүү ыкмасы

Бул маселени жалпы жонунан үч категорияга бөлүп кароого болот:

1. Алла Таала мактаган, же жакшы көргөн, же ага соопту берерин убадалаган, же кайсыл бир нерсенин аты менен

[30] Абу Аюб Исхак б. Ибрахим аш-Шаший, ***Усулу аш-Шаший***, (Тасхил ва тартиб: Мухаммед Анвар аль-Бадахшаний) Караташий: аль-Мактаба аль-Ханафиййа, Хижрий – 1410, 9.

[31] Мухаммед Али Сайис, ***Тафсиру Аяти аль-Ахкам***, Бейрут: Дару Ибни Касир,2012,1-т,256-257.

касам ичкен, же истикамат (туурулук) сыпаты менен сыпаттаган бардык иштер, негизинен фарз менен мандубдун ортосунан орун алат;

2. Алла Таала аткарбоону талап кылган, же аткаруучусун жек көргөн, же наалат айткан, же аткаруучусун айбанга теңеген, же тозокко таштоого убада берген баардык иштер, жалпы жонунан аткарылууга тыюу салынып, арам менен макрухтун ортосунан орун алат;

3. Алла Таала аткарууга уруксат берген, же күнөө болбостугун кабарлаган, же машакаттуу амалдарды талап кылбоо өңдүү иштердин баары, негизинен аткарууга уруксат берилген иш деп эсептелип, анын өкүмү мубах болуп саналат.[32]

## 2. СҮННӨТ

### 2.1. Аныктамасы

هِيَ كُلُّ مَا صَدَرَ عَنِ الرَّسُولِ (ص) مِنْ قَوْلٍ أَوْ فِعْلٍ أَوْ تَقْرِيرٍ[33]

Сүннөт – бул Аз. Мухаммед (с.а.в.) пайгамбардын аткарган ар бир иш-аракети, айткан кеп-кеңештери, кандайдыр бир ишке макулдук бериши дегенди билдирет.

### 2.2. Түрлөрү

Аз. Пайгамбардын (с.а.в.) сүннөттөрүн үчкө бөлүп кароого болот. Айткан ар бир сөзү, кеп-кеңеши, насаат-керээзи <u>*кавлий сүннөтү*</u> болуп саналат. Кээ бир булактарда мындай сүннөттөр хадис деп аталат. Негизи эле сүннөт менен хадистин кээде синонимдик мааниде колдонулушун да учуратууга болот. Аткарган ар бир кыймыл-аракети болсо <u>*фиълий сүннөтү*</u> деп категорияландырылат. Ал эми кандайдыр бир

[32] *Зухайлий, аль-Важиз фи Усули аль-Фикх*, 34; Закиоддин Щаъбан, ***Усулу аль-Фикхи аль-Исламий***, Стамбул: аль-Мактаба аль-Ханафиййа, 50-53.
[33] Али б. Мухаммед Али аль-Журжаний, ***Китабу ат-Таърифат***, Бейрут: Дару аль-Маърифа, 2007, 114.



ишке макулдук бериши же ыраазычылык көрсөтүшү <u>*такририй сүннөт*</u> деп аталат.[34]

Такририй сүннөт да өз ара <u>*кубануу менен макулдук бериши*</u> жана <u>*жөн гана макулдук бериши*</u> деп экиге бөлүнөт. Мунун мисалы катары, жаш баласынан ажырап, кабырдын башында ыйлап олтурган аялга Аз. Пайгамбардын (с.а.в.) насаат айтышы, аялдын анын сөзүнө кулак салбашы, кийин анын пайгамбар экендигин уккандан соң ага кайрылышы, ага жооп иретинде "Чыныгы сабыр – бул мусыйбат башка келген алгачкы убакта кылынган сабыр!" – деп жооп кайтарышы, башкача айтканда, бул аялдардын кабырды зыярат кылуусуна макулдук көрсөтүшү деген маанини туюндурат.[35]

Ал эми сүйүнүү менен макулдук беришине мисал катары, Усаманын ак түстүү келиши, ал эми атасы Зайддин кара түстүү болушу, ушул себептүү башкалардын аларга тил узатышы, акырында бул маселеге каифтин чекит коюушу, Аз. Пайгамбардын (с.а.в.) бул ишке аябай сүйүнгөндүгү, бул ыкма аркылуу кишинин ата-тегин билүүгө ыраазычылык көрсөтүшү деген маанини туюндурат.[36]

### 2.3. Санад жагынан сүннөттүн ар башка түрлөргө бөлүнүшү

Фукаха методунда хадистер санад жагынан үчкө бөлүнөт. Алардын башында мутаватир хадис келет. Мутаватир хадис – сахаба, таабиин, таба ат-таабиин доорунда жалган айтуусу мүмкүн болбогон, үчтөн көп кишинин айткан риваяты болуп эсептелет. Өз ара лафзий жана манавий деген түрлөргө бөлүнөт. Мындай хадистерден катъиййу ад-далаала жолу

[34] Абдулвахххаб Халлаф, ***Илму усули аль-Фикх***, 30-32.
[35] Аз. Пайгамбардын (с.а.в.) бул өңдүү сүннөттөрү Умму аль-Кура университетинде атайын магистирдик диссертация катары изилдеген. Кененирээк маалымат алуу үчүн кңз; Халид б. Мухаммед б. Абдиллах ас-Сабъий, ***Икрарату ан-Набийй: Дираса Усулия Татбикия аъла аль-Фикхи аль-Исламий***, Жамиату Умми аль-Кура Куллияту аш-Шария Кисму ад-Дирасати аль-Уъля аш-Шаръия, Хиж. 1421.
[36] Щаъбан, ***Усулу аль-Фикхи аль-Исламий***, 57-59.

аркылуу чыгарылган өкүмдөр фарз маанисин билдирип, аны чаңгандар капыр деп эсептелет.[37]

Андан соң экинчи даражадагы машхур хадис турат. Машхур хадис – сахаба доорунда хадис риваят кылган кишилердин саны бир киши менен чектелип, андан кийинки таабиин жана таба ат-таабиин доорунда жалганга жанашпаган, үчтөн көп киши риваят кылган хадистер болуп саналат. Мындай хадистерге таянып берилген өкүмдөр важиб болгондугунан, башкача айтканда, катъийиу ас-субут болбогондугунан аны чаңгандар (капыр эмес) фасык (чоң күнөкөр) болуп эсептелет.[38]

Ал эми эң акыркы категорияда ахад хадис турат. Ахад хадис – бул жогорудагы үч доордун биринде орун алган равилердин эсебинин үчкө жетпей калышы деген маанини туюндурат. Мындай хадистер фикх жаатында кабыл алынганы менен акыйда жаатында кабыл алынбайт.[39]

**2.4. Өкүмдөргө далаалат кылышы**

Жогоруда аты аталган мутаватир хадистердин негизинде берилген өкүмдөр катъийиу ад-далала маанисин билдирет. Башкача айтканда, хадисте кандай айтылса, бир гана ошондой маанини билдирет. Мындай хадистер “жүз пайыз акыйкат” дегенди билдирет жана мындай хадисти чангандар ыймандан чыгат.

Ал эми машхур хадистер болсо, бизге чейин жетип келиши жагынан жүз пайыз ишеничтүү болгону (катъийиу ас-субут) менен, мааниси жүз пайыз акыйкатты түшүндүрбөйт. Башкача айтканда, мааниси 90 пайыз туура, акыйкатка жакын

[37] Махмуд Таххан, ***Тайсиру Мусталахи аль-Хадис***, Рияд: Мактаба аль-Маъариф, 1996, 19-21.

[38] Мухаммед Шамсуддин Валиюддин аль-Фарфур, ***Мухтасару аль-Афкар Аъла Машш аль-Манар***, Дамаск: Дару аль-Фарфур, 2001, 129.

[39] Жамалуддин Абу Мухаммед Аъмр б. Мухаммед б. Аъмр аль-Хаббазий, ***аль-Мугний фи Усули аль-Фикх***, Таххик: Мухаммед Музаффар Бака, 2. Чыгарылыш, Мекке: Жамиуту Умми аль-Кура, 2001, 184-201,227.



болгон “занну галиб”, “тумаьнина” деген маанини билдирет. Мындай хадис менен Курандын осуят жөнүндөгү мутлак аятын “..тараканын (өлгөн кишинин артында калган мал-мүлкү) 1/3 бөлүгүндө гана..” деген чектөө менен такийд, анан дагы ошол эле осуят алуучу балдар деген аъам аяттын ичинен “(Мурасты тезирээк алуу максатында) өз атасын өлтүргөндөр мурас алышпайт!” деп чектөөгө (тахсис кылууга) болот.[40]

Ал эми ахад хадистер болсо, бизге жетип келиши жана маанини туюндурушу жагынан, эч качан жүй пайыз так эмес (занниййу ад-далаала) деген маанини билдирет. Мындай хадистер менен иътикадий (ишеним) маселелерде амал кылынбайт. Ал эми амалий (фикхий) маселелерде болсо амал кылына берет. Анткени, хадистердин көпчүлүк бөлүгү мына ушундай ахад хадис абалында келген.

**2.5. Сүннөттүн Куранга карата аткаруучу функциялары**

Сүннөттүн Куранга карата аткарган функцияларын жалпы жонунан Курандагы өкүмдөрдү тастыктоочу (муаккида), чечмелөөчү (мубаййина), насх кылуучу (насиха), Куранда өкүмү айтылбаган маселелерде жаңы өкүм коюучу (муассиса) деп категорияландырууга болот.

Булардын ичинен муаккида сүннөт өз ара экиге бөлүнөт. Биринчиси, Курандагы өкүмдү бекемдөөчү (мусбита) түрүнө, Ниса сүрөсүнүн 29-аятын يَا أَيُّهَا الَّذِينَ آمَنُوا لَا تَأْكُلُوا أَمْوَالَكُمْ بَيْنَكُمْ بِالْبَاطِلِ إِلَّا أَنْ تَكُونَ تِجَارَةً عَنْ تَرَاضٍ مِنْكُمْ чечмелеген,төмөндөгү لَا يَحِلُّ مَالُ امْرِئٍ مُسْلِمٍ إِلَّا بِطِيبِ نَفْسٍ مِنْهُ[41] аттуу хадисти мисал келтирүүгө болот.

Андан соң ушул эле муаккида сүннөттүн экинчи түрү болгон мукаррира түрүнө, Ниса сүрөсүнүн 19-аятын وَعَاشِرُوهُنَّ

[40] Щаъбан, ***Усулу аль-Фикхи аль-Исламий***, 62.

[41] Ахмад б. Али б. Хажар аль-Аскалаший, ***Булугу аль-Марам мин Жамъи Адиллати аль-Ахкам***, Каир: Дару аль-Хадис, 2003, 150. Хадистин котормосу: “Бир мусулмандын мал-мүлкү, башка мусулманга, анын ыраазычылыгы менен гана адал болот”.

بِالْمَعْرُوفِ чечмелеген, төмөнкү اتَّقُوا اللهَ فِي النِّسَاءِ فَإِنَّهُنَّ عَوَانٌ عِنْدَكُمْ أَخَذْتُمُوهُنَّ بِأَمَانَةِ مِنَ اللهِ[42] аттуу хадисти далил келтирүүгө болот. Анткени, бул хадистер, жогорудагы эки аяттын өкүмүн тастыктаган жана бекемдеген хадистер болуп эсептелет.

Курандагы аяттарды чечмелеген сүннөттүн түрүнө кыскача токтолуп кеткенибиз орундуу болот. Сүннөттүн бул түрү өз ара төрт түргө бөлүнөт. Биринчиси, وَأَقِيمُوا الصَّلٰوةَ деген мужмал аятты чечмелеген[43] صَلُّوا كَمَا رَأَيْتُمُونِي أُصَلِّي (муфассира) түрү болуп эсептелет. Экинчиси, Ниса сүрөсүнүн 11-аятында يُوصِيكُمُ اللهُ فِي أَوْلَادِكُمْ لِلذَّكَرِ مِثْلُ حَظِّ الْأُنْثَيَيْنِ деп айтылган. Ал эми аъам болгон бул аят, жаза катары атасын өлтүргөн кишинин мурастан кур калышы менен чектелген. Башкача айтканда, жогорудагы айтка لَا يَرِثُ الْقَاتِلُ аттуу хадис менен, өз атасын өлтүрбөгөндөр гана мурас алат деген чектөө киргизилген.[44]

Андан кийинки, Курандын аяттарын чечмелеген сүннөттүн дагы бир түрү – бул мушкил аяттарды чечмелеген сүннөттөр болуп эсептелет. Ага мисал катары Бакара сүрөсүнүн 187-аятын далил келтирүүгө болот. Аятта كُلُوا وَاشْرَبُوا حَتَّى يَتَبَيَّنَ لَكُمُ الْخَيْطُ الْأَبْيَضُ مِنَ الْخَيْطِ الْأَسْوَدِ деп айтылып, бул маселе башта

[42] Шабан, ***Усулу аль-Фикхи аль-Исламий***, 79. Хадистин котормосу: "Аялдарга жасаган мамиледе Алланы эстен чыгарбагыла! Анткени, алар үзүлгөндү улаган, жыртылганды бүтөгөн, силердин тең жарымыңар. Аларды Алланын аманаты катары алгандыгыңарды унутпагыла!"

[43] Зухайлий, ***аль-Ваджиз фи Усули аль-Фикх***, 178; Халлаф, ***Ильму Усули аль-Фикх***, 136-137. Хадистин котормосу: "Мени кандай абалда намаз окугандыгымды көрсөңөр, силер да дал ошондой тартипте намаз окугула".

[44] Кишинин мурас алууга укуктуу болгон жана мурас алуу укугунан ажыраган жагдайларды билүү максатында кңз, Osman Zümrüt, ***İslam Hukukunda Miras Engellerinden Öldürme (Katl) Suçu ve Sonuçları***, Ankara& Yalçınemel Yayınevi, 1989, 25-60. Хадистин котормосу: "Атасын өлтүргөн мураскор, мурастан эч бир үлүш албайт".



бир топ сахабалардын туура эмес түшүнүккө кириптер болуусуна жол ачкан.

Андан соң, Аз. Пайгамбар (с.а.в.) бул аяттагы ак жана кара жиптин кыйыр мааниде колдонулгандыгын, бул сөздөрдүн маани-маңызы күн менен түн экендигин чечмелеп кеткен. Кээ бир риваяттарда аятты толуктоо иретинде бираз убактан кийин مِنَ الْفَجْرِ[45] деген аяттын өзүн-өзү чечмелеген бөлүкчөсү түшүрүлгөндүгү айтылат.

Куран аяттарын чечмелеген муфассира сүннөттүн акыркы түрү – бул мутлак аятка чектөө киргизүүчү сүннөт болуп эсептелет. Буга мисал катары, Маида сүрөсүнүн 38-аятын وَالسَّارِقُ وَالسَّارِقَةُ فَاقْطَعُوا أَيْدِيَهُمَا чечмелеген, Аз. Пайгамбарыбыздын (с.а.в.) уурунун колун билектен кесилишин практикалык түрдө көрсөтүшүн[46] далил келтирүүгө болот.

Аяттарды насх кылуучу сүннөттүн түрүнө Бакара сүрөсүнүн 180-аятындагы كُتِبَ عَلَيْكُمْ إِذَا حَضَرَ أَحَدَكُمُ الْمَوْتُ إِنْ تَرَكَ خَيْرًا الْوَصِيَّةُ деген осуят (васият) маселесине чекит койгон, байшкача айтканда, мураскордун осуят кылынган мал-мүлктөн алууга укуктуу эмес экендигин баяндаган لَا وَصِيَّةَ لِلْوَارِثِ[47] хадисин далил келтирүүгө болот.

Сүннөттүн Куранга карата аткаруучу функцияларынын эң акыркы түрү – бул Куранда эч бир өкүмү айтылбаган бир маселеде сүннөт менен өкүм берилиши. Анткени, Куранда Аз. Пайгамбардын (с.а.в.) мындай ишке укуктуу экендиги айкын баяндалган.[48] Мына ушул укугуна таянып берген жаңы

[45] Абдуллах б. Ахмад б. Махмуд ан-Насафий, ***Тафсиру ан-Насафий***, Бейрут: Дару аль-Маърифа, 2008, 99.

[46] Мухаммед Сулайман Абдуллах аль-Ашкар, ***аль-Вадих фи Усули аль-Фикх***, Иордания: Дару ан-Нафаис, 2004, 96-97.

[47] Шабан, ***Усулу аль-Фикхи аль-Исламий***, 81. Хадистин котормосу: "Мураскордун осуят кылынган мал-мүлктөн алууга укугу жок".

[48] Кураны Карим, Хашр сүрөсү, 7.

иштерине мисал катары, артында мурас таштап кеткен өлүктүн өз апасы жок болсо, анда чоң энесине 1/6 өлчөмүндө мурас берилишин,[49] момун-мусулман эркектерге алтын тагынуу жана жибек кийим кийүүнүн арам кылынышын,[50] Хайбар согушунда эшек эттеринин арам кылынышын[51] далил катары айтууга болот.

**2.6.Сүннөттүн далил экендигин билдирген далилдер**

Сүннөттүн далил катары колдонууга жарактуу экендигин чанган эч бир мусулман жок. Мына ошондуктан, әлегенде, мусулман болбогон адамдарга жооп иретинде, жаңыдан унаа айдап жаткан үйрөнчүккө жол эрежелери китепчесин практикалык түрдө көрсөтүп түшүндүрүү канчалык маанилүү болсо, ыйык Куранды түшүнүүдө да, сүннөттүн орду мына ушунчалык маанилүү. Ал эми бул маселе Кураны Каримдин Ниса сүрөсүнүн 59-аятында يَا أَيُّهَا الَّذِينَ آمَنُوا أَطِيعُوا اللَّهَ وَأَطِيعُوا الرَّسُولَ وَأُولِي الْأَمْرِ مِنْكُمْ فَإِنْ تَنَازَعْتُمْ فِي شَيْءٍ فَرُدُّوهُ إِلَى اللَّهِ وَالرَّسُولِ إِنْ كُنْتُمْ تُؤْمِنُونَ بِاللَّهِ وَالْيَوْمِ الْآخِرِ ذَلِكَ خَيْرٌ وَأَحْسَنُ تَأْوِيلًا деген таризде, кандайдыр бир маселени чече албай калчу болсоңор, анда Курандан жана сүннөттөн жооп издегиле деп баяндалган.

Ошондой эле, сүннөттүн далил катары кабыл алынышында, бардык сахабалар ижма кылышкан. Башкача айтканда, алардын баары бир оozдон сүннөттүн далилдигин кабылдашкан. Эгерде, сүннөт далил катары колдонууга жараксыз болчу болсо, анда сахабалардын баары бир пикирге келишпесе керек эле!?

Буга далил катары, Аз. Пайгамбардын (с.а.в.) Муаз б. Жабалды Йеменге казы катары жөнөтүп жатканда, ага узаткан суроосуна "Аз. Пайгамбардын (с.а.в.) сүннөтү менен өкүм

---

[49] *аль-Ашкар, аль-Вадих фи Усули аль-Фикх*, 93.
[50] *Мунзирий, Мухтасару Сахихи Муслим*, 410.
[51] *Мунзирий, Мухтасару Сахихи Муслим*, 400-401.



берем!",[52] – деп жооп кайтарышы, сахабалардын бардыгы бул ишке күбө болушуп, сүннөттүн далил катары колдонулушуна наразычылык көрсөтпөшү,[53] алардын сүннөттүн далил катары колдонулушунда ижма кылгандыгын кабарлайт.

**2.7. Ханафийлердин ахад хадистерди кабыл алуу критерийлери**

Бул туурасында ханафийлер негизинен үч шартты талап кылышат. Аларды равинин өзүнүн риваятына карама-каршы иш аткарбашы, ахад хадистин умуму балвага каршы келбеши, рияттын Ислам дининин негизги принциптерине каршы келбеши деп корутундулоого болот.[54] Башкача айтканда, ахад хадисти риваят кылган равинин айткан сөзү менен аткарган иш аракеттери бир болушу зарыл.

Аз. Абу Хурайрадан келген риваятта ит башын салган идиш-аякты жети жолу жууш керектиги айтылган. Бирок өзү үч жолу гана жууш менен чектелген. Ханафийлер бул жерде Абу Хурайранын сөзүн эмес, анын амалын негиз алышкан. Анткени ханафийлер жети жолу жууш маселеси кийинчерек хадис менен насх кылынышы ыктымал деген пикирди карманышат.[55]

Ошондой эле, экинчи критерий – бул ахад хадистин уъмуму балвага карама-каршы келбеши керек деген критерий. Башкача айтканда, көпчүлүк адамдардын (эч бири) билбей калышы мүмкүн болбогон маселе болбошу зарыл. Буга мисал катары Абдуллах б. Умардан келген ахад хадисти далил келтирүүгө болот. Ал хадисте, Аз. Пайгамбардын (с.а.в.)

---

[52] Алауддин Абдулазиз Ахмад аль-Бухарий, ***Кашфу аль-Асрар аън Усули Фахри аль-Ислам аль-Баздавий***, Бейрут: Дару аль-Кутуби аль-Иълмиййа, 1997, 3-т, 410-411.
[53] Ахмад аль-Бухарий, ***Кашфу аль-Асрар аън Усули Фахри аль-Ислам аль-Баздавий***, 3-т, 410-411.
[54] Мехмет Эрдем – Саффет Көсе, ***Ислам Укугуна Киришүү***, Биринчи чыгарылыш, котор: Айитмамат Кариев, Бишкек: Кыргыз-Түрк "Манас" университети басылмалары, 2018, 65.
[55] Щабан, ***Усулу аль-Фикхи аль-Исламий***, 70.

намазда кулак какканда, колдорун көкүрөгүнө дейре гана көтөрүп, андан соң такбир алышы каралган. Бул ахад хадисти ханафийлер кабыл алышпайт. Анткени Абдуллах б. Умардан башка эч бир сахаба Аз. Пайгамбардын (с.а.в.) мындай тариздe намаз окугандыгына күбө болгон эмес.[56]

Эң акыркы критерий – бул ахад хадистин Ислам динин негизги принциптери менен карама-каршы келбеши керек деген критерий. Буга мисал катары Абу Хурайранын саан малдын сүтүн саабай туруп, эмчегин сүткө толтуруп, андан соң сатуу маселесин далил келтирүүгө болот. Анткени ал мындай жагдайда алармандын сүттү саап алгандан соң, кааласа уйду алып каларын, же сатарманга кайтарып берүүгө укуктуу экендигин айткан. Кайтарып берчү болсо, саап алган сүтүнүн ордуна бир саъ курма берүүсү шарт деп айткан. Анын бул сөзү Аз. Пайгамбардын (с.а.в.) “Төлөп берүү – мислий мал-мүлктө мислий жана киямий мал-мүлктө киямий нерселер менен ана төлөнөт” деген хадисине карама-каршы келип [illegible] Башкача айтканда, саап алынган сүттүн ордуна курма [illegible] Мына ошондуктан, ханафийлер мындай [illegible] жогорудагы негизги принципти карманышат, ага [illegible] келген ахад хадис менен амал кылышпайт.

[illegible] бир усул китептеринде, жогорудагы критерийлер [illegible] башка критерийлер да талап кылынгандыгы [illegible] Алардын, кыскача равинин мусулман болушу, [illegible] болушу, психикалык жактан [illegible] жолу аркылуу жетип келиши, равинин [illegible] равилерге карама-каршы келчү

[56] [illegible] Мухаммад ал-Амин аш-Шинкитий, “ат-Тарджих фи Ахбари [illegible] Умми аль-Кура ли Улуми аш-[illegible] 16-т, 362-425; Зухайлий, [illegible]



хадисти риваят кылбашы, хадистин калетсиз болушу деп корутундулоого болот.[57]

### 2.8. Аз. Пайгамбардын (с.а.в.) кыймыл-аракеттери

Аз. Пайгамбардын (с.а.в.) кыймыл-аракеттик бардык иш-аракеттерин негизинен үч түргө бөлүп кароого болот:

1. Тахажжуд намазынын ага фарз кылынышын жана (аяттын негизинде) төрттөн көп аял менен үйлөнүшүн алып көрөлү. Бул иштер бир гана анын өзүнө таандык. Андан башка эч бир мусулмандын төрттөн көп аял менен үйлөнүүгө укугу жок.[58]
2. Кийимин оң жагынан кийиши жана сакал коюшу сыяктуу, жекече киши катары аткарган иш аракеттерин аткарууда, ар бир мусулман ыктыярдуу. Анкени, ижтихадий маселелерде Алла Таала өз элчисине кайрылып, Алу Имран сүрөсүнүн 159-аятында “Алар менен кеңешкин..!” – деп айтышы, чындыгында, жөн жайынан болбосо керек. Башкача айтканда, киши кыяматта анын шапаатынан үмүттөнүп, анын жолун жолдоп, мындай сүннөттү аткарган болсо соop табат, аткарбай койсо жоопко тартылбайт.[59]
3. Куранда өкүмү болбогон маселелерде койгон өкүмдөрү жалпы мусулмандар тарабынан аткарылууга тийиш. Сүннөттүн мындай түрү шарияттык мааниге ээ. Бул маселе, өзүнчө бир китеп абалында, белгилүү аалым Мехмет Эрдоган тарабынан “Вахий менен акылды таразалаган сүннөт” деген аталыштагы, атайын эмгекте

[57] Ибрахим аш-Шаший, ***Усулу аш-Шаший***, 146-147.
[58] Кураны Карим, Ахзаб сүрөсү, 50.
[59] Юсуф Шахт, ***Усулу аль-Фикх***, 53-54; Ошондой эле бул темада кңз: Мазин Исмаил Ханя, “ат-Таьассий би аль-Афаьали аль-Жибилиййати ли ан-Набийй”, Мажалату Жамиати аль-Исламиййа, 2005 (январь), 45/64, 45-64.

терең изилденип, көлөмдүү китеп болуп, басылып чыккан.[60]

## 3. ИЖМА

### 3.1. Аныктамасы

هُوَ إِتِّفَاقُ الْمُجْتَهِدِينَ مِنْ أُمَّةِ مُحَمَّدٍ (ص) فِي عَصْرٍ مِنَ الْعُصُورِ بَعْدَ وَفَاتِهِ عَلَى حُكْمٍ شَرْعِيٍّ[61]

Ижма – бул Аз. Пайгамбардын (с.а.в.) өлүмүнөн кийин (анын үммөтүнөн болгон) мужтахиддердин кандайдыр бир шарий өкүмдө бир пикирге келиши дегенди билдирет.

### 3.2. Рүкүндөрү

Ижманын ишке ашуусу үчүн талап кылынган шарттарды мындайча түшүндүрүүгө болот. Ижма кылынуучу маселе шарий маселе болууга тийиш. Ошондой эле, ижма, Аз. Пайгамбар (с.а.в.) кайтыш болгондон кийин гана ишке ашырылышы зарыл. Анткени, ал тирүү турган кезде, баардык өкүмдү өзү буйруп, өзү өкүм чыгарып турган. Ижма ишине катышуучу мужтахиддердин баары ошол маселе боюнча өз пикирин ачык түрдө билдириши керек. Эгерде, алардын бирөөсү наразы болгон болсо, анда ижма ишке ашпай калат.[62] Мындай жагдайда, ал мужтахиддин наразычылыгына далаалат кылган сөзү, же каты, же кыймыл-аракети болушу зарыл. Ижма кылына турган маселеге катышуучу мужтахиддердин адилеттүү болуусу шарт. Ошондой эле, ижма

[60] Халлаф, ***Илму Усули аль-Фикх***, 32-33. Бул темада терең маалымат үчүн атайын ушул теманын негизинде изилдөө жүргүзүлгөн төмөнкү эмгекке кыз; Mehmet Erdoğan, ***Vahiy-Akıl Dengesi Açısından Sünnet***, Üçüncü Baskı, İstanbul: M.Ü. İlahiyat Vakfı Yayınları, 2009.

[61] Абу Бакр аль-Жассас, ***аль-Ижма***, Тахкик: Захир Шафик Куббий, Бейрут: Дару аль-Мунтахаби аль-Арабий, 1993, 49; Абдулкарим Зайдан, ***аль-Важиз фи Усули аль-Фикх***, Бейрут: Муассасату Куртаба, 1987, 179.

[62] Абу Бакр аль-Жассас, ***аль-Ижма***, 186; Ижманын аткарылышы үчүн талап кылынган шарттар ж.б. темалар боюнча атайын илимий изилдөөлөр үчүн кыз; Али Абдурразик, ***аль-Ижма фи аш-Шариати аль-Исламиййа***, Египет: Дару аль-Фикри аль-Арабий, 1947.



кылынып жаткан маселе кандайдыр бир насска, же кыяска, же маслахатка таяндырылышы зарыл.[63]

### 3.3. Ижманын далил экендигин билдирген далилдер

Ижманын далил катары колдонууга жарактуу экендигин билдирген аяттар бар. Алардын ичинен Юнус сүрөсүнүн 71-аятында فَأَجْمِعُوا أَمْرَكُمْ وَشُرَكَاءَكُمْ деп айтылса, Ниса сүрөсүнүн 115-аятында وَمَنْ يُشَاقِقِ الرَّسُولَ مِنْ بَعْدِ مَا تَبَيَّنَ لَهُ الْهُدَى وَيَتَّبِعْ غَيْرَ سَبِيلِ الْمُؤْمِنِينَ نُوَلِّهِ مَا تَوَلَّى وَنُصْلِهِ جَهَنَّمَ وَسَاءَتْ مَصِيرًا деген таризде, ижма жалпы мусулмандардын биримдиги катары баяндалып, бул жолдон ким баш тартчу болсо, анда адашууга учурашы баяндалган. Муну менен катар, мусулмандардын бөлүнүп жарылууга жол бербестен, биримдикке келишин баяндаган Алу Имран сүрөсүнүн 103-аятындай وَاعْتَصِمُوا بِحَبْلِ اللَّهِ جَمِيعًا وَلَا تَفَرَّقُوا дагы башка аяттар да жок эмес.

Ижманы далил катары колдонууга түрткөн экинчи бир фактор катары, Аз. Пайгамбардын (с.а.в.) لَا تَجْمَعُ أُمَّتِي عَلَى الْخَطَإِ анан дагы سَأَلْتُ اللهَ أَنْ لَا يَجْمَعَ أُمَّتِي عَلَى الضَّلَالَةِ فَأَعْطَانِيهِ, ошондой эле, لَا تَزَالُ طَائِفَةٌ مِنْ أُمَّتِي عَلَى الْحَقِّ حَتَّى يَأْتِيَ أَمْرُ اللهِ деген хадистерин далил келтирүүгө болот.[64] Анткени, ижманын жөндөн-жөн ишке ашпастыгын, ошондой эле, ижманын жалпы мусулман коомчулугунун бир пикирге келиши катары баалаган Аз. Пайгамбардын (с.а.в.) кепилдиги, чындыгында, ижманын далил катары колдонулууга жарактуулугун түшүндүрөт.

[63] Санауллах аз-Захидий, ***Талхису аль-Усул***, Кувейт: Маншурату Маркази аль-Махтутати ва ат-Тураси ва аль-Васаик,1994, 37; Халлаф, ***Илму Усули аль-Фикх***, 34-35.

[64] Абу Бакр аль-Жассас, ***аль-Ижма***, 62-63; Зухайлий, ***аль-Важиз фи Усули аль-Фикх***, 52; Щаъбан, ***Усулу аль-Фикхи аль-Исламий***, 94. Хадистердин котормосу: 1-"Менин үммөтүм ижмада эч кандай катачылыкка жол бербейт"; 2-"Алла Тааладан үммөтүмдүн туура эмес иште (далаалат) бир пикирге келбестигин сурандым. Алла Таала менин бул дубамды кабыл кылды"; 3-"Үммөтүмдүн бир бөлүгү кыяматка дейре акыйкаттан тайбайт".

терең изилденип, көлөмдүү китеп болуп, басылып чыккан.[60]

## 3. ИЖМА

### 3.1. Аныктамасы

هُوَ إِتِّفَاقُ الْمُجْتَهِدِينَ مِنْ أُمَّةِ مُحَمَّدٍ (ص) فِي عَصْرٍ مِنَ الْعُصُورِ بَعْدَ وَفَاتِهِ عَلَى حُكْمٍ شَرْعِيٍّ[61]

Ижма – бул Аз. Пайгамбардын (с.а.в.) өлүмүнөн кийин (анын үммөтүнөн болгон) мужтахиддердин кандайдыр бир шарий өкүмдө бир пикирге келиши дегенди билдирет.

### 3.2. Рүкүндөрү

Ижманын ишке ашуусу үчүн талап кылынган шарттарды мындайча түшүндүрүүгө болот. Ижма кылынуучу маселе шарий маселе болууга тийиш. Ошондой эле, ижма, Аз. Пайгамбар (с.а.в.) кайтыш болгондон кийин гана ишке ашырылышы зарыл. Анткени, ал тирүү турган кезде, баардык өкүмдү өзү буйруп, өзү өкүм чыгарып турган. Ижма ишине катышуучу мужтахиддердин баары ошол маселе боюнча өз пикирин ачык түрдө билдириши керек. Эгерде, алардын бирөөсү наразы болгон болсо, анда ижма ишке ашпай калат.[62] Мындай жагдайда, ал мужтахиддин наразычылыгына далаалат кылган сөзү, же каты, же кыймыл-аракети болушу зарыл. Ижма кылына турган маселеге катышуучу мужтахиддердин адилеттүү болуусу шарт. Ошондой эле, ижма

[60] Халлаф, ***Ильму Усули аль-Фикх***, 32-33. Бул темада терең маалымат үчүн атайын ушул теманын негизинде изилдөө жүргүзүлгөн төмөнкү эмгекке кңз; Mehmet Erdoğan, ***Vahiy-Akıl Dengesi Açısından Sünnet***, Üçüncü Baskı, İstanbul: M.Ü. İlahiyat Vakfı Yayınları, 2009.

[61] Абу Бакр аль-Жассас, ***аль-Ижма***, Тахкик: Захир Шафик Куббий, Бейрут: Дару аль-Мунтахаби аль-Арабий, 1993, 49; Абдулкарим Зайдан, ***аль-Важиз фи Усули аль-Фикх***, Бейрут: Муассасату Куртаба, 1987, 179.

[62] Абу Бакр аль-Жассас, ***аль-Ижма***, 186; Ижманын аткарылышы үчүн талап кылынган шарттар ж.б. темалар боюнча атайын илимий изилдөөлөр үчүн кңз; Али Абдурразик, ***аль-Ижма фи аш-Шариати аль-Исламиййа***, Египет: Дару аль-Фикри аль-Арабий, 1947.



кылынып жаткан маселе кандайдыр бир насска, же кыяска, же маслахатка таяндырылышы зарыл.[63]

### 3.3. Ижманын далил экендигин билдирген далилдер

Ижманын далил катары колдонууга жарактуу экендигин билдирген аяттар бар. Алардын ичинен Юнус сүрөсүнүн 71-аятында فَأَجْمِعُوا أَمْرَكُمْ وَشُرَكَاءَكُمْ деп айтылса, Ниса сүрөсүнүн 115-аятында وَمَنْ يُشَاقِقِ الرَّسُولَ مِنْ بَعْدِ مَا تَبَيَّنَ لَهُ الْهُدَى وَيَتَّبِعْ غَيْرَ سَبِيلِ الْمُؤْمِنِينَ نُوَلِّهِ مَا تَوَلَّى وَنُصْلِهِ جَهَنَّمَ وَسَاءَتْ مَصِيرًا деген тариздe, ижма жалпы мусулмандардын биримдиги катары баяндалып, бул жолдон ким баш тартчу болсо, анда адашууга учурашы баяндалган. Муну менен катар, мусулмандардын бөлүнүп жарылууга жол бербестен, биримдикке келишин баяндаган Алу Имран сүрөсүнүн 103-аятындай وَاعْتَصِمُوا بِحَبْلِ اللَّهِ جَمِيعًا وَلَا تَفَرَّقُوا дагы башка аяттар да жок эмес.

Ижманы далил катары колдонууга түрткөн экинчи бир фактор катары, Аз. Пайгамбардын (с.а.в.) لَا تَجْتَمِعُ أُمَّتِي عَلَى الْخَطَءِ анан дагы سَأَلْتُ اللهَ أَنْ لَا يَجْمَعَ أُمَّتِي عَلَى الضَّلَالَةِ فَأَعْطَانِيهِ, ошондой эле, لَا تَزَالُ طَائِفَةٌ مِنْ أُمَّتِي عَلَى الْحَقِّ حَتَّى يَأْتِيَ أَمْرُ اللهِ деген хадистерин далил келтирүүгө болот.[64] Анткени, ижманын жөндөн-жөн ишке ашпастыгын, ошондой эле, ижманын жалпы мусулман коомчулугунун бир пикирге келиши катары баалаган Аз. Пайгамбардын (с.а.в.) кепилдиги, чындыгында, ижманын далил катары колдонулууга жарактуулугун түшүндүрөт.

[63] Санауллах аз-Захидий, ***Талхису аль-Усул***, Кувейт: Маншурату Маркази аль-Махтутати ва ат-Тураси ва аль-Васаик,1994, 37; Халлаф, ***Ильму Усули аль-Фикх***, 34-35.

[64] Абу Бакр аль-Жассас, ***аль-Ижма***, 62-63; Зухайлий, ***аль-Важиз фи Усули аль-Фикх***, 52; Щаъбан, ***Усулу аль-Фикхи аль-Исламий***, 94. Хадистердин котормосу: 1-"Менин үммөтүм ижмада эч кандай катачылыкка жол бербейт"; 2-"Алла Тааладан үммөтүмдүн туура эмес иште (далаалат) бир пикирге келбестигин сурандым. Алла Таала менин бул дубамды кабыл кылды"; 3-"Үммөтүмдүн бир бөлүгү кыяматка дейре акыйкаттан тайбайт".

Ижманын катъий далил экендигине атактуу усулчулардан Жассас, Даббусий, Жувайний, Амидий, Ибн Кудама, Ибн Лаххам ж.б. өздөрүнүн эмгектеринде токтолуп кетишкен.[65]

Ижманын далил катары колдонулууга жарактуулугун кабыл алууга түрткөн акыркы фактор – бул кишинин акылы. Анткени, акылы тетик ар бир киши, жалпы коомчулук бир пикирге келген маселе туура эмес деп сыпатталса да, ал маселенин акыйкаттуулугун жоготпошун түшүнөт. Тагыраак айтканда, жалпы коомчулуктун баарынын акылы кем болбосо керек?!

### 3.4. Ижманын түрлөрү

Ижма "сарих", "сукутий", "умумий", "хусусий", "кавлий", "фиълий", "мураккаб" деген түрлөргө бөлүнөт:

#### 3.4.1. Сарих жана сукутий ижма

Сарих ижма – бардык мужтахиддердин бир ооздон макулдук бериши деген маанини туюндурса, сукутий ижма – алардын арасынан кээ бир мужтахиддердин каршы пикирди колдобостон туруп, негизги пикирге каршы чыкпастан, үн катпастан, макулдук берген ижма дегенди билдирет. Мындай ижма менен берилген өкүмдөр менен амал кылуу милдеттүү жана ага каршы чыгууга болбойт.[66]

#### 3.4.2. Умумий жана хусусий ижма

Умумий ижма – жалпы мусулмандарга тийиштүү маселелерде ишке ашырылса, хусусий ижма – бул кайсы бир мамлекетте, же аймакта, же кыштакта жашаган мусулмандарга гана таандык ижма дегенди билдирет. Жассастын пикири боюнча мындай тариздеги ижма, бир гана мединалыктардын ижмасы деген маанини туюндурбайт, ар бир коом өз алдынча

[65] Абу Бакр аль-Жассас, ***аль-Ижма***, 53.
[66] Зайдан, ***аль-Важиз фи Усули аль-Фикх***, 183-184; Ali Pekcan, ***Klasik İslam Düşüncesinde İcma Doktrini***, Konya: Yediveren, 2007, 77-84.



кандайдыр бир иште ижма кылууга укуктуу.[67] Башкача айтканда, арабдардын же бангладештиктердин үрп-адатына негизделген ижманын, дүйнө таанымы таптакыр башка болгон кыргыз элине тануулан ышы туура эмес. Бул сөзүм менен теңирчилилердин дин түшүнүгүн эмес, кылымдар бою Ислам динин өзүнүн мусулмандык каада-салтына, үрп-адатына, диний жөрөлгөлөргө ылайыктап, адам укугун жогору баалап, кишини аздектеп келген бабалардын дин түшүнүгүн айткым келди.

#### 3.4.3. Амалий жана кавлий ижма

Ошондой эле бардык мусулмандар аткарып жүргөн иштер – бул амалий ижма, ал эми бардык мусулмандар бирдей мааниде түшүнгөн сөздөр – бул кавлий ижма деген маанини билдирет.

#### 3.4.4. Мураккаб ижма

Мураккаб ижма – бул кандайдыр бир маселеде мужтахиддердин ортосунда пикир келишпестик жаралып, ишке ашпай калган жана убакыттын өтүшү менен маселе жаңыдан каралып башталса, анда ал ижма – мураккаб ижма деп аталат. Ал эми ишке ашпай калган ижманы кайрадан карап чыгуу маселесинде аалымдар үч пикирди карманышат. Биринчиси, ошол маселеде ижманын ишке ашпай калышы. Бул деген ошол маселе туурасында ижма кылынбастыгына ижма кылынды деген маанини туюндурат. Мындай жагдайда, жаңы пикирди ортого таштоо, мурдагы ижмага карама-каршы келет. Экинчиси, маселе кайрадан каралып, акырында жаңы пикир айтууга болот. Анткени, мужтахиддер мурдагы маселеде бир пикирде эмес болчу. Үчүнчүсү, кээ бир маселелерде гана жаңы пикирлерди көтөрүп чыгууга, ижма кылууга уруксат берилет деп айтылат.[68]

[67] Абу Бакр аль-Жассас, ***аль-Ижма***, 194.
[68] Хаббазий, ***аль-Мугний фи Усули аль-Фикх***, 279-283; Ali Pekcan, ***Klasik İslam Düşüncesinde İcma Doktrini***, 85.

### 3.5. Азыркы күндө ижманы ишке ашыруунун мүмкүнчүлүгү

Ислам дини эң акыркы дин жана бардык маселелерге жоп берүүсү шарт. Мына ошондуктан, илгертен бери улантылып келе жаткан ижма ишин, азыркы күндө деле ишке ашырууга болот. Муну ар бир мамлекеттен мужтахиддерди тактоо, алдын ала аларга темага тийиштүү маалыматтарды жөнөтүү, аларды чакыртуу, атайын жыйындарды өткөрүп маселени талкуулоо, жыйындын соңунда маселе тууралуу мыйзам (карар-чечим) кабыл алуу таризинде ишке ашыруу мүмкүнчүлүгү жок эмес. Бул иш азыркы күндө Жидда шаарында "Ислам укугу курултайы" деген аталыш менен уюштуруп келет.

## 4. КЫЯС

### 4.1. Аныктамасы

هُوَ إِلْحَاقُ أَمْرٍ غَيْرِ مَنْصُوصٍ عَلَى حُكْمِهِ الشَّرْعِيِّ بِأَمْرٍ مَنْصُوصٍ عَلَى حُكْمِهِ لِإشْتِرَاكِهِمَا فِي عِلَّةِ الْحُكْمِ[69]

Кыяс – бул эч кандай шарий өкүмгө негизделбеген бир маселени, иллаты окшош болгондугунан, насс менен өкүмү бекитилген маселе менен салыштыруу жолу аркылуу өкүм берүү дегенди түюндурат.

### 4.2. Рүкүндөрү

Кыястын рүкүндөрү "асл", "фаръ", "иллат", "хукм" деген түрлөргө бөлүнөт. Бул тууурасындагы мазхабдардын ортосундагы талаш-тартыштарга Имам Сарахсийдин Усулунда кеңири орун берилген.[70] Асл – бул насс менен

69 Зайдан, ***аль-Ваджиз фи Усули аль-Фикх***, 194; Упуга жакын манидеги башка аныктама үчүн кңз; Абдулхаким Абдуррахман Асъад ас-Саъдий, ***Мабахису аль-Иълла фи аль-Кыяс иънда аль-Усулиййин***, Экинчи чыгарылыш, Бейрут: Дару аль-Башаири аль-Исламиййа, 2000, 25.

70 Абу Бакр Мухаммад б. Ахмад б. Абу Сахл ас-Сарахсий, ***Усулу ас-Сарахсий***, Бейрут: Дару аль-Фикр, 2005, 418-436. Кыяс маселесинин далилдик өңүтү мазхабдарды кайчылаш пикирге салганы менен аны күнүмдүк жашоодо колдонбой коюу мүмкүн эмес. Кыястын азыркы учурдагы ишке ашырылышы боюнча маалыматка ээ болуу үчүн кңз:Мухаммед Мухтар ас-Сулламий, ***аль-Кыяс ва***



бекитилген маселе болсо, фаръ – мына ушул аслга салыштырылган, өкүмү аят-хадиске таянбаган жаңы маселе болуп саналат. Ал эми бул эки маселени бириктирген өзгөчөлүк – бул алардын себептеринин окшош болушунда жатат. Мына ушул окшоштук себептери "иллат" деп аталат. Кыяс насс болгон маселелерде жана мурда кыяс кылынган маселелерде ишке ашырылбастан, эч бир насс болбогон ижтихадий маселелерде гана аткарылары баарыбызга маалым.[71] Мына ошондуктан, кыясты ишке ашыруунун максаты – эч кандай шарий өкүмү болбогон, жаңы маселеге өкүм берүү болуп саналат.[72]

### 4.3. Кыястын далил экендигин билдирген далилдер

Ислам укугу методологиясында кыястын далил катары кабыл алынышына ишарат кылган көптөгөн далилдер бар. Хашр сүрөсүнүн 2-аятындагы маселе айтылып келип, акырында салыштыруу жолу менен мындан сабак чыгаргыла деген таризде فَاعْتَبِرُوا يَا أُولِي الْأَبْصَارِ деп айтылган. Кыястын далил катары колдонулушу керектигин Аз. Пайгамбар (с.а.в.) да өз сүннөтүндө көрсөтүп кеткен. Башкача айтканда, ага бир сахаба "Атамдын атынан ажылык кылсам кабыл болобу?" деген суроосуна "Эгер атаңдын дүкөндөгү карызын төлөп койсоң,

***Татбикатуху аль-Муасара***, Экинчи чыгарылыш, Тунис: аль-Банк аль-Исламий ли ат-Танмия, 1998.

71 Кыяс кылынган маселелерде экинчи ирет кыяс кылынбастыгы тууралуу атайын макалалар жазылган. Бул жөнүндө толук маалыматка ээ болуу үчүн кңз; Абдуррахман Кайланий, "Кандату Маа Сабата Аъла Хилафи аль-Кыяс Фагайруху Аълайхи Лаа Юкас: Дираса Тахлилиййа", Мажаллату Жамиати аш-Шарикати ли аль-Улуми аш-Шаръиййати ва аль-Инсаниййа, 2/2006 (январь), 3-т, 383-411.

72 Ибрахим аш-Шаший, ***Усулу аш-Шаший***, 170; Абу Ислам Мустафа б. Мухаммад б. Салама, ***ат-Тасис фи Усули аль-Фикх аъла Давъи аль-Китаби ва ас-Сунна***, Мактабату аль-Харамайн, 208-227. Кайсы маселелерде кыясты ишке ашыруунун жана ашырбоонун жол-жобосу Мухаммед Нассар аль-Хурайтий тарабынан "Маа лаа Яжри аль-Кыясу Фийх" деген темада атайын диссертация катары жакталган. Кененирээк маалыматка ээ болуу үчүн кңз; Мухаммед Нассар аль-Хурайтий, "Маа лаа Яжри аль-Кыясу Фийх", Каир университети, Шарият илимдери факультети, 2000.

анда атаң карызынан кутулган болобу?" – деп жооп бергенде, сахаба "Ооба" деп жооп кайтарат. Аз. Пайгамбар (с.а.в.) ага кайрылып, "Анда атаңдын атынан ажылык кылууга шашыл"[73] деп айтышы, анын кыясты колдонгондугуна ишарат кылат.

Сахабалардын колдонгондугу жөнүндө, Аз. Умардын Абу Муса аль-Ащъарийге жазган каты, бул маселеде орундуу далил болуп берет. Башкача айтканда, ал катта Абу Муса аль-Ащъарийге, "Окшош маселелерди жакшы тактап, билип ал! Андан соң өкүмү белгилүү болгон маселенин өкүмүн, өкүмү белгилүү болбогон (жаңы) маселелерге "...قِسْ - ...салыштыр!"[74] деген тариздеги сөзү далил болуп саналат.

Аклий далилдер менен далилдечү болсок, негизи эле адам баласынын жашоосу салыштыруу менен уланат. Башкача айтканда, салыштыруу болбосо кишини өз акылы менен үй куруусу да мүмкүн эмес. Анан дагы насстарда маселелердин жалпы жондуу каралышы, ар бир маселенин ийне-жибине дейре каралбашы, кишини кыясты колдонууга түртпөй койбойт. Ошону менен бирге, эки маселенин ортоктош окшоштугу инсаниятын пайдасына (маслахатка) багытталган. Башкача айтканда, Ислам дини Куран жана сүннөттөн орун алган маселелердин өкүмдөрү менен гана чектелбейт. Улам жаңы маселелер пайда болгон сайын, кыяс аркылуу Куран жана сүннөттүн негизинде, ошол жаңы маселелерге жооп берилүүгө тийиш.

### 4.4. Асльдын шарттары

Жогоруда кыястын рукүндөрүнөн кеп кылган элек. Эми алардын өзүнө таандык шарттары туурасында сөз кылмакчыбыз. Асльдын кандайдыр бир насска же ижмага таянышы, асльдын өкүмүнүн бир гана аслга таандык болбошу, асльдын ижтихадий маселе болушу жана таъаббудий болбошу,

[73] Щабан, ***Усулу аль-Фикхи аль-Исламий***, 118-119.
[74] Вакиъ, ***Ахбару аль-Кудат***, Каир: 1947, 2-т, 189-190.



фаръдын өкүмүнө далаалат кылган өзүнчө далилдин болбошу шарт. Ошондой эле асльдын өкүмү фаръдын өкүмүнөн мурда түшүүсү зарыл.[75]

### 4.5. Фаръдын шарттары

Фаръдын шарттары катары анын иллаты асльдын иллаты менен окшош болушу керек. Асльдын өкүмү фаръга ташып өтүлгөндө, эч кандай өзгөрүүгө учурабашы зарыл. Фаръдын асльдан мурда назил же варид болбошу керек. Башкача айтканда, фаръ эч кандай насска же ижмага таянбашы керек.[76]

### 4.6. Иллаттын шарттары

Илаттын шарттары – иллаттын өкүмгө ылайыктуу болушу, акылга сыйымдуу болушу, иллаттын ар кишиге ар башка эмес, баарына бирдей болушу зарыл. Анан дагы, иллат бир гана аслга таандык болбостон, фаръга да ташып өтүүгө мүмкүнчүлүк берүүчү өзгөчөлүккө ээ болушу керек.[77]

### 4.7. Иллатты тактоонун жолдору

Ар бир өкүмдүн иллаты кандайдыр бир насска же ижмага негизделиши керек. Өкүмдүн иллатын тактоо жараянында, оболу иллат болууга жарактуу деп эсептелген бардык өзгөчөлүктөрдү такташтырып, андан соң алардын ичинен эң күчтүүсүн тандап алуу зарыл. Буга мисал катары, "Баардык мас кылуучу нерселердин – азы да, көбү да, арам!"[78] деген хадис айтылганга чейин, мас кылуучу нерселердин арам кылынган аракка салыштырылышы, негизи орундуу мисал болуп эсептелет.

[75] Хаббазий, ***аль-Мугний фи Усули аль-Фикх***, 289.
[76] Щабан, ***Усулу аль-Фикхи аль-Исламий***, 133-136; Зухайлий, ***аль-Важиз фи Усули аль-Фикх***, 68-70.
[77] Хударий, ***Усулу аль-Фикх***, 313-319. Иъллат туурасында толук маалыматка ээ болуу үчүн кңз; Абдулхаким Абдуррахман Асъад ас-Саъдий, ***Мабахису аль-Иълла фи аль-Кыяс иънда аль-Усулиййин***, Экинчи чыгарылыш, Бейрут: Дару аль-Башаири аль-Исламиййа, 2000.
[78] Аскаланий, ***Булугу аль-Марам мин Жамъи Адиллати аль-Ахкам***, 211.

Мында мас кылуучу нерсенин суюк болушу, шишеде сакталышы, жыттуу болушу негиз алынбастан, алардын ичинен эң таасирдүү болгон мас кылуучу өзгөчөлүгү негиз алынган. Бул өзгөчөлүктөр усулу аль-фикхта "аль-илла аль-мутабара", "аль-илла аль-муассира", "аль-илла аль-мурсала", "аль-илла аль-мулга" деп аталат.[79]

**4.8. Кыястын түрлөрү**

Кыястын ар башка аталыштагы түрлөрү бар. Алардын ичинен **аль-кыясу аль-авла** деген түрүнө мисал катары, Куранда ата-энеге "Уфф..!" деп айтууга тыюу салса, анда аларды карылар үйүнө алып барып коюунун туура эместигин, албетте, ар бир акылы жайында болгон адам түшүнүүсү зарыл. **Аль-кыясу аль-мусавий** деген түрүнө, арак менен винонун салыштырылышы жана экөөсүнүн да арам кылынышын мисал келтирүүгө болот.

Ал эми **аль-кыясу аль-адна** түрүнө кымбат баалуу мал-мүлктү урдоо менен кабырдагы өлүктүн кепинин урдоону мисал келтирүүгө болот. Анткени, көпчүлүк учурда психикалык ооруга чалдыкпаган адам, адатта, эч качан кепинди урдоого кол сунбайт. Бул маселеде, тарафайн кепин уурдаган кишинин, ууруluктун шарттары толук аткарылбагандыгынан колу кесилбестигин айтышса, Имам Абу Юсуф ар бир нерсенин адатта сакталып жүргөн жери негиз алынышы керектигин айтып, аны менен бирге кабырда жаткан өлүктүн кишилик шарапатына шек келтирүүчү ишти аткаргандыгы улам, негизи наббаштын колун кесүү керектигин айткан.[80]

---

[79] *Зухайли, Усулу аль-Фикх*, 319-322; Atar, *Fıkıh Usûlü*, 9. Baskı, 68-69.
[80] *Зейдан, аль-Ваджиз фи усули аль-Фикх*, 83-85.



# ҮЧҮНЧҮ БӨЛҮМ
# ФАРЪИЙ (ЭКИНЧИ ДАРАЖАДАГЫ) ДАЛИЛДЕР

# 1. АЛЬ-ИСТИХСАН

## 1.1. Аныктамасы

هُوَ عُدُولُ الْمُجْتَهِدِ عَنْ حُكْمٍ كُلِّيٍّ إِلَى حُكْمٍ إِسْتِثْنَائِيٍّ لِدَلِيلٍ انْقَدَحَ فِي عَقْلِهِ رَجَّحَ لَدَيْهِ هَذَا الْعُدُولَ[81]

Истихсан – бул мужтахиддин кандайдыр бир далилди туура деп эсептегендигинен, негизги принциптерден сырткары өкүм берүүсү деген маанини туюндурат.

## 1.2. Истихсандын далилдик өңүтү

Ислам укугу методологиясындагы фаръий далилдерден деп эсептелген истихсанды жумхуру фукаха далил катары кабыл алышат. Алардын далилдери Бакара сүрөсүнүн 185-аятында айтылган жеңилдик принциби يُرِيدُ اللهُ بِكُمُ الْيُسْرَ وَلَا يُرِيدُ بِكُمُ الْعُسْرَ жана مَا وَجَدَ أُمَّتِي حَسَنًا فَهُوَ عِنْدَ اللهِ حَسَنٌ[82] деген хадиске таянат.

Ал эми шафиъий, шия, захирия мазхабы истихсанды далил деп эсептешпейт. Алардын таянган далили Маида сүрөсүнүн 49 аятында وَأَنِ احْكُمْ بَيْنَهُمْ بِمَا أَنْزَلَ اللهُ وَلَا تَتَّبِعْ أَهْوَاءَهُمْ деп айтылган, шариятта кишиге өз билемдик укугу берилген эмес деген тариздеги маселе болгон. Жадагалса, Имам Шафиъийдин مَنْ اسْتَحْسَنَ فَقَدْ شَرَعَ деп айткандыгы риваят кылынат.[83]

Бирок, ханафийлер истихсанды, кишинин бир гана өз акылы менен каалагандай өкүм берүү маанисинде колдонбойт. Анткени, ханафий мазхабында колдонулган истихсан насска же маслахатка таянышы шарт. Мындай маанидеги истихсанды Имам Шафиъийдин өзү да, өз эмгегинде "...أستحسن...-...истихсандын негизинде өкүм кылам..." деген сөз менен,

[81] Санауллах аз-Захидий, ***Талхису аль-Усул***, 44;Халлаф, ***Иъльму Усули аль-Фикх***,60.

[82] Имам Малик, ***аль-Муватта***, Дамаск: Дару аль-Калам, 1991, 1-т, 355. Хадистин котормосу: "Үммөтүм кайсы бир ишти жакшы деп эсептесе, анда ал иш Алла Тааланын астында да, жакшы иш болуп саналат!".

[83] Али б. Абдилкафий ас-Субкий, ***аль-Ибхаж фи Шархи аль-Минхаж***, Бейрут: Дару аль-Кутуби аль-Иълмийа, Хиж. 1404, 2-т, 188.

кадимки усулдагы термин катары колдонгондугун көрүүгө болот.[84]

### 1.3. Истихсандын түрлөрү

#### 1.3.1. Насска таяндырылган истихсан

Насска таяндырылган истихсанга мисал катары, бир киши өлөр алдында “Бардык мал-мүлкүм садака катары таратылсын!” – деп айтса, анда Тообо сүрөсүнүн 103-аятына خُذْ مِنْ أَمْوَالِهِمْ صَدَقَةً تُطَهِّرُهُمْ وَتُزَكِّيهِمْ таянуу менен, анын “садака” деген сөзүн зекет деп жоромолдонот.[85] Себеби, ал аятта садака деп аталганы менен анын мааниси зекет дегенди түшүндүрөт.

Ошондой эле, унутуп калып жеп ичип алган адамдын кармаган орозосун улатыншы да, насска таяндырылган истихсандын мисалы боло алат. Анткени, бул жөнүндө Аз. Пайгамбардын (с.а.в.) مَنْ أَكَلَ أَوْ شَرِبَ نَاسِيًا فَلْيُتِمَّ صَوْمَهُ فَإِنَّمَا أَطْعَمَهُ اللهُ وَ سَقَاهُ[86] деген таризиндеги хадиси бар. Мына ошондуктан бул маселеде, Имам Абу Ханифа “Эгерде, орозо маселесинде бул хадис болбосо, анда кыястын негизинде (орозосу бузулат деп) өкүм бермекмин”[87] – деп айткан.

#### 1.3.2. Ижмага таяндырылган истихсан

Истихсандын бул түрүнө мисал катары, Аз. Пайгамбардын (с.а.в.) Мекке доорунда لَا تَبِعْ مَا لَيْسَ عِنْدَكَ[88] деген хадисин, Мединага журт которуп барган соң, мединалыктардын сураныч менен сатуучунун али колунда жок нерсесин сатууга, башкача айтканда, салам келишимине уруксат беришине таянып, истиснаъ келишимине

[84] Щабан, ***Усулу аль-Фикхи аль-Исламий***, 189.
[85] Абу Сахл ас-Сарахсий, ***Усулу ас-Сарахсий***, 438; аль-Ашкар, ***аль-Вадих фи Усули аль-Фикх***, 145-146.
[86] Бухарий, “Сиям”, 1932.
[87] Щабан, ***Усулу аль-Фикхи аль-Исламий***, 172.
[88] Тирмизий, ***Сунан***, 1232; Ибн Маажа, ***Сунан***, 2187. Хадистин котормосу: “Али колуңа келип тийбеген (жок) нерсени сатпа!”



мужтахиддердин ижма менен уруксат беришин мисал келтирүүгө болот.[89]

#### 1.3.3. Кыясу аль-хафийге таяндырылган истихсан

Сатуучу менен алармандын ортосунда талаш-тартыш жаралган учурда сатуучуга касам ичирилиши мунун мисалы. Башкача айтканда, сатуучу 100 сомго саттым десе, ал эми аларман 50 сомго алдым десе, анда сатуучу далил келтириши керек.

Анткени, сатуучу муддаий, аларман муддаъа алайх абалында. Бул маселе хадисте اَلْبَيِّنَةُ عَلَى الْمُدَّعِي وَالْيَمِينُ عَلَى مَنْ أَنْكَرَ деп айтылган. Мына ушундай, эки тарап дагы кабыл албаган акы-укукту тактоо иретинде, алардын экөөсүнөн да ант ичиши талап кылынат. Ким касам ичүүдөн баш тартса, анда касам ичкен жактын пайдасына өкүм чыгарылат.[90]

#### 1.3.4. Үрп-адатка таяндырылган истихсан

Адатта, ар бир келишимде белгисиздик болсо, ал келишим сахих эмес, фасид деп эсептелет. Башкача айтканда, мончодо жууну маселесиндеги канча суу колдонуу, мончонун ичинде канча убакыт калуу белгисиз болгондугунан, мончого түшүүчүнүн мончонун ээси менен түзгөн келишими, негизи жараксыз болушу керек эле. Бирок, мындай маселенин мусулмандарга мүшкүл жараткандыгынан улам, ар бир мусулман коомчулугунда мындай келишимди түзүүдө эки

[89] Мухаммед Саъд б. Ахмад б. Масъуд аль-Явубий, ***Макасиду аш-Шариъати аль-Исламиййа ва Аълакатуха би аль-Адиллати аш-Шаръиййа***, Рияд: Дару аль-Хижра, 1998, 564-565.
[90] Басм. даяр. Бассам Абдилвахxаб аль-Жалий, ***Мажаллату аль-Ахками аль-Адлиййа***, Бейрут: Дару Ибн Хазм, 2011, 467-469; İsmail Hakkı Hatipoğlu, ***İslamda Alım Satım Hukuku***, Bursa: Set Basımev, 1975, 16-20. Хадистин котормосу: “Далилдөө жабырлануучунун, касам ичүү экинчи тараптын милдети”.

тараптын ыраазычылыгы негиз алынып, фаръий далил деп эсептелген үрп-адаттын негизинде уруксат берилген.[91]

Ошондой эле, бир адам “Эт жебеймин!” деп касам ичкенден кийин балык жей турган болсо, анда ичкен касамы бузулабы деген суроо пайда болот. Мындай учурда, Ибн Нужайм үрп-адат менен шарият карама-каршы келсе, ошондой эле, үрп-адат шариятка каршы чыкпаса, анда үрп-адат менен амал кылынат деп айткан.[92] Куранда балыктын эт деп аталганына (لحما طريا) карабастан ичилген касам бузулбайт. Анткени, балык эч бир элде эт деп эсептелбейт.

### 1.3.5. Маслахатка таяндырылган истихсан

Аз. Пайгамбарыбыз (с.а.в.) өзүнүн тукумунан [illegible] үчүн зекет алууну арам кылган. Бирок, Абу Ханифанын доорунда сайийд жана шарифтер ушунчалык [illegible] күн кечирип калышкан. Ал тургай уурулук [illegible] пайда боло баштаган. Мына ушундай себептерден улам Абу Ханифа алардын пайдасына өкүм [illegible] зекет алууга укуктуу экендигин айткан.[93]

## 2. АЛЬ-МАСАЛИХУ АЛЬ-МУРСАЛА

### 2.1. Аныктамасы

المصلحة المرسلة هي – المصلحة التي لم يشرع [illegible]

[illegible] اعتبارها أو إلغائها

Масалиху мурсала – бул Алла Тааланын кандайдыр бир маселени кабыл алынып алынбашы тууралуу, эч бир өкүм бербестен, маселени мутлак абалда калтырышы болуп саналат.

[91] Шабан, *Усулу аль-Фикхи аль-Исламий*, 193.

[92] Зайнуль-Абидин б. Ибрахим б. Нужайм, *аль-Ашбах ва ан-Назаир*, Бейрут: аль-Мактабату аль-Асрийа, 2011, 120-121; аль-Зухайлий, *аль-Ваджиз фи Усули аль-Фикх*, 186.

[93] Шабан, *Усулу аль-Фикхи аль-Исламий*, 186-187; Зухайлий, *аль-Ваджиз фи Усули аль-Фикх*, 89.

[94] Зухайлий, *аль-Ваджиз фи Усули аль-Фикх*, 61.



### 2.2. Кабыл алууда талап кылынган шарттар

Масалиху мурсаланы кабыл алуудагы шарттар катары, анын Ислам дининин негизги принциптерине карама-каршы келбеши, жалпы коомчулукка пайда алып келиши шарт. Мына ошондо гана, масалиху мурсаланын далил катары колдонулушу тууралуу сөз кылууга болот.[95]

### 2.3. Маслахаттардын өз ара (ар башка) түрлөргө бөлүнүшү

#### 2.3.1. аль-Маслаха аль-Муътабара

Бул да, өз ара “зарурат”, “хажият”, “тахсиният” деп үчкө бөлүнөт. <u>*Заруратта*</u> дин, жан, акыл, насаб, мал-мүлктү сактоо маселеси каралган. <u>*Хажиятта*</u> болсо боюнда бар аялдын орозо кармабашы жана хайыз-нифас убагында намаз окубашы каралган. Ал эми <u>*тахсинияттa*</u> үй-бүлө курууда загс жана кыймылсыз мүлктө кызыл китеп алуунун зарылчылыгы каралган.[96] Башкача айтканда, жогорудагы зарурат, хажият, тахсинияттын баары коомго пайда алып келиши анык. Маслахаттын бул түрүн бардык мусулмандар кабыл алышат.

#### 2.3.2. аль-Маслаха аль-Мурсала

Маслахаттын бул түрүн шафиъий, шия, захирия мазхабы кабыл албайт. Анткени, алар мусулман коомчулугун кишинин акылы эмес, негизи шарият бириктирип турушу керектигин айтышат.[97] Ал эми ханафий, маликий, ханбалий мазхабында болсо, маслаха мурсала далил катары кабыл алынат. Анткени, алар убакыттын өтүүсү менен жашоонун өзгөрүшүн чанууга болбостугун,[98] динде машаккатка орун

[95] Махмуд Абдулкарим Хасан, ***аль-Масалиху аль-Мурсала***, Бейрут: Дару ан-Нахда аль-Исламийиа, 1995, 79.

[96] Умар б. Салих б. Умар, ***Макасиду аш-Шариъа инда аль-Имам аль-Иъзз б. Абдиссалам***, Иордания: Дару ан-Нафаис, 2003, 466-514; Мехмет Эрдем – Саффет Көсе, ***Ислам Укугуна Киришүү***, Биринчи чыгарылыш, 296-303.

[97] Махмуд Абдулкарим Хасан, ***аль-Масалиху аль-Мурсала***, 68-69.

[98] Махмуд Абдулкарим Хасан, ***аль-Масалиху аль-Мурсала***, 56.

берилбегендигин,[99] ошондой эле Аз. Умардын Куранды китеп абалына келтирүү маселесинде айткан [100] "إِنَّهُ خَيْرٌ وَ مَصْلَحَةٌ لِلإِسْلَامِ" сөзүн эң күчтүү далилдерден деп эсептешет.

### 2.3.3. аль-Маслаха аль-Мулга

Маслахаттын бул түрү Ислам укугу методологиясында далил катары кабыл алынбайт. Анткени, маслахаттын бул түрү мусулман коомчулугуна пайда эмес зыян алып келиши, турган кеп. Буга мисал катары аял менен эркектин бирдей өлчөмдө мурас алышын айтууга болот. Киши өз акылы менен аял менен эркектин тең укуктуу экендигин ойлошу мүмкүн. Бирок, үй-бүлөгө нафака алып келүүнүн эркекке жүктөлүшү, аны менен чогуу кыздын махр алышы, ошол эле кыздын өз ага-инилеринен да мурас алышы ж.б. себептерден улам эркектин аялдан эки эсе көп чыгаша кылгандыгынан, аялга салыштырмалуу мурастан да эки эсе көп алышы Куранда бекитилген.[101] Ушундай себептерден улам негизи адилеттүү түрдө бөлүштүрүлгөн мурасты, феминисттик көз караштын таасиринин негизинде, аял эркек тең укуктуу деп мурасты бирдей өлчөмдө бөлүштүрүү, бул даана адилетсиздиктин өзү эмей анан эмне?!

## 3. АЛЬ-УЪРФ (ҮРП-АДАТ)

### 3.1. Аныктамасы

مَا تَعَارَفَهُ النَّاسُ وَ سَارُوا عَلَيْهِ مِنْ قَوْلٍ أَوْ فِعْلٍ أَوْ تَرْكٍ[102]

Инсандар дайыма колдонуп жүргөн сөздөр жана аткарып жүргөн иш-аракеттери үрп-адат деп аталат. Кээ бир усулчу аалымдар арапчадагы уърф (үрп) сөзүн бир гана коомдун айткан сөздөрүн түшүндүрүшүн, ал эми адат сөзү

[99] Курааны Карим, Хажж сүрөсү, 78; Бакара сүрөсү, 185.
[100] Щабан, ***Усулу аль-Фикхи аль-Исламий***, 165.
[101] Курааны Карим, Ниса сүрөсү, 7, 11-14.
[102] Халлаф, ***Илму Усули аль-Фикх***, 67.



болсо коомчулук тарабынан дайыма аткарылып жүргөн иш-араккеттерди түшүндүрүшүн айтышкан.

### 3.2. Үрп-адаттын диндеги орду

Үрп-адаттын Ислам дининдеги орду аябай маанилүү. Анткени, көптөгөн аят-хадистерде үрп-адатка басым жасалган.[103] Ошондой эле, Ислам укугунун бир бөлүгү аят-хадиске таянса, экинчи бөлүгү мына ушул үрп-адатка таянат. Жадагалса, ислам укукчулары үрп-адат менен бекилген өкүмдү, кудум эле шарият менен бекилген өкүмгө теңешкен.[104] Башкача айтканда, ислам укугундагы иътикадий маселелерге өзгөртүү киргизиле албаганы менен, өзгөчө ижтихадий маселелерде, ар бир калктын үрп-адатынын негизинде, өкүмдөрдүн ошол элдин жашоо образына ылайыкташтырылуусу шарт.[105] Тагыраак айтканда, биз кыргыз калкы арабдардын үрп-адатын эмес, негизи аларга түшүрүлгөн шариятты карманышыбыз зарыл.

### 3.3. Үрп-адаттын түрлөрү

Үрп-адат өз ара "кавлий", "фиълий", "умумий", "хусусий", "сахих", "фасид" деген түрлөргө бөлүнөт:

#### 3.4.1. Кавлий үрп-адат

Кавлий үрп-адат – бул кайсы бир коомдо, "эт жебейм!" деп касам ичкен адам балык жесе, анда ичкен касамы бузулбайт деген маанини билдирет. Ошондой эле, араб тилиндеги الدَّابَّة (ад-даабба) деген сөздүн араптарда төө, түрк тектүү элдерде ат, индиялыктардын түшүнүгүндө пил деген

[103] Курааны Карим, Аърaф, 199; Ниса сүрөсү, 6, 19, 25; Бакара сүрөсү, 178, 180, 228, 232-235.
[104] Али Хайдар, ***Дурару аль-Хуккам Шарху Мажаллати аль-Ахкам***, Стамбул: Матбаату Тавзиъ-иТабаъат, 107.
[105] Бул темада Түркиялык кеменгер аалым Mehmet Erdoğandын "İslamda Ahkamın Değişmesi" аттуу доктордук диссертациясы аябай маанилүү. Ошондой эле Ислам дининдеги фикхий өкүмдөрдүн өзгөрүшү тууралуу толук маалыматка ээ болуу үчүн кнз; Исмаил Көксал, ***Тагаййуру аль-Ахкам фи аш-Шариати аль-Исламиййа***, Бейрут: Мактабату ар-Рисала, 2000.

маанини билдириши да, мына ушул үрп-адаттын мисалы болуп саналат.[106]

### 3.4.2. Фиьлий үрп-адат

Фиьлий үрп-адат – бул бир коомдогу кандайдыр бир кыймыл-аракеттин бир мааниде түшүнүлүшү дегенди билдирет. Бирок, ошол эле кыймыл-аракеттер, башка коомдордо, ар башка мааниде колдонушу да ыктымал. Буга мисал катары, түштүктөгү этти жиликтөө ишинин аксакалга берилиши урмат-сый маанисин түшүндүрсө, ушул эле керүнүш түндүктө акаарат катары бааланышын айта кетүү орундуу болот.

### 3.4.3. Умумий үрп-адат

Умумий үрп-адат – бул жалпы мусулмандардын үрп-адатында бирдей мааниге ээ болгон сөздөр жана кыймыл-аракеттер деген маанини түшүндүрөт. Буга мисал катары, күйөөсүнүн аялына "Сен мага арамсың..!" – деп айтышы, талак маанисинде колдонулгандыгын айтууга болот.[107] Башкача айтканда, бул сөз бардык мусулман коомчулугунда "талак" деген маанини туюндурат.

### 3.4.4. Хусусий үрп-адат

Хусусий үрп-адат – бул белгилүү бир коомго, же ошол эле коомдун белгилүү бир катмарына таандык, жекече үрп-адат болуп саналат. Мисалы; бир эле ханафий мазхабын карманган түрк эли жылкынын этин жешпейт, а бирок, кыргыз эли жылкынын этин жешет. Ошондой эле, соодагерлердин ортосундагы бири-бирине карыз алып беришчү насыя дептери да, мунун айкын мисалы боло алат.

[106] Щабан, ***Усулу аль-Фикхи аль-Исламий***, 191-192.
[107] Зухайлий, ***аль-Важиз фи Усули аль-Фикх***, 97.



### 3.4.5. Сахих үрп-адат

Сахих үрп-адат – бул шарияттын негиздерине карама-каршы келбеген үрп-адаттар болуп эсептелет. Башкача айтканда, шарияттык иштердин жүргүзүлүшүнө тоскоолдук жаратпайт. Мисалы; кыргыз айымдарынын элечеги жана эркек кишилердин калпагы шариятка карама-каршы келбейт. Шариятта бардык адамзаты мединалыктардын үрп-адатын карманат деген нерсе жок. Тескерисинче ар бир коомдун өзүнүн үрп-адаты негиз алынышы керектигин белгилеген аяттар жок эмес.[108]

### 3.4.6. Фасид үрп-адат

Фасид үрп-адат – бул шарияттын негиздери менен карама-каршы келген, шариятта туура эмес деп табылган, ар бир акылдуу пенде туура эмес эсептеген иштер деген маанини туюндурат. Шарият мындай үрп-адатты аткарууга уруксат бербейт.[109] Буга мисал катары кыргыз элиндеги той-топур жана өлүм-житимдердеги ашыкча ысырапкорчулукту айтууга болот. Муну ар бир акылы бар киши туура деп эсептебеши анык. Мына ошондуктан мындай ысырапкорчулукка мамлекет тарабынан атайын чектөө киргизилиши зарыл.

## 4. ШАРЪУ МАН КАБЛАНА

### 4.1. Аныктамасы

هُوَ الْأَحْكَامُ الَّتِي شَرَعَهَا اللهُ تَعَالَى لِلْأُمَمِ السَّابِقَةِ عَنْ طَرِيقِ أَنْبِيَاءِهِ كَإِبْرَاهِيمَ وَ مُوسَى وَ عِيسَى عَلَيْهِمُ السَّلَامُ[110]

Шаръу ман каблана – бул Алла Тааланын Аз. Ибрахим, Аз. Муса, Аз. Иса өңдүү пайгамбарлар аркылуу, бизден мурдагы коомдорго жөнөткөн өкүмдөрдүн топтому дегенди билдирет.

[108] Кураны Карим, Исра сүрөсү, 84; Аъраф, 199.
[109] Ибн Нужайм, ***аль-Ашбах ва ан-Назаир***, 120-121.
[110] Щабан, ***Усулу аль-Фикхи аль-Исламий***, 197; Зухайлий, ***аль-Важиз фи Усули аль-Фикх***, 101.

### 4.2. Түрлөрү

Ханафий мазхабында шаръу ман каблана далил катары кабыл алынат. Анкени, Куранда Алу Имран сүрөсүнүн 95-аяты, Анъам сүрөсүнүн 90-аяты, Маида сүрөсүнүн 44-аяты, Шуура сүрөсүнүн 13-аяты, Лукман сүрөсүнүн 15-аяттары шаръу ман каблана менен амал кылууга чакырат. Бирок, аларды кабыл алууда талап кылынган атайын критерийлер бар. Бизден мурдагылардын шарияты Куран жана сүннөттөн орун албаса, анда ал өкүмдөр кабыл алынбайт. Эгерде, Куран жана сүннөттөн орун алса, анда ал өкүмдөр кабыл алынат.

Буга мисал катары Бакара сүрөсүнүн 183-аятын يَا أَيُّهَا الَّذِينَ آمَنُوا كُتِبَ عَلَيْكُمُ الصِّيَامُ كَمَا كُتِبَ عَلَى الَّذِينَ مِنْ قَبْلِكُمْ لَعَلَّكُمْ تَتَّقُونَ, Маида сүрөсүнүн 45-аятын وَكَتَبْنَا عَلَيْهِمْ فِيهَا أَنَّ النَّفْسَ بِالنَّفْسِ وَالْعَيْنَ بِالْعَيْنِ وَالْأَنْفَ بِالْأَنْفِ وَالْأُذُنَ بِالْأُذُنِ وَالسِّنَّ بِالسِّنِّ وَالْجُرُوحَ قِصَاصٌ فَمَنْ تَصَدَّقَ بِهِ فَهُوَ كَفَّارَةٌ لَهُ, согушта колго киргизилген олжолордун Аз. Пайгамбарга (с.а.в.) адал кылынышына Анфал сүрөсүнүн 69-аятын فَكُلُوا مِمَّا غَنِمْتُمْ حَلَالًا طَيِّبًا айтууга да болот. Бул аятты тастыктаган فُضِّلْتُ عَلَى الْأَنْبِيَاءِ بِسِتَّةٍ: أُعْطِيتُ لِيَ جَوَامِعُ الْكَلِمِ، وَ نُصِرْتُ بِالرُّعْبِ، وَ أُحِلَّتْ لِيَ الْغَنَائِمُ، وَ جُعِلَتْ لِيَ الْأَرْضُ طَهُورًا وَ مَسْجِدًا، وَ أُرْسِلْتُ إِلَى الْخَلْقِ كَافَّةً، وَ خُتِمَ بِيَ النَّبِيُّونَ[111] деген хадис да орундуу мисал болуп саналат.

### 4.3. Далил катары колдонууга жарактуулугу

Бул маселеде усулчулар эки башка пикирди карманышат. Шаръу ман каблананы далил катары кабыл албагандар Маида сүрөсүнүн 48-аятын لِكُلٍّ جَعَلْنَا مِنْكُمْ شِرْعَةً وَمِنْهَاجًا далил келтиришип, ар бир коомчулукка өздөрүнө гана таандык шарият, ошондой эле жашоонун мыйзам-ченемдерин

[111] Муслим, ***Сахиху аль-Муслим***, Талик: Мухаммед Фуад Абдулбакий, 11-т, 371. Хадистин котормосу: "Мен башка пайгамбарларга алты өзгөчөлүк менен жогору кылындым. Мага кыска жана так сүйлөө, алдын ала душмандын жүрөгүнө бүлүк салуу, олжолордун адалдык укугу, жер бетин таза деп билүү жана каалаган жерде намаз окуу, бүткүл инсаниятка жана жан-жаныбарларга пайгамбар катары жөнөтүлүү, акыркы пайгамбар катары бул дүйнөгө келүү өзгөчөлүктөрү берилди".



жөнөтүлгөндүгүн айтышат. Ошону менен бирге, Ислам дини эң акыркы дин болгондугунан, өзүнөн мурдагы диндерди жокко чыгарчу дин деп эсептешет.

Шаръу ман каблананы далил деп эсептегендер болсо Анъам сүрөсүнүн 90-аятын أُولَئِكَ الَّذِينَ هَدَى اللَّهُ فَبِهُدَاهُمُ اقْتَدِهْ قُلْ لَا أَسْأَلُكُمْ عَلَيْهِ أَجْرًا إِنْ هُوَ إِلَّا ذِكْرَى لِلْعَالَمِينَ, Нахл сүрөсүнүн 123-аятын ثُمَّ أَوْحَيْنَا إِلَيْكَ أَنِ اتَّبِعْ مِلَّةَ إِبْرَاهِيمَ حَنِيفًا وَمَا كَانَ مِنَ الْمُشْرِكِينَ, Таха сүрөсүнүн 14-аятын وَأَقِمِ الصَّلَاةَ لِذِكْرِي, Камар сүрөсүнүн 28-аятын وَنَبِّئْهُمْ أَنَّ الْمَاءَ قِسْمَةٌ بَيْنَهُمْ كُلُّ شِرْبٍ مُحْتَضَرٌ негизги далилдер деп эсептешет. Ошондой эле логикалык жактан да, Ислам дини биздин шариятка каршы келген шарияттарды гана жокко чыгарган, бизден мурдагылардын шарияттарынын өзөгү, негизи Куран жана сүннөттөрдө камтылган деген пикирлер да айтылып келет.

## 5. МАЗХАБУ АС-САХАБИЙ

### 5.1. Аныктамасы

هُوَ مَجْمُوعُ الْآرَاءِ الْاِجْتِهَادِيَّةِ وَ الْفَتَاوَى الْفِقْهِيَّةِ الثَّابِتَةِ عَنْ وَاحِدٍ مِنْ أَصْحَابِ الرَّسُولِ (ص)[112]

Мазхабу ас-сахабий – бул Аз. Пайгамбардын (с.а.в.) сахабаларынын укуктук пикирлери жана фикх жаатындагы фатвалары деген маанини туюндурат.

### 5.2. Далилдик өңүтү

Бул туурасында ашъария, муътазила, шия, шафиъия (жаңы фатвасында) мазхабы кавлу ас-сахабийди далил катары кабыл алышпайт. Алар, сахабалар деле кадимки мужтахид катары ката кетириши ыктымал деген пикирди карманышат.[113]

Ал эми ханафий, маликий, ханбалий мазхабында болсо, кадимки далил катары кабыл алынат. Анткени, сахабалар Аз. Пайгамбардын (с.а.в.) жанында тизе бүгүп, анын өзүнөн таалим-тарбия алышкан. Мына ошондуктан, алардын пикири

[112] Зухайлий, ***аль-Важиз фи Усули аль-Фикх***, 105.

[113] Халлаф, ***Илму Усули аль-Фикх***, 72; Щабан, ***Усулу аль-Фикхи аль-Исламий***, 203; Зухайлий, ***аль-Важиз фи Усули аль-Фикх***, 105.

башка мужтахиддерге караганда туурага жакыныраак деген пикирди айтышат.[114] Бул туурасында Аз. Пайгамбардын (с.а.в.) "عَلَيْكُمْ بِسُنَّتِي وَ سُنَّةِ الْخُلَفَاءِ الرَّاشِدِينَ مِنْ" , "أَصْحَابِي كَالنُّجُومِ بِأَيِّهِمْ اِقْتَدَيْتُمْ اِهْتَدَيْتُمْ" , "اَلْحَقُّ مِنْ بَعْدِي مَعَ عُمَرَ" , "اِقْتَدُوا بِالَّذِينَ مِنْ بَعْدِي أَبِي بَكْرٍ وَ عُمَرَ" аттуу хадистерин[115] айтып кеткен. Мына ошондуктан, Абу Ханифа кандайдыр бир маселеде бир гана кавлу ас-сахабий далили болсо, анда аны менен амал кылышын, мындай далил жок болсо анда таабиининдердин пикирин карманбастыгын, анткени, таабииндердин деле ал сыяктуу инсан экендиги айтышы жөн жайынан эмес.[116]

### 5.3. Маанилүүлүгү

Кавлу ас-сахабий термини ислам укугу методологиясында кеңири колдонулуп жүргөн термин болуп саналат. Кавлу ас-сахабий далилин, өзгөчө таъаббудийлик маселесинде бир ооздон кабыл алынышы, мына ушуну түшүндүрөт.[117] Анан дагы, киши каалаган сахабанын пикирин карманууга толук укуктуу. Ошондой эле, сахабалар бир ооздон кабыл алган сарих ижманы бардык мусулман коомчулугу кабыл алууга мажбур. Муну менен бирге, эки сахабанын бир маселеде эки ажырым пикирде болушу, экинчисинин өз пикирин билдирүүсүнө тоскоолдук жаратпайт.

[114] Шабан, *Усулу аль-Фикхи аль-Исламий*, 204; Мухаммед Али Сайис, *Нашьату аль-Фикхи аль-Исламий ва Атваруху*, 23; Хударий, *Усулу аль-Фикх*, 349-350.

[115] Мухаммед б. Абдилхамид аль-Усмандий, *Базлу ан-Назар фи аль-Усул*, Тахкик-таълик: Мухаммед Закий Абдулбар, Каир: Мактаба Дари ат-Турас, 1991, 576. Хадистердин котормосу: 1-"Менин сахабаларым (караңгыда жол көрсөткөн) жылдыздар сыяктуу. Алардын кайсынысын эрчисеңер да туура жолду табасыңар"; 2-"Мен өлгөндөн соң сүннөтүмдү бек кармап, хулафаи рашидиндин жолун жолдогула!"; 3-"Менден кийинкилердин ичинен Абу Бакр жана Умарды эрчигиле!"; 4-"Мен өлгөн соң акыйкат Умар менен бирге болот".

[116] Мухаммед б. Али аш-Шавканий, *Иршаду аль-Фухул ила Тахкики аль-Хакки мин аль-Усул*, Рияд: Дару аль-фадийла, 2000, 1-т, 996; Хударий, *Усулу аль-Фикх*, 350.

[117] Шавканий, *Иршаду аль-Фухул ила Тахкики аль-Хакки мин аль-Усул*, 1-т, 996.



## 6. САДДУ АЗ-ЗАРИЪА

### 6.1. Аныктамасы

هُوَمَنْعُ كُلِّ مَا يَتَوَصَّلُ بِهِ إِلَى الشَّيْءِ الْمَمْنُوعِ الْمُشْتَمَلِ عَلَى مَفْسَدَةٍ أَوْ مُضِرَّةٍ[118]

Садду аз-зариъа – бул кишини зыяндуу жана жаман иштерге кириптер кылган бардык жолдордун бекитилиши деген маанини билдирет.

### 6.2. Садду аз-зариъанын диндеги орду

Садду аз-зариъанын диндеги ээлеген орду чоң. Башкача айтканда, садду зариъа кандайдыр бир ишти аткаруу же аткарбоого өбөлгө түзгөн, экинчи даражадагы иш болуп саналат. Мына ушул түшүнүктүн негизинде фикх усулунда مَا لَا يَتِمُّ الْوَاجِبُ إِلَّا بِهِ فَهُوَ وَاجِبٌ[120] жана يُؤَدِّي إِلَى الْحَرَامِ فَهُوَ حَرَامٌ[119] деген атайын укуктук эрежелер иштелип чыгылган.

Маселени туура түшүнүү үчүн Нур сүрөсүнүн 31-аятындагы وَلَا يَضْرِبْنَ بِأَرْجُلِهِنَّ لِيُعْلَمَ مَا يُخْفِينَ مِنْ زِينَتِهِنَّ кыздардын шиштака кийип, тыкылдатып басып, эркектердин көңүлүн буруп, коомдо башаламандык жаралышына, тулку-боюн жарнамалашына уруксат берилбеши, мына ушул садду аз-зариъа экендигин түшүндүрөт.

[118] Зухайлий, *аль-Важиз фи Усули аль-Фикх*, 108. Бул тармакта маликий мазхабындагы аалымдар көбүрөк эмгек жазгандыгы чындык. Садду аз-зараиъ маселеси тууралу кнз; Абдуллах б. Байх, *Садду аз-Зараиъ ва Татбикатуху фи Мажали аль-Муамала*, Жидда: аль-Банк аль-Исламий ли ат-Танмия, 2001.

[119] Имадуддин Абилфида Исмаил б. Касир ад-Димашкий, *Тафсиру аль-Курани аль-Азим*, Биринчи чыгарылыш, Каир: Муассаса Куртаба, 2000, 2-т, 487. Садду аз-зариъа терминининн практикалык түрдө, бир канча мисалдын негизинде, Салих б. Абдуррахман атайын изилдеп чыккан. Кененирээк маалымат алуу үчүн кнз; Салих б. Абдуррахман ан-Нафиша, "Кандату Садди аз-Зариъа Байна аль-Иъмал ва аль-Ихмал", Мажаллату аль-Аъдл, 16/1423, Шаввал, 1-29.

[120] Ибн Касир, *Тафсиру аль-Курани аль-Азим*, 2-т, 487; Абдулмухсин Абдулазиз ас-Сувайт, *Маа Лаа Ятимму аль-Важибу Илла бихи Фахува Важиб*, Жамиату Малики Суъуд, Куллияту ат-Тарбия, Кисму ас-Сакафату аль-Исламийиа, Хиж. 1421-1422, 17.

Ошондой эле, Анъам сүрөсүнү 108-аятында وَلَا تَسُبُّوا الَّذِينَ يَدْعُونَ مِنْ دُونِ اللهِ فَيَسُبُّوا اللهَ عَدْوًا بِغَيْرِ عِلْمٍ деп айтылып, мусулмандардын гайру муслимдердин бутчаларына тил узатууга тыюу салынган. Анткени, мусулмандар алардын кудайчаларына тил тийгизчү болсо, анда алар да кудуреттүү Алла Тааланын улуулугуна шек келтирчү сөз айтып коюшу мүмкүн. Жогорудагы аятта так мына ушул садду аз-зариъа маселеси каралган.

**6.3.Шатибийдин маселени төрт пунктта анализдеши**

1. Мафсадатка алып барышы анык болгон иш;
Мисалы; жолго чуңкур казуу.
2. Көпчүлүк учурда мафсадатка алып барчу иш;
Мисалы; террористке курал сатуу.
3. Кээде гана мафсадатка алып барган иш;
Мисалы; байъу аль-аърайаа маселеси.
4. Мафсадатка алып барышы ыктымал болгон иш.
Мисалы; кабырстанга мечит куруу.[121]

**7. АЛЬ-ИСТИСХАБ**

**7.1. Аныктамасы**

هُوَ جَعْلُ الْحُكْمِ الَّذِي كَانَ ثَابِتًا فِي الْمَاضِي بَاقِيًا عَلَى الْحَالِ حَتَّى يَقُومَ دَلِيلٌ عَلَى تَغْيِيرِهِ[122]

Истисхаб – бул эч кандай өзгөрүүгө учурабагандыгына ишарат кылган далил болмоюн, эски өкүмдү өз күчүндө калтыруу деген маанини билдирет.

[121] Мухаммад б. Саъд б. Мухаммад аль-Мукрин, “Садду аз-Зариъа ва Алакатуха би Макасиди аш-Шариъа”, Мажаллату аль-Аъдл, аль-Аъдад-41, Мухаррам, 1430, 66; Зухайлий, ***аль-Важиз фи Усули аль-Фикх***, 109.

[122] Санауллах аз-Захидий, ***Талхису аль-Усул***, 45; Истисхаб маселеси жөнүндө кңз; атайын изилдөөлөр жасалган. Бул темада толук маалыматка ээ болуу үчүн Уваний Ахмад Мухаммед Мусарава, ***аль-Истисхаб: Хужжиййатуху, ва Асаруху фи аль-Ахками аль-Фикхиййати***, Жамиату ан-Нажах аль-Ватаний Куллияти ад-Дирасати аль-Уъля, (Магистирдик дессертация), Газза: 2003, 53-73.



**7.2. Түрлөрү**

**7.2.1. Бардык нерсенин мубах деп бааланышы**

الْأَصْلُ فِي الْأَشْيَاءِ الْإِبَاحَةُ حَتَّى يَقُومَ دَلِيلٌ عَلَى تَحْرِيمِهِ[123]

Бул эреже бир нерсенин арам экендигин тастыктаган далил болмоюн анын адал деп эсептелишин түшүндүрөт. Мисалы, Бакара сүрөсүнүн 29-аяты هُوَ الَّذِي خَلَقَ لَكُمْ مَا فِي الْأَرْضِ جَمِيعًا менен Жасия сүрөсүнүн 13-аяты وَسَخَّرَ لَكُمْ مَا فِي السَّمَاوَاتِ وَمَا فِي الْأَرْضِ جَمِيعًا مِنْهُ аяттарын буга далил келтирүүгө болот.

**7.2.2. Бардык кишинин күнөөсүздүк сыпатына ээ болушу**

الْأَصْلُ فِي الْأَحْكَامِ الشَّرْعِيَّةِ بَرَاءَةُ الذِّمَّةِ[124]

Ал эми истисхабдын бул түрү, соттук иш-чараларда кишинин төрөлүшүнөн күнөөсүздүк сыпатына ээ болуп, төрөлүшү негиз алынат деген, башкача айтканда күнөөлүү эмес деген маанини түшүндүрөт. Мисалы, бир киши башкасына кандайдыр бир кылмышка шектүү деп жалаа жабуусу менен ал киши кылмышкер болуп калбайт. Аа.., эгерде кылмышты аткаргандыгы аныкталса, анда ага тийиштүү жазалар берилбей калбайт.

**7.2.3. Эски өкүмдүн өз күчүндө калтырылышы**

إِسْتِصْحَابُ مَا دَلَّ الْعَقْلُ وَ الشَّرْعُ عَلَى ثُبُوتِهِ وَ دَوَامِهِ[125]

[123] Зайнулабидин б. Ибрахим б. Нужайм, ***аль-Ашбах ва ан-Назаир Аъла Мазхаби Аби Ханифа***, Каир: Муассасату аль-Халабий, 1968, 169.

[124] Бул маселе тууралуу кененирээк маалыматка ээ болуу үчүн, 1904-1999-жылдары Алеппо шаарында 20 жыл катары менен Махалла китебин окутуп, бүткүл дүйнөдө укуктук системалардын жаңыдан системалаштырылып жаткан учурда, ханафий мазхабын кадимки укуктук система катары иштеген укуктук система экендигин далилдөө масатында, өзүнүн “Шарху аль-Каваиди аль-Фикхиййа” аттуу эмгегин аягына чейин окуу пайдалуу. Ахмад б. Мухаммед аз-Зарка, ***Шарху аль-Каваиди аль-Фикхиййа***, Тасхих: Мустафа Ахмад аз-Зарка, Дамаск: Дару аль-Калам, 1987, 105-117; Али Хайдар, ***Дурару аль-Хуккам Шарху Мажаллати аль-Ахкам***, 48.

[125] Зухайлий, ***аль-Важиз фи Усули аль-Фикх***, 114-115; Щабан, ***Усулу аль-Фикхи аль-Исламий***, 210.

Бул эреже кандайдыр бир иштин уланып жаткандыгын акыл жана шарияттык далилдер менен такталгандыгын билдирет. Мисалы, бир киши кандайдыр бир мал-мүлккө ээ болсо, анын ошол мал-мүлкүнөн кол жуугандыгын билдирген далил болмоюн, дагы деле ошол кишинин мал-мүлкү деп өкүм берилет.

### 7.3. Истисхабга тийиштүү кээ бир эрежелер

[126]اَلْأَصْلُ بَقَاءُ مَا كَانَ عَلَى مَا كَانَ حَتَّى يُثْبِتَ مَا يُغَيِّرَهُ

Кандайдыр бир иш туурасында берилген өкүм, аны өзгөрткөн жаңы өкүм болмоюн, өз күчүндө калтырылат. Ал эми жаңы өкүм далил, икрар, касамдан кайтуу, ачык айкын белгилер аркылуу гана ишке ашат.

[127]اَلْأَصْلُ فِي الْأَشْيَاءِ الْإِبَاحَةُ

Бардык нерселердеги негизги принцип – бул ошол нерсенин мубах болушу. Бул жогорудагы истисхабдын биринчи түрүнө кирет.

[128]اَلْأَصْلُ فِي الذِّمَّةِ الْبَرَاءَةُ مِنَ التَّكَالِيفِ وَالْحُقُوقِ

Киши төрөлүшөн тартып эле күнөөсүз жана карызсыз болуп төрөлөт. Бул сыпат кандайдыр бир кылмышты аткарууга жана кимдир бирөөдөн карыз алганга чейин уланат.

[129]اَلْيَقِينُ لَا يَزُولُ بِالشَّكِّ

Бул эреже, анык болгон нерсе шек-күмөн менен жокко чыгарыла албайт дегенди билдирет.

126 Мухаммед Сыдкы Ахмад б. Мухаммед аль-Бавриу, ***аль-Важиз фи Изахи Каваиди аль-Куллиййа аль-Фикхиййа***,Бейрут: Муассасату ар-Рисала,1996,172-179.
127 Ибн Нужайм, ***аль-Ашбах ва ан-Назаир Аъла Мазхаби Аби Ханифа***, 169.
128 Ахмад аз-Зарка, ***Шарху аль-Каваиди аль-Фикхиййа***, 105-117; Али Хайдар, ***Дурару аль-хуккам шарху Мажаллати аль-Ахкам***, 48.
129 Жалалуддин Абдуррахман ас-Суютий, ***аль-Ашбах ва ан-Назаир фи Каваиди ва Фуруъи аль-Фикхи аш-Шафиъий***, Бейрут: Дару Кутуби аль-Иълмиййа, 1983, 50.



### 7.4. Истисхабдын объектиси жана ханафийлер

Бул маселеде, ханафийдердин бир бөлүгү истисхабды жаңы өкүм берүүдө далил катары колдунууга жараксыз, бирок, эски өкүмдү күчүндө калтырууга жарактуу деп айтышат. Ал эми экинчи бөлүгү (мутааххирун) болсо, истисхаб далилин жаңы өкүм берип жатканда да, эски өкүмдү өз күчүндө калтырууда да, далил катары колдонууга жарактуу экендигин айтышкан.[130]

130 Шавканий, ***Иршаду аль-фухул ила тахкики аль-хакки мин аль-усул***, 1-т, 975.

# ТӨРТҮНЧҮ БӨЛҮМ
# УСУЛУ АЛЬ-ФИКХТА ӨКҮМДӨРДҮН КАРАЛЫШЫ

# 1. ШАРЪИЙ ӨКҮМ

## 1.1. Аныктамасы

أَثَرُ خِطَابِ الشَّارِعِ الْمُتَعَلِّقُ بِأَفْعَالِ الْمُكَلَّفِينَ طَلَبًا أَوْ تَخْيِيرًا أَوْ وَضْعًا[131]

Шарий өкүм – бул Алла Тааланын мукаллафтардан кандайдыр бир амалдын аткарып-аткарбашын талап кылган, же мукаллафтын өз эркине таштаган, же кандайдыр бир амалды башка бир амалды аткарууга себеп, шарт, тоскоол катары жараткан өкүмү деген маанини туюндурат.

## 1.2. Таклифий жана вазъий өкүмдөр

### 1.2.1. Таклифий өкүм

#### 1.2.1.1. Аныктамасы

هُوَ طَلَبُ الشَّارِعِ مِنَ الْمُكَلَّفِ فِعْلَ شَيْءٍ أَوْ تَرْكَهُ أَوْ تَخْيِيرَهُ بَيْنَ الْفِعْلِ وَ التَّرْكِ[132]

Таклифий өкүм – бул Алла Тааланын мукаллафтан бир ишти аткарышын, же аткарбашын, же мукаллафтын өз ыктыярына таштаган иштер деген маанини түшүндүрөт.

#### 1.2.1.2. Түрлөрү

Кандайдыр бир иштин аткарылышын талап кылуу "важиб" (фарз жана важиб) жана "мандуб" деген маанини түшүндүрсө, кандайдыр бир ишти аткарылбашын талап кылуу "арам" же "макрух" деген өкүмдү билдирет. Ал эми мукаллафтын өз ыктыярына ташталган иштер "мубах" деген өкүмдү туюндурат.

Мисалы, беш убак намаз окуу фарз,[133] витир намазын окуу важиб,[134] фарз намаздарды жамаат менен окуу мандуб[135] болуп саналат. Чочконун эти арам[136] жана деңиздеги суу жандыктары мубах[137] болуп эсептелет.

---

131 Халлаф, ***Иълму Усули аль-Фикх***, 77.

132 Щабан, ***Усулу аль-Фикхи аль-Исламий***, 218.

133 Кураны Карим, Ниса сүрөсү, 103.

134 Аскаланий, ***Булугу аль-Марам мин Жамъи Адиллати аль-Ахкам***, 69-71.

135 Мунзирий, ***Мухтасару Сахихи Муслим***, 108.

136 Кураны Карим, Маида сүрөсү, 3.

137 Кураны Карим, Нахл сүрөсү, 14.

Башкача айтканда, ханафийлерде суу жандыктары дегенде, бир гана балык эле эске келет. Ханафийлерди мындай түшүнүккө кириптер кылган фактор – алардын географиялык жайгашуусу деп айтууга болот. Анткени, бул мазхабды кармангандар көбүнесе деңиз же океандардан алыс жайгашкан. Балыктан башка суу жандыктарын жештин өкүмү болсо, азыркы күндө кишинин табитине жараша өзгөрүүгө тийиш. Себеби, азыркы учурда ханафийлердин деле суу жандыктарын жакындан таанып билиши, ошондой эле, арам деген тыюунун болбошу, жадагалса суу жандыктарынын елүмтүгүнүн да (эгер таабит көтөрсө) адал кылынышы, анан дагы аятта[138] وَهُوَ الَّذِي سَخَّرَ الْبَحْرَ لِتَأْكُلُوا مِنْهُ لَحْمًا طَرِيًّا жана хадисте هُوَ الطَّهُورُ مَاؤُهُ الْحِلُّ مَيْتَتُهُ[139] деп айтылып, суу жандыктары деген түшүнүккө (алардын эч бир түрү менен) чектөө киргизилген эмес.

### 1.3. Вазъий өкүм

#### 1.3.1. Аныктамасы

هُوَ جَعْلُ الشَّارِعِ شَيْئًا سَبَبًا لِشَيْءٍ آخَرٍ أَوْ شَرْطًا لَهُ أَوْ مَانِعًا مِنْهُ[140]

Вазъий өкүм – бул Алла Тааланын бир ишти башка бир иш үчүн себеп, же шарт, же тоскоол кылышы деген маанини туюндурат.

#### 1.3.2. Түрлөрү

Буга мисал катары уурулуктун колдун кесилишине,[141] убакыттын кириши намаздын фарз болушуна[142] себеп кылынышын айтууга болот. Ошондой эле, намаз окуу үчүн

[138] Курааны Карим, Нахл сүрөсү, 14.
[139] Мухаммед б. Иса Абу Иса ат-Тирмизий, ***Сунану ат-Тирмизий***, Тахкик: Ахмад Мухаммед Шакир, Бейрут: Дару Ихйаи ат-Тураси аль-Арабий, 1-т, 100. Хадистин котормосу: "Деңиздин суусу таза, анын ичинде өлгөн өлүмтүгү да (эгер табит тартса) адал".
[140] Щабан, ***Усулу аль-Фикхи аль-Исламий***, 216.
[141] Курааны Карим, Маида сүрөсү, 38.
[142] Курааны Карим, Ниса сүрөсү, 103.



дааратты н,[143] жоопкерчиликке тартылышы үчүн жеткинчектин балагатка жетишин[144] шарт кылынышын, бир өкүмдү аткарыш үчүн талап кылынган шарт катары айтууга болот. Анан дагы бир иштин башка бир ишке тоскоолдук жаратышына мисал катары, өз атасын өлтүргөн мураскордун мурастан кур калышын айтууга болот. Анткени, Аз. Пайгамбардын (с.а.в.) "لَا يَرِثُ الْقَاتِلُ" аттуу хадиси[145] так ушул маселеге тийиштүү хадис болуп эсептелет. Ошондой эле, хайз жана нифастын намаз окууга тоскоолдук жаратышы[146] да мунун мисалы катары айтылып кетүүгө тийиш.

### 1.4. Дүйнөлүк жааты жагынан өкүмдөрдүн анализделиши

Дүйнөлүк өңүтү жагынан өкүмдөр "сахих", "фасид", "батыл" деген түрлөргө бөлүнөт:

#### 1.4.1. Сахих

Сахих – бул рүкүндөрүндө эч кандай мүшкүл болбогон, адатта, кишинин андан пайдалануусуна эч кандай тоскоолдук жаратпаган нерсе. Мисалы, кишинин сатып алган нерсесин толук кандуу колдонууга укуктуу болушу.[147]

[143] Курааны Карим, Маида сүрөсү, 6.
[144] Кишинин жазага тартылышы үчүн ага жүктөлгөн өкүмдү түшүнө алчу психологиялык жана ошол өкүмдү аткарчу физиологиялык күч болуусу шарт. Ал эми жаш балада мындай өзгөчөлүктөрдүн эч бири жок. Мындай сыпатка ээ болбогон жаш баланы жоопкерчиликке тартуу – Алла Тааланын "Адилеттүү" деген сыпатына шек келтирет. Ал эми кудуреттүү Алла Таала мындай сыпаттан аруу.
[145] Zümrüt, ***İslam Hukukunda Miras Engellerinden Öldürme (Katl) Suçu ve Sonuçları***, 25-60. Хадистин котормосу: "Атасын өлтүргөн мураскор, мурас алуу укугунан ажыратылат".
[146] Абу Зайд аш-Шалабий, ***аль-Мифтах Шарху Нури аль-Изах***, Стамбул: Мактаба Ясин, 42; Хасан б. Аммар аш-Шурунбулалий, Тахкик-таълик:Абдуссалам б. Абдилхадий Шаннар, ***Мараки аль-Фаллах Шархи Матни Нури аль-Изах***, Дамаск: Мактабату Дари ад-Дакаик, 2014, 127.
[147] Курааны Карим, Ниса сүрөсү, 29.

б) Мудаййак вактуху: Мисалы; Рамазан айында тутулган орозо.

Аятта орозонун Рамазан айында гана кармалуусунун фарз кылынгандыгы айтылат.[154] Башкача айтканда, киши Рамазанда нафил орозого ниет кылса, анда кармаган орозосу Рамазан айынын (фарз) орозосу деп кабыл алынат.

в) Зуу аш-шабахайн: Мисалы; ажылык маселеси.

Кишинин күч-кубаты жеткенчекти ажылык ага убактысы чектелбеген ибадат болуп саналат. Бирок, ажыга барган соң (ал жерде) бир гана фарз болгон ажылыкты аткарууга милдеттүү. Башкача айтканда, нафил ажылыкка ниет кылса да, ал ажылыгы фарз ажылыкка өтөт.

3) Мухаддад микдаруху: Мисалы, мурастагы өлчөмдөр.

Курандагы эң майда-барат маселесине дейре каралган темалардын бири мурас маселеси болуп эсептелет.[155] Жадагалса, кээ бир аалымдар мурас маселесинде акылга орун калбагандыгын айтышкан. Чындыгында эле, Ислам дининде мурас укугуна тийиштүү "асбабу аль-ирс", "тарака", "варис", "муурис", "асхабу аль-фараиз", "аъсаба", "асхабу ар-рад", "зави аль-архам", "мавла аль-мувала", "васия", "байту аль-мал", "мавaниу аль-мирас", "хажб" ж.б.[156] өңдүү терминдер бул тармактын мыкты абалда каралгандыгын билдирет.

4) Гайру мухаддад микдаруху: Мисалы; Алла жолунда тасаддук кылуу.

Кураны Каримда мусулмандарды жоомарттыкка жана берешендикке үгүттөп, Алла Тааланын ыраазычылыгын үмүт кылып, аны жолунда садака берүүгө чакырат. Бирок, бул

[154] *Кураны Карим*, Бакара сүрөсү, 183-185.

[155] *Кураны Карим*, Ниса сүрөсү, 7, 11-14, 19, 33, 176.

[156] *Жогорудагы* терминдер менен жакындан таанышуу үчүн бул багытта атайын жазылган төмөндөгү китептерге кз; Мухаммед Шаххат аль-Жундий, ***аль-Мирас фи аш-Шарияти аль-Исламиййа***, Каир: Дару аль-Фикри аль-Арабий, 1993; Наср Фарид Мухаммед Васил, ***Фикху аль-Маварис ва аль-Васиййа фи аш-Шарияти аль-Исламиййа: Дираса мукарана***, Каир: аль-Мактаба ат-Тавфикиййа, 1995.



маселе эч бир өлчөм жана убакыт менен чектелген эмес. Негизи, садака – бул коомдогу колунда бар бай кишилерде сакталып турган кедей-жардылардын акысы болуп саналат.[157]

Эгерде, Ислам дининдеги зекет, садака, инфак, үшүр ж.б. маселелерди толук түшүнүп, колунда барлар өз мал-мүлкүн аманат деп билсе, ошондой эле, атайын садака жана зекет фонддору түзүлүп, келип түшкөн садака-зекеттерди өз ээлерине адилеттүүлүк менен жеткизилип турган болсо, анда коомубузда мечит-медреселердин тегерегин жапырт каптап, суукта көгөрүп, ысыкта тердеп-тепчип тилемчилик кылган, өз акысын алкымы чоң, ынсабы жок мансаптууларга алдырып ийген, аргасыздан ушул ишке кол урган, бир да кедей-кембагал калмак эмес. Албетте, иштегенге жарактуу кишилердин тилемчилик менен алектенүүсүнө Аз. Пайгамбарыбыз (с.а.в.) да уруксат берген эмес.[158]

5) Муъаййан важиб: Мисалы; намаз окуу жана орозо кармоо.

Мындай ишти аткаруу ар бир мусулмандын жеке милдети болуп эсептелет.[159] Башкача айтканда, киши башкасынын атына жооп бербейт.[160] Жеке өзүнүн аткарган амалдарына жараша сыйлык же жаза алат.[161]

6) Мухаййар важиб: Мисалы, касам ичүү каффаратындагы жазаларда мухаййардык (тандоо укугу).

Жогорудагы айтылган касам ичүүдөгү жазалар 10 кедейдин курсагын тойгузуп кийим алып берүү, же 1 кулду боштондукка чыгаруу, же 3 күн катары менен орозо кармоо деген түрлөргө

[157] Кураны Карим, Бакара, 3, 171; Ниса сүрөсү, 114; Тообо сүрөсү, 103 ж.б. аяттар.

[158] Бул тууралуу, Аз. Пайгамбардын ден-соолугу чың жаш жигитке, базардан балта сатып алып берип, тоодон отун алып келип базарда сатып, жан багуусун буйругандыгын далил катары айтып кетүүбүз орундуу болот.

[159] Кураны Карим, Ниса сүрөсү, 103; Бакара сүрөсү, 181-185.

[160] Кураны Карим, Нажм сүрөсү, 38.

[161] Кураны Карим, Зилзал сүрөсү, 7-8.

бөлүнөт. Каффарат жазасын орундатуучу киши жогорудагы үч жазанын каалаганын аткарууга укуктуу болуп саналат.[162]

### 1.5.3. Сүннөт

Сүннөт – өз ара Аз. Пайгамбардын (с.а.в.) дайыма аткарып жүргөн сүннөттөрү (муаккад) жана чанда аткарган (гайру муаккад) сүннөттөрү деп экиге бөлүнөт. Муаккад сүннөткө намазды азан жана каамат менен башташын жана намаздарды дайыма жамаат менен окушун мисал келтирүүгө болот.

Ал эми гайру муаккад сүннөттөрүнө, анын кадимки дигер жана куптан намаздарынан мурдагы сүннөт намаздарды кээде окуп, кээде окубашын мисал келтирүүгө болот. Ошондой эле, анын үммөтүнүн кайсы сүннөттөрүн аткарууга милдеттүү, кайсы сүннөттөрүн аткарбоого укуктуу, кайсы сүннөттөрүн аткарса сооп берилери, кайсы сүннөттөрүн аткарса күнөөкөр болоору, жогорудагы аслий далилдердин арасынан сүннөт темасында толук каралып чыгылган.

### 1.5.4. Арам

Арам – бул Алла Тааланын мукаллафтардын (кандайдыр бир себептерден жана хикматтардан улам) аткарбашын талап кылган амал болуп эсептелет.[163] Алла Таала мындай иштерди мукаллафтардан талап кылууда субуту жана далаалаты катъий болгон арам нерселер да, өз ара харам ли айнихи (затий арам) жана харам ли гайрихи (хукмий арам) деп экиге бөлүнөт. Буга мисал катары, түрүш-турпаты менен арам болгон доңузду затий арам, бирөөгө зыян жеткизгендигинен улам тыюу салынган уурулукту хукмий арам деп айтууга болот.

[162] Кураны Карим, Маида сүрөсү, 89.
[163] Щабан, ***Усулу аль-Фикхи аль-Исламий***, 237.



### 1.5.5. Макрух

Макрух – бул Алла Тааланын мукаллафтардын аткаруусун туура деп баалабаган иш-аракеттери деген маанини туюндурат. Макрухту чачтардын карага боёп, башка бирөөлөрдү алдоо сыяктуу арамга жакын (тахриман макрух) болгон түрү, ошондой эле дааратсыз азан чакыруу өңдүү танзихан макрух деген түрлөрү бар.

## 1.6. Талаптын камтыган объектиси жагынан өкүмдүн түрлөрү

Талаптын камтыган объектиси жагынан өкүмдөр "азиймат" жана "рухсат" деп экиге бөлүнөт. Азиймат – бул ар бир иштин негизги түрү болсо, рухсат маселеси – бул кыргыз тилиндеги уруксат маанисин түшүндүрөт. Рухсат менен амал кылуу үчүн мажбур калган жагдайдын анык болушу, аны аткарбаса кишинин өмүрүнө доо келтирилиши же дене-мүчөсүнөн ажырап калуу коркунучу болсо, ошол мажбур калган иштин өз өлчөмү менен гана аткарылышы, шарияттын жанды сактап калуу өңдүү максаты менен шайкеш келиши сыяктуу шарттар талап кылынат.[164] Азийматка мисал катары, негизи төрт ирекеттүү фарз намаздарды, адатта, төрт ирекет абалында окулушун айтууга болот. Бирок сапарга чыккан кишинин, аны эки ирекет иретинде, кыскартып окушуна шарият уруксат берген.[165]

Ал эми рухсат өз ара төмөндөгүдөй түрлөргө бөлүнөт:

*1. Арам болгон ишти аткаруу:* Мисалы, кишинин каракчылар тарабынан өлтүрүлүшү, же кандайдыр бир дене мүчөсүн кесип салуу коркунучу болсо, андай учурда шарият бардык арам иштерди аткарууга уруксат берет. Буга кишинин жүрөгүндө шек-күмөнгө орун берилбестен туруп айтылган "Алла жок!" деген сөздү мисал келтирүүгө болот. Эгерде,

[164] Усама Мухаммед ас-Саллабий, ***ар-Рухасу аш-Шаръиййату: Аххамуха ва Дававитуха***, Дару аль-Иман, 2002, 126-132.
[165] Даббусий, ***Таквиму аль-Адилла***, 81-86. Кураны Карим, Ниса сүрөсү,101.

мындай абалдагы киши каракчылардын талаптарын аткарбай өлчү болсо, анда өз жанын кыйган болуп саналат. Кишинин дене-мүчөлөрүнөн бирин кесип салуу коркунучу болсо, анда рухсаттын биринчи түрү ишке ашырылат.[166]

2. *Важиб амалды аткарбай коюу*. Мисалы; аятта فَمَنْ كَانَ مِنْكُمْ مَرِيضًا أَوْ عَلَى سَفَرٍ فَعِدَّةٌ مِنْ أَيَّامٍ أُخَرَ деп айтылып, сапарга чыккан адамдын сапар учурунда орозо кармабай коюуга укуктуу экендиги, кийин мүмкүнчүлүгү болгондо кармап берип коюуга болору айтылган.[167] Бирок, сапарда болгондугуна карабастан орозо кармачу болсо, анда ал орозо дагы жакшыраак (сооптуу) деп эсептелет.

3. *Уруксат берилген келишимдер*. Мисалы; аъкду ас-салам келишими.

Салам келишими – алуучунун накталай акчасы болгону менен сатуучунун сатыла турган нерсеси али жок болгон келишим дегенди билдирет. Бул туурасында аятта يَا أَيُّهَا الَّذِينَ آمَنُوا إِذَا تَدَايَنْتُمْ بِدَيْنٍ إِلَى أَجَلٍ مُسَمًّى فَاكْتُبُوهُ[168] деп буйрулган. Аз. Пайгамбар (с.а.в.) Меккеде жашап турган кезинде, өз ара мүшкүл жаралбашы үчүн соодагерлерге кайрылып, لَا تَبِعْ مَا لَيْسَ عِنْدَكَ[169] деген хадисин айткан. Бирок, Мединага журт которуп барган соң, мединалыктардын даттануусунан улам, аларга مَنْ أَسْلَمَ مِنْكُمْ فَلْيُسْلِمْ فِي كَيْلٍ مَعْلُومٍ وَ وَزْنٍ مَعْلُومٍ إِلَى أَجَلٍ مَعْلُومٍ деп кайрылып, сатылуучу нерсенин түрү, өлчөмү, баасы, убактысы белгилүү болуу шарты менен салам келишимине уруксат берген.[170]

4. *Кыйынчылык жаралган учурда аткарбай коюуга уруксат берилген иштер.*

[166] Ибрахим аш-Шаший, ***Усулу аш-Шаший***, 198.
[167] Курааны Карим, Бакара сүрөсү, 184.
[168] Курааны Карим, Бакара сүрөсү, 282.
[169] Тирмизий, ***Сунан***, 1232; Ибн Мааджа, ***Сунан***, 2187.
[170] Бурханиддин аль-Маргинаний, ***аль-Хидая Шарху Бидаяту аль-Мубтадий***, 3-т, 196.



Мисалы, бизден мурдагылардын шариятында кишинин тообосу кабыл болушу үчүн анын өлтүрүлүшү, нажасатты тазалоо үчүн кийимдин ошол жерин кесип салынышы, ¼ өлчөмдө зекет берүү маселелери, албетте, Аз. Мухаммеддин (с.а.в.) үммөтү үчүн аткаруу шарт эмес. Мындай учурда жогорудагы иштерди аткарган киши күнөөкөр деп эсептелет.[171]

[171] Зухайлий, ***аль-Важиз фи Усули аль-Фикх***, 143.

# БЕШИНЧИ БӨЛҮМ
# ХАКИМ, МАХКУМУ ФИЙХ, МАХКУМУ АЛАЙХ

## 1. ХАКИМ

Хаким – бул Алла Таала деген маанини билдирет. Анткени өкүм берүү иши бир гана ага таандык. Кураны Каримда бул жөнүндө إِنِ الْحُكْمُ إِلَّا لِلَّهِ деп айтылган.[172] Ошондой эле, жогорудагы "Сүннөттүн Куранга карата аткарган функциялары" деген теманын астында, аят болбогон маселелерде Аз. Пайгамбарга (с.а.в.) жаңыча өкүм коюу укугу да берилгендигин эскерте кетүүбүз кажет. Бул маселе көптөгөн аяттарда да каралган.[173] Алла Таала адамзатка ыйык китептердин негизинде (пайгамбарлар аркылуу) тынымсыз динди жеткизип турган. Бул маселе туурасында, эгер кайсы бир коомго же жеке инсанга дин жетпей калса, анда анын акыреттеги абалы кандай болот деген суроо жаралат.

Бул маселе усулу аль-фикхта хусун жана кубух деген аталыштагы теманын астында каралат. Ащъарийлердин пикиринде акыл – өз алдынча Алла Тааланы таанып-билүүгө жөндөмдүү эмес. Ошондой эле, Алланын кишиден кайсы өкүмдөрдү аткарууну талап кылуусун биле албайт. Мына ошондуктан, ага дин жетпей туруп, жоопкерчиликке тартылчу болсо, бул деген Алла Тааланын адилеттүүлүгүнө шек келтирет деп айтышат.[174]

Ал эми муътазила болсо акыл – эч кандай вахийге муктаж эмес. Акыл өз алдынча жаратканды таануу менен бирге, анын кайсыл өкүмдөрдү аткарууну талап кылгандыгын да билүүгө жөндөмдүү деп айткан. Башкача айтканда, киши өз акылы менен жаратканды таанып, анын талап кылган өкүмдөрүн аткарбай акыретке сапар тарса, анда аны

---

172 Кураны Карим, Юсуф сүрөсү, 40.

173 Кураны Карим, Хашр сүрөсү, 7; Ниса сүрөсү, 65; Нур сүрөсү, 13.

174 Саьдуддин Масъуд б. Умар ат-Тафтазаний, ***ат-Талвих Аъла ат-Тавдих ли Матни ат-Танких фи Усули аль-Фикх***, Биринчи чыгарылыш, Бейрут: Дару аль-кутуби аль-Иълмиййа, 334.

## 1. ХАКИМ

Хаким – бул Алла Таала деген маанини билдирет. Анткени өкүм берүү иши бир гана ага таандык. Кураны Каримда бул жөнүндө إِنِ الْحُكْمُ إِلَّا لِلَّهِ деп айтылган.[172] Ошондой эле, жогорудагы "Сүннөттүн Куранга карата аткарган функциялары" деген теманын астында, аят болбогон маселелерде Аз. Пайгамбарга (с.а.в.) жаңыча өкүм коюу укугу да берилгендигин эскерте кетүүбүз кажет. Бул маселе көптөгөн аяттарда да каралган.[173] Алла Таала адамзатка ыйык китептердин негизинде (пайгамбарлар аркылуу) тынымсыз динди жеткизип турган. Бул маселе туурасында, эгер кайсы бир коомго же жеке инсанга дин жетпей калса, анда анын акыреттеги абалы кандай болот деген суроо жаралат.

Бул маселе усулу аль-фикхта хусун жана кубух деген аталыштагы теманын астында каралат. Ащъарийлердин пикиринде акыл – өз алдынча Алла Тааланы таанып-билүүгө жөндөмдүү эмес. Ошондой эле, Алланын кишиден кайсы өкүмдөрдү аткарууну талап кылуусун биле албайт. Мына ошондуктан, ага дин жетпей туруп, жоопкерчиликке тартылчу болсо, бул деген Алла Тааланын адилеттүүлүгүнө шек келтирет деп айтышат.[174]

Ал эми муътазила болсо акыл – эч кандай вахийге муктаж эмес. Акыл өз алдынча жаратканды таануу менен бирге, анын кайсыл өкүмдөрдү аткарууну талап кылгандыгын да билүүгө жөндөмдүү деп айткан. Башкача айтканда, киши өз акылы менен жаратканды таанып, анын талап кылган өкүмдөрүн аткарбай акыретке сапар тарса, анда аны

172 Кураны Карим, Юсуф сүрөсү, 40.
173 Кураны Карим, Хашр сүрөсү, 7; Ниса сүрөсү, 65; Нур сүрөсү, 13.
174 Саъдуддин Масъуд б. Умар ат-Тафтазаний, ***ат-Талвих Аъла ат-Тавдих ли Матни ат-Танких фи Усули аль-Фикх***, Биринчи чыгарылыш, Бейрут: Дару аль-кутуби аль-Иълмиййа, 334.

жараткандын суракка тартышы, анын адилеттүүлүгүнө шек келтирбейт.[175]

Матуридия мазхабында акыл – өз алдынча жаратканды таанууга гана жөндөмдүү. Бирок, кандай өкүмдөрдү талап кылгандыгында вахийге муктаж деп айтат. Башкача айтканда, киши өз акылы менен жаратуучусун табышы мүмкүн. Бирок, кишиден кандай өкүмдөрдү аткарууну талап кылгандыгын биле албайт.[176]

## 2. МАХКУМУ ФИЙХ

Махкуму фийх – бул жогоруда айтып өткөн шарий өкүмдөр деген маанини билдирет. Шарий өкүмдөрдүн аткарылышы үчүн мукаллафтын ал жөнүндө толук маалыматка ээ болушу зарыл. Буга мисал катары намаз окууну айтууга болот. Киши намаздын фарз экендигин, анын хикматтарын, пайдаларын, ж.б. намазга тийиштүү маселелер жөнүндө толук маалыматка ээ болуусу керек. Ошондой эле, намаздын ибадат экендигин да түшүнүүсү шарт. Эң негизгиси, ошол намаз кишинин күч-кубаты жетчү иш болууга тийиш.[177]

Башкача айтканда, киши намаз окуу үчүн оболу намаздын кантип окулушу туурасында толук маалыматка ээ болушу, аны ким үчүн аткарып жаткандыгын баамдап билиши зарыл. Ал эми кишинин күчү жетпеген амалдардан жоопкерчиликке тартылышы адилеттүүлүккө жатпайт. Буга мисал катары кишинин өз атасын курбан чалуусун айтууга болот. Тагыраак айтканда, киши эч бир убакта өз атасын

[175] Саъдуддин ат-Тафтазаний, ***ат-Талвих аъла ат-Тавдих ли Матни ат-Танких фи Усули аль-Фикх***, Биринчи чыгарылыш, 334-335.
[176] Atar, ***Fıkıh Usûlü***, 9. Baskı, 109.
[177] Аъднан Махмуд аль-Ассаф, "аль-Махкуму аль-Фийх фи Зилли Макасиди ат-Ташриъи аль-Исламий", Мажаллату аш-Шариъати ва ал-Канун ли Жамиати аль-Урдуниййа, 33/2008, (Зулхижжа), 234.



курбан чала албагандыгынан, мындан жоопко да тартылбайт.[178]

Мукаллафтан талап кылынган шарий өкүмдөрдөгү кыйынчылыкты "кишинин күчү жетчү" жана "кишинин күчү жетпеген" деп экиге бөлүп анализдөө зарыл. Биринчиси, кадимки Рамазан орозосун кармоо. Киши мындай орозону кармоодо кыйналышы мүмкүн. Бирок, кармоого күчү жетет. Экинчиси, савму аль-висал орозосун кармоо деп айтууга болот. Савму аль-висал орозосун кармоого кадимки кишинин күчү жетпейт. Мына ошондуктан Аз. Пайгамбар (с.а.в.) өз сахабаларына мындай орозо кармоону арам кылган.[179]

Махкуму фийхтин (өкүмдүн) "Бир гана Алланын акысы", "Бир гана кишинин акысы", "Алланын акысы оор баскан акы", "Кулдун акысы оор баскан акы" деген түрлөрү бар. Бир гана Алла Тааланын акысына ибадат, фитр садакасы, үшүр, хараж, зина хадди, катилдин мурастан кур кол калышы, каффараттар, хумус өңдүү маселелер кирет.[180]

Бир гана кишинин акысына анын жекече мал-мүлкүн каалагандай колдонуу укугун мисал келтирүүгө болот.[181] Ал эми Алла Тааланын акысы оор баскан акы-укук маселесине, намысына бек аял кишиге тил узатуунун (казф хадди) жазасын мисал келтирүүгө болот. Башкача айтканда, Алла Таала

[178] Ахмад аль-Хусарий, ***Назарияту аль-Хукм ва Макасиди ат-Ташриъи фи Усули*** Египет: Мактабату Куллийяати аль-Азхарийа, 1981, 196-208.
***аль-Фикх аль-Исламий***, Египет: Мактабату Куллийяати аль-Азхарийа, 1981, 196-208.
[179] Бул маселе Ислам укугу методологиясында "таклийфу маа лаа ютак" деген теманын астында каралат. Бул темада өкүмдөрдүн кишинин күч-аалынын жетип жетпешине жараша абалы өзгөрүүгө учурайт. Бул темада кеңенирээк маалыматка ээ болуу үчүн кңз; Мухаммед Аъммара, ***аль-Ислам ва Фалсафату аль-Хукм***, Египет: Дару аш-Шурук, 1989.
[180] Саъдуддин ат-Тафтазаний, ***ат-Талвих аъла ат-Тавдих ли Матни ат-Танких фи Усули аль-Фикх***, Биринчи чыгарылыш, 315-323; Щабан, ***Усулу аль-Фикхи аль-Исламий***, 266-269.
[181] Саъдуддин ат-Тафтазаний, ***ат-Талвих аъла ат-Тавдих ли Матни ат-Танких фи Усули аль-Фикх***, Биринчи чыгарылыш, (Шарху ат-Талвих), 323.

коомдук тартиптин күзөтүлүүсү үчүн мындай иштерди аткарууга тыюу салган.[182]

Кишинин акысы оор баскан акы-укукка мисал катары, атайын киши өлтүрүүдөгү кысас маселесин мисал келтирүүгө болот. Анткени, кысас маселесинде кишинин кысас алууга, кун төлөтүп алууга, кечирүүгө толук укуктуу экендиги каралган. Эгерде, кылмышкер жакыны өлтүрүлгөн киши тарабынан эч кандай жазыкка тартылбаса, анда Алла Тааланын жердеги өкүмдары деп бааланган халифа, милдети катары ошол кылмышкерди жазага тартууга укуктуу болуп эсептелет.[183]

## 3. МАХКУМУ АЛАЙХ (МУКАЛЛАФ)

Махкуму алайх деген терминдин мааниси – өкүмдү аткарууга милдеттүү болгон мукаллаф дегенди билдирет. Өкүмдү аткаруучу киши толук мукаллафиятка (ахлияту аль-вужуб/укуктуу жана ахлияту аль-адаа/милдеттүү) ээ болушу шарт. Кишинин өкүмдү аткаруу этаптары ар башка укуктук маанилерди туюндурат жана алар төмөндөгүчө:

### 3.1. Жаниндик доору

Сперманын энелик жатынга түшүүсүнөн тарта төрөлгөнгө чейинки убакыт (9 ай 10 күн) *"жаниндик доору"* деп аталат. Мындай убактагы ымыркайдын теги анык деп эсептелип, ата-энесинин тууган-туушкандары менен болгон туугандык байланышы, туугандыкка негизделген акы-укуктарга ээ болушу, азаттыкка чыгышы, осуят алышы өңдүү акы-укуктарга ээ боло алат.

[182] Абу Мухаммед Иъззуддин б. Абдилазиз б. Абдиссалам, ***Мухтасару аль-Фаваид фт Ахками аль-Макасид***, Тахкик-Таълик: Салих б. Абдилазиз б. Ибрахим Аали Мансур, Рияд: Дару аль-Фуркан, 1997, 131.

[183] аль-Имам ат-Туфий, ***Рисала фи Риъаяти аль-Маслаха***, Тахкик: Ахмад Абдуррахман ас-Сайих, Египет: ад-Дурару аль-Мисриййа аль-Лубнаниййа, 1993; Абдулмажид ас-Сагир, ***аль-Фикру аль-Усулий ва Ишкалиййату ас-Султа аль-Иълмиййа фи аль-Ислам: Кираатун фи Нашьати Иълми аль-Усул ва Макасиди аш-Шариъя***, Лубнан: Дару аль-Мунтахаби аль-Арабий, 1994, 83.



Башкача айтканда, түйүлдүктүн бар экендиги анык болсо, анда тирүү төрөлүү шарты менен жогорудагы иштер жүзөгө ашат. Ал эми анын атынан садака берилиши, соода-сатык келишиминин түзүлүшү, мал-мүлкүнүн бир бөлүгүн бирөөгө хиба кылынышы, кыскасы, анын мүлкүн азайтуучу иш-аракеттер укуктук мааниге ээ эмес деп эсептелип, анын пайдасына чечим чыгарылат. Ошондой эле, балага пайда алып келүүчү икрарлар да укутук мүнөзгө ээ.[184]

Анын тирүү төрөлүшү жөнүндө эки ооз сөз кыла кетели. Эгерде, бала кадимки эле тирүү абалда төрөлсө, жогорудагы акы-укуктарына автоматтык түрдө ээ боло алат. Ал эми жатында тирүү болуп туруп, төрөлчү убакты келгенде өлүп калса, же төрөтүлүп жатканда өлүп калчу болсо, анда бул жагдай "такдирий абалда тирүү төрөлдү" деп эсептелип, алган мурастарын өзүнүн мураскорлоруна эмес, мурас алган кишинин (балага мурас таштаган жана андан мурда өлгөн киши) мураскорлоруна таратылат. Бул доордогу ымыркай (алдей) толук эмес вужуб ахлиятына ээ деп эсептелет.

### 3.2. Балалык чагы

Бул доор баланын төрөлүшүнөн тартып, ак менен караны, пайда менен зыянды ажырата биле турган, усулу аль-фикхтагы тамйиз дооруна чейинки убакытты камтыйт. Бул доордо бала толук вужуб ахлиятына ээ жана адаа ахлиятына ээ эмес деп эсептелет. Башкача айтканда, мураскор болгонго жана мурас таштаганга укуктуу болушу, мал-мүлкүнүн үшүрүн, битир садакасын, хараж өңдүү салыктарды төлөшү, анын атына катталган мал-мүлктүн салыгын, ижарасын, ж.б. төлөшү, нафакадан (эгер акчасы көп жана тууган-туушкандары кедей болсо) жана махрдан (эгер үйлөндүрүлүп салса) жоопко тартылып башташы, башкалардын мал-мүлкүнө зыян жеткизүүсү жана зыянын төлөп берүүгө милдеттүү (хадд,

[184] Мехмет Эрдем – Саффет Кесе, ***Ислам Укугуна Киришүү***, Биринчи чыгарылыш, 205-206.

кысас, таъзир жазасынан сырткары) болушу, иътикадий жана амалий маселелердин баарынан жоопко тартылбашы, аткарган пайда-зыян иштерине анын валийсинин жооп бериши, валийсин өлтүрүүдө мурастан кур калбашы өңдүү акы-укуктарга ээ болуп, милдеттерден да жоопко тартыла баштайт.[185]

### 3.3. Тамйиз доору

Тамйиз доору – баланын пайда зыянды ажырата баштагандан балагатка жеткенге чейинки убакытты түшүндүрөт. Бул доордо баланын вужуб ахлияты толук, адаа ахлияты накис деп эсептелет. Бул доордо анын пайдасына тийиштүү иштерин укуктук мүнөзгө ээ деп кабыл алынып, зыянына болгон иштерин укуктук мүнөзгө ээ эмес деп табылышы, пайда зыяндын ортосундагы иштерде валийсинин уруксатына[186] каралышы негизги принцип болуп саналат.

Бул жаш-курактагы баланын айткан сөзү жана аткарган кыймыл-аракетинин натыйжасында (тарбия максатындагы иштеринен сырткаркы иштерде) жазага тартылбашы, иътикадий жана амалий иштеринин кабыл алынышы, өз мал-мүлкүнөн садака бериши, хиба кылышы, вакф кылышы, карыз бериши, кепилдик бериши сыяктуу мал-мүлкүн азайтууга себепкер болгон иштери, валийси уруксат берген чакта да, укуктук жактан эч кандай мааниге ээ болбойт. Мумаййиз баланын хиба, садака, васият өңдүү нерселерди кабыл алышы, тоодон отун топтошу жана уу айбандарын уулашы сыяктуу пайдалуу иштери валийсинин уруксатысыз эле сахих деп табылат. Келишим түзгөн соода-сатыгы, рахин ташташы, ижаара иштери, үйлөнүшү, бир соодагер менен ортоктош болушу өңдөнгөн пайда же зыяндын ортосундагы иштери болсо, анын валийсинин уруксатына байланыштуу болушу

[185] Orhan Çeker, ***İslam Hukukunda Çocuk***, İstanbul: Kayıhan Yayınevi,1990,72.

[186] Кураны Карим, Бакара сүрөсү, 282.



өңдүү маселелер, баланын тамйиз доорундагы иштери катары каралат.[187]

### 3.4. Балагатка жетиши

Балагатка жетүү – бул жеткинчектин психологиялык жана физиологиялык жактан жоопкерчиликти (өкүмдү) сезе билүүсү деген маанини түюндурат. Бул доордо баланын вужуб (укуктары) жана адаа (милдеттери) ахлияты толукталат. Тагыраак айтканда, кандайдыр бир амалды аткарууга укуктуу же милдеттүү боло баштаган курак болуп саналат. Кыргыз элинде кыздар тогуз жаштан, ал эми эркектер он эки жаштан балагатка жетет деген, негизсиз жана туура эмес түшүнүк, мурдагы чала сабат молдолордун шалакалыгынан келип чыккан.

Анткени, араптарда географиялык климат баланы ошол убакта балагатка жеткирүүчү өзгөчөлүккө ээ болсо, ал эми бизде ал жаштагы кыз куурчак, бала машине оюнчук ойногон убак болуп саналат. Ошондуктан, араптардын үрп-адатын эмес, Ислам дини буйруган иштерди аткаруубуз шарт!

Ушуга таянып, Абу Ханифа кыздарды он жети, эркектерди он сегиз жашынан балагатка жетет деп эсептеген. Ал мындай эсептөөдө камарий жыл санагын негиз алган.[188] Ушул жаштан тарта акыл оорусу менен оорубаган, дене-мүчөлөрүндө өкүмдөрдү аткарууга тоскоолдук жаратчу оруулар болбогон улан-кыздар, бул курактан баштап жогорудагы шарий өкүмдөрдөн жоопко тартыла баштайт.

[187] Щабан, ***Усулу аль-Фикхи аль-Исламий***, 280-281; Халлаф, ***Иъльму Усули аль-Фикх***, 102-106; Зухайлий, ***аль-Важиз фи Усули аль-Фикх***, 157-159.

[188] Hayreddin Karaman, ***Mukayeseli İslam Hukuku***, 7. Baskı, İstanbul: İz Yayıncılık, 2012, с.1, 259-260; Бул маселе боюнча кененирээк маалымат үчүн кара: Бассам Абдилвахаб Жабий, ***Мажаллату аль-Ахкаму аль-Адлийя***, Биринчи чыгарылыш, Бейрут: Дару Ибн Хазм, 2001, 985-989-пункттар.

## 3.5. Кишиликтин аякташы

Кишиликтин аякташы – бул кишинин шарий өкүмдөрдү аткаруусуна чекит коюлушу деген маанини билдирет. Кишиликтин аякташына өз таасирин тийгизген бир канча фактордор бар. Аларды кыскача кишинин жинди болушу (جنون), акылынын кем болушу (عته), пайда зыянды ажырата билбеши (سفه), бир нерсени аткарууну унутуп калышы (نسيان), эс-учун жоготуп, эсинен танып калышы (إغماء), катачылык менен тыюу салынган ишти аткарышы (خطأ), ичимдиктин натыйжасында мас болушу (سكر), кандайдыр бир ишти аткарууга мажбурланышы (إكراه), кишинин чыныгы (موت) жана хукмий абалда өлүшү (موت حكمي) деп атоого болот.[189]

1. Кишинин жинди болуп калышы (جنون) анын вужуб ахлиятын жокко чыгарбайт. Башкача айтканда, анын башкалардан алуучу акы-укуктарын текке кетирбейт. Ал эми дени сак мукаллафтардан талап кылынган өкүмдөрдүн жинди кишиден талап кылынышы акылга сыйбаган иш. Анын аткарган иштеринин өкүмү пайда-зыянды ажырата албаган жаш баланын өкүмүндө каралат.[190]

2. Ал эми кишинин атых (عته) деген сыпатка ээ болушу, анын кылмыш аракеттерин эки категорияда анализдөөгө турат. Биринчиси, жинди кишидей эле даражада акылы кем болсо, анда анын аткарган иштери да жиндинин аткарган иштериндей өкүмдө каралат. Экинчиси, бул акылы соо кишиникиндей толук өнүкпөгөн, бирок, жинди кишиден көрө пайда-зыянды аз да болсо айырмалай алчу акылга ээ болгон киши. Анын аткарган иштери болсо жогорудагы мумаййиз балдардын аткарган иштери менен бирдей өкүмгө ээ.[191]

---

[189] [illegible] фи Усул ал-Фикх, [illegible].
[190] [illegible]
[191] Саъдуддин ат-Тафтазаний, ат-Талвих аъла ат-Тавдих ли Матни ат-Танких фи Усули аль-Фикх, Биринчи чыгарылыш, [illegible].



3. Пайда зыянды ажырата албаган сафах (سفه)кишилерди жинди же акылы кем деп айтууга болбойт. Анткени, алар вужуб жана адаа ахлиятынын экөөсүнө да ээ. Мына ошондуктан ал бардык өкүмдөрдөн жоопко тартылат. Бир гана мал-мүлкүн өз орду менен колдонбостон, ашыкча ысырапкорчулукка малынып калса, анда акылына келгичекти мамлекет анын мал-мүлкүн конфискациялоого укуктуу деп айтылат.[192]

4. Кишинин эркин жана каалоосун жокко чыгарган дагы бир фактор бул унутуп калуу (نسيان). Кыскасын айтканда, унутуп калуу Алла Таала үчүн аткарылган ибадаттарда кечиримдүү деп кабыл алынат. Буга мисал катары орозо кармаган кишинин унутуп жеп-ичип алышын, кандайдыр бир жандыкты мууздап жатканда Бисмиллахты унутуп калуу ж.б. иштерди айтууга болот. Ал эми адамдардын акысын унутуп калуу кишиге кечиримдүүлүк менен мамиле кылуу мүмкүнчүлүгүн бербейт.[193]

5. Кишиликтин аякташына өз таасирин тийгизген дагы бир фактор катары кишинин эс-учунан танып калышын (إغماء)айтууга болот. Мындай абалдагы кишинин эстен тануу мөөнөтү беш убакыт намаздан көпкө созулган болсо, анда ага намаздарын каза кылып окуу талабы жүктөлбөйт. Бул көрүнүш азыркы учурда күндөп-түндөп, жадагалса айлап-жылдап, кадимки комада жатып калган кишилерде кездешпей койбойт. Тагыраак айтканда, мындай абалдагы кишинин Алла Таала аткарууну талап кылган өкүмдү аңдап түшүнүүгө, аны

---

[192] Хусрав, *Мирьату аль-Усул фи Шархи Миркати аль-Вусул*, 355-357.
[193] Саъдуддин ат-Тафтазаний, *ат-Талвих аъла ат-Тавдих ли Матни ат-Танких фи Усули аль-Фикх*, Биринчи чыгарылыш, 354.

аткарууга психологиялык жана физиологиялык мүмкүнчүлүгү жок.[194]

6. Катачылык – бул кишинин бир ишти аткарууда негизги максатына эмес, күтүлбөстөн жаралып калган башка максаттагы иштери (خطأ) болуп саналат. Киши катачылык менен аткарган ишинде Алла Тааланын акы-укуктарына тийиштүү [illegible] кечиримдүү деп кабыл алынат. Бирок, [illegible] тийиштүү маселелерде [illegible] ээ эмес. Буга мисал катары [illegible] жүргөн кишинин, башка бирөөнүн [illegible] мына ушул себептүү анын акчасын [illegible] болот.[195]

[illegible] ичимдик ичип мас болуу (سكران) [illegible] Ислам укугунун адистери эки категорияда [illegible] Биринчиси, ичимдик деп эсептелбеген дары-[illegible] соң, же икрах абалында мажбур калып [illegible] кийинки мастык абалы. Мындай мастык [illegible] ар бир аткарган иш-аракеттери [illegible] эсептелет. Башкача айтканда, аткарган иш-[illegible] жоопко тартылбайт.[196] Экинчиси, кишинин өз [illegible] ичимдик ичип мас болгон абалы. Мындай [illegible] киши теориялык жактан аткарган бардык [illegible] тартылбашы керек. Анткени, бир [illegible] тартылуу үчүн кишинин акылы жана [illegible] болуусу шарт. Бирок тыюу салынган арам [illegible], анын натыйжасында көптөгөн туура

[194] [illegible]
[195] [illegible]
[196] [illegible]



эмес иштерди жасагандыгынан, жаза катары бардык аткарган иштеринен жоопко тартылат.[197] Мындай жазанын берилишинде мусулман коомчулугунда арам иштердин аткарылуусуна бөгөт коюу максат кылынган.

Ал эми икрах (إكراه) маселеси усулу аль-фикхта бир топ талаш-тартышты жараткан маселе болуп саналат. Анткени, икрах абалында кишинин ошол ишке ыраазычылыгы жана эки иштен бирин тандоо укугу талаш жаратып келет. Ихрахты "икраху мулжий" жана "икраху гайру мулжий" деп экиге бөлүп анализдөө зарыл. Икраху мулжий – бул киши аткарбай турган болсо жанынан же бир дене мүчөсүнөн кол жууп калуу коркунучун туудурган икрах болуп саналат. Башкача айтканда, киши мындай иштеринен улам жоопко тартылбайт. Мындай ишти аткарбай жанынан айрылган киши өз жанын кыйган менен барабар.[198]

Ал эми икраху гайру мулжий болсо, киши чыдай турган абакка олтургузуу, өлтүрбөй турган даражада ур-токмокко кабылуу ж.б. икрахтарды түшүндүрөт. Мындай икрахка кабылган киши аткарган ар бир иштеринин акыбетин көрөт. Башкача айтканда, айткан сөздөрү жана аткарган иш-аракеттери укуктук мааниге ээ деп эсептелет. Мисалы, бир кишинин эки аялынан бирине талак бербесе, атылып кетүү коркунучунан улам бирөөсүнө талак бериши. Албетте, бир жагынан алып караганда, киши икрах жолу менен аткаргандыгы үчүн аткарган ишинде анын ыраазычылыгы жок. Бирок, ошол эки аялынын бирине талак берүүдө, анын өз эрки менен тандоо укугу жокко чыгарылган жок. Мына

[197] Ахмад аль-Бухарий, ***Кашфу аль-Асрар аън Усули Фахри аль-Ислам аль-Баздавий***,4-т,490-495.
[198] Ахмад аль-Бухарий, ***Кашфу аль-Асрар аън Усули Фахри аль-Ислам аль-Баздавий***,4-т,537-569.

... мажбурий сурда болсо деле, тандап талак берген ... чекит коюлат.[199]

Кишиликтин [illegible] өз таасирин тийгизген факторлордун дагы бири – бул өлүм (موت). Фикх илиминде бул [illegible] өлүм жана хукмий өлүм деген эки теманын [illegible] каралат. Киши өлгөн учурда эч бир ишти аткарууга милдеттүү эмес. Анткени, анын зимматы жокко чыгарылды деп эсептелет.

Өлгөн кишинин төлөбөгөн карызы болсо, мындай учурда сахибайндын пикиринде, ал карызды балдары төлөөгө милдеттүү. Ал эми Абу Ханифанын пикиринде төлөөгө милдеттүү эмес. Ошондой эле киши өлбөстөн мурда денизде тор жайса, киши өлгөндөн кийин ага балык түшчү болсо, анда ал балыктар анын таракасына (артта калтырган мурасына) [illegible]

Киши өлгөндөн кийин деле кээ бир пассивдик [illegible] ээ боло алат. Башкача айтканда, кабырда жаткан [illegible] башка киши келип, анын кишилик [illegible] [illegible] иш-аракеттер менен кордосо, анда өлүктүн балдары аны соттотууга укуктуу болот.

Ал эми хукмий өлүм бул фикхтагы "[illegible]" жана "мафкуд" маселеси менен жакын мааниде колдонулат. [illegible] менен гаибдин [illegible] өндүү айырмачылыгы бар. Булардын жоголуусунан [illegible] мал-мүлктөрү мурас катары [illegible] жана мурас алууга да укуктуу эмес.

Бирок, мындай учурда казы гаибдин атынан мурастан үлүш ажыратып, эгерде тирүү болуп чыга келсе тапшырып [illegible]

199 Шабан, Усул ал-Фикх ал-Исламий, 285-291.



беришке, өлүк экендиги аныкталса, (анын) мураскорлоруна таратып беришке милдеттүү болот. Ал эми алардын аялдарынын башкага турмушка чыгуу укугуна ээ болбошунун себеби катары, өлүмдүн анык эместиги жана талактын берилбешин негиз алынат. Мафкуддун согуш, деңиздеги пароходунун чөгүшү, жер титирөө, көчкү ж.б. өзгөчө кырдаалдарда жоголушу жана мындай абалда белгилүү бир убакыттын өтүшүн талап кылынбашы, тээ илгерки фикх илиминде эле каралып чыгылган.

Кишинин ыктыярындагы иштердин натыйжасында жоголушу, мындай учурда соттун өкүмүнүн (90 жыл/110 жыл/120 жыл /4 жыл) негиз алынышы, негизи адилеттүү иш деп бааланууга тийиш. Анткени, мафкуд тирүү болуп чыга келсе, анда мал-мүлкү кайтарылып берилет. Бирок, аялы башкага турмушка чыгып кетсе, анда ал (аялы) кайтарылбайт. Анткени, ураган үй-бүлөөнүн чырагын жагып, түтүнүн булатып, аял кишиге жөлөк болгон, балдарына тарбия берген, жаңы курулган үй-бүлөөнү кайра талкалаганга шарият уруксат бербейт. Аа.., бирок, аял жана балдары биринчи жолдошуна кайтууну кааласа, экинчи жолдошу бул ишке тоскоол болбосо, анда экинчи жолдошу менен ажырашып, иддатын күткөн соң, биринчи жолдошу менен кайра түтүн булатууга да шарият уруксат берет.

# АЛТЫНЧЫ БӨЛҮМ
# АЛЬ-АЛФАЗ АЛЬ-УСУЛИЙЙА

## 1. ТИЛГЕ ТИЙИШТҮҮ УСУЛИЙ ЭРЕЖЕЛЕР

Усулу аль-фикх илиминде тил илимине тийиштүү эрежелер жана алардын далаалаты аябагандай чоң мааниге ээ. Тил илимине байланыштуу усул эрежелерин окутуунун бирден бир максаты – бул илимпоздун ижтихад кылуусуна толук мүмкүнчүлүк түзүп берүү. Бул эрежелердин колдонулушун, алардын туюнткан маани-маңызын билбестен туруп, негизи усулу аль-фикх илимин үйрөнүү мүмкүн эмес.

Ислам укугу методологиясынын араб тилине тийиштүү эрежелерди жалпы жонунан жети эреже (каида) деп атоого болот.

## 2. НАСС ЖАНА АНЫН ШАРЪИЙ ӨКУМДӨРГӨ ДАЛААЛАТЫ

Насс – бул кандайдыр бир маанини өз ичине камтыган сөз деген маанини билдирет. Насс “ибарату ан-насс”, “ишарату ан-насс”, “далаалату ан-насс”, “иктизау ан-насс” деген түрлөргө бөлүнөт.

### 2.1. Ибарату ан-насс

Ибарату ан-насс – бул насстын биринчи окугандагы негизги мааниси дегенди түшүндүрөт. Бул термин кээде насстын сөздүк мааниси деп да айтылат._Мисал катары Бакара сүрөсүнүн 275-аятын وَأَحَلَّ اللَّهُ الْبَيْعَ وَحَرَّمَ الرِّبَا айтууга болот. Бул жерде эки маани жатат. Биринчиси, соода-сатык менен сүткордуктун ортосунда айырма бар экендигин билдирген мааниси. Экинчиси, соода-сатыктын бардык түрү адал жана сүткордуктун арам кылынгандыгын билдирет. Башкача айтканда, وَأَحَلَّ اللَّهُ الْبَيْعَ аятын окуган киши, алгач сүткордук аралашкан соода-сатыкты да адал деп түшүнүүсү турган кеп. Мына ошондуктан, кишинин ушундай пикирде калбашы үчүн дароо артынан وَحَرَّمَ الرِّبَا деп чектөө киргизилген. Тагыраак

аракеттерге, эселеп тыюу салынгандыгын айтууга болот.[205] Башкача айтканда, аятта "Уфф..!" деп айтууга дагы тыюу салынып жатса, анда андан оор сөздөр жана кыймыл-аракеттер, эки эселенген арам иш болуп эсептелет. Аты аталган бул мафхуму мувака төрт мазхабда да кабыл алынат.

Ал эми мафхуму аль-мухалафа өз ара "мафхуму ас-сифа", "мафхуму аш-шарт", "мафхуму аль-гаая", "мафхуму аль-адад" деген түрлөргө бөлүнөт. Бул маселеде төрт мазхаб ар башка пикирди карманышат. Албетте, алардын өздөрүнүн таянган далилдери да жок эмес. Ханафийлерден башка үч мазхаб мафхуму мухалафанын далил экендигин айтышкан. Ханафийлер болсо аят жана хадистерде, аяттардын көптөгөн мааниси болушун жана аны кишинин толук түшүнө албашы, мафхуму мухалафа түшүнүгүнүн араб тилинин эрежелерине туура келбеши, эгер кабыл алынса насстардын ортосунда карама-каршылыктардын көбөйүшү ж.б. маселелердин негизинде кабыл алынбастыгын айтышат. Мына ошондуктан, ханафийлер мафхуму мухалафанын аят-хадистерде күчөтмө, үгүт, тыюу, кандайдыр бир окуянын жообу болбош керектигин, ошондой эле, аят-хадистеги негизги мааниден жогору болбошу керектигин айтып, мына ошондо гана кабыл алынаарын айтышкан. Ал эми фикхтагы муамалат маселелерине тийиштүү кишинин сөздөрүндө мафхуму мухалафанын кабыл алынаарын айтышат. Ошондой эле, ханафий мазхабында мафхуму мухалафа көпчүлүк учурда "мантуку ан-насс" деген аталышта кабыл алынат.[206]

### 3.1. Мафхуму ас-сифа

Мафхуму ас-сифага мисал катары, Анъам сүрөсүнүн 145-аятында إِلَّا أَنْ يَكُونَ مَيْتَةً أَوْ دَمًا مَسْفُوحًا деп айтылган, "аккан кандын" арам кылынгандыгын айта кетели. Мындан, жандык

²⁰⁵ Зухайлий, ***аль-Важиз фи Усули аль-Фикх***, 170.

²⁰⁶ Atar, ***Fıkıh Usûlü***, 9. Baskı, 233-236.



союлганда агып чыккан кандан сырткаркы, эттин ичиндеги акпай калып калган кан адал деген маани келип чыгат.[207] Башкача айтканда, союлган жандыктын ар бир майда капиллярларына чейин канын агызып, жадагалса суусун агыза кууратып, отундай кылып жегенге кажет жок. Кишинин мындай машаккатарга кириптер болуусуна шарият уруксат бербейт.

### 3.2. Мафхуму аш-шарт

Мафхуму аш-шартты түшүнүү үчүн Талак сүрөсүнүн 6-аятын وَإِنْ كُنَّ أُولَاتِ حَمْلٍ فَأَنْفِقُوا عَلَيْهِنَّ حَتَّى يَضَعْنَ حَمْلَهُنَّ далил келтирели. Аятта "Эгер боюнда болсо..." төрөгөнгө чейин нафака берүү фарз кылынган. Ал эми боюнда болбосо, анда эркек андай жоопкерчиликке тартылбайт деген маани, мына ушул "мафхуму аш-шарт" терминин түшүндүрөт.[208]

### 3.3. Мафхуму аль-гаая

Ал эми мафхуму аль-гаая болсо Бакара сүрөсүнүн 187-аятындагы وَكُلُوا وَاشْرَبُوا حَتَّى يَتَبَيَّنَ لَكُمُ الْخَيْطُ الْأَبْيَضُ مِنَ الْخَيْطِ الْأَسْوَدِ مِنَ الْفَجْرِ ثُمَّ أَتِمُّوا الصِّيَامَ إِلَى اللَّيْلِ өзгөчөлөнгөн الْخَيْطُ الْأَبْيَضُ مِنَ الْخَيْطِ الْأَسْوَدِ сөзү, "ак жана кара жип" деген чыныгы мааниде колдонулбастан, негизи кыйыр мааниде колдонулган.[209] Башкача айтканда, саарлыкта күн менен түндү айырмалай билгенге чейин жеп-ичүүгө уруксат берилгендиги айтылып жатат. Ал эми саарлыктын убактысын ар бир киши өз алдынча тактоого аракеттенбестен, коомдо

²⁰⁷ Зухайлий, ***аль-Важиз фи Усули аль-Фикх***, 172; Усулчулардын бул маселедеги пикирлери жана далилдери тууралуу Хадрамавт университетинин илимий журналында атайын макала жазылган. Кененирээк маалымат үчүн кңз; Мухаммед Хасбуллах Али, "Мафхуму ас-Сифа ыьнда ал-Усулиййин", Мажаллату Жамиъати Хадрамавт, 6/2004, (январь), 3-т, 5-34.

²⁰⁸ Хусрав, ***Мирьату аль-Усул фи Шархи Миркати аль-Вусул***, 23. Бул жөнүндө кененирээк маалымат үчүн кңз; Хусайн Ахмад Абу Уъжва, ***Мафхуму аш-Шарт ва Ахади Туруки ад-Далалати аъла аль-Хукми аш-Шаръий ва Асаруху фи Ихтилафи аль-Фукаха***, Жамиату аль-Акса, 2001, 288-227.

²⁰⁹ Зухайлий, ***аль-Важиз фи Усули аль-Фикх***, 172-173.

айтканда, аятта жөөттөрдүн соода-сатыктын сүткордукка окшотуусуна насс менен жооп кайтарылган.[200]

**2.2. Ишарату ан-насс**

Ал эми насстын негизги мааниси эмес, анын экинчи мааниси "ишарату ан-насс" деп аталат. Ишарату ан-насс маселесин түшүнүү үчүн Бакара сүрөсүнүн 223-аятында وَعَلَى الْمَوْلُودِ لَهُ رِزْقُهُنَّ وَكِسْوَتُهُنَّ بِالْمَعْرُوفِ деп айтылгандай, үй-бүлөдөгү балдардын жеп-ичиши, кийим-кечеси, таалим-тарбиясы, даары-дармеги ж.б. бардыгы атанын мойнуна жүктөлгөндүгүн анализдөө зарыл.[201] Анткени, баланын теги атага таандык болушу үчүн атанын да кээ бир милдеттерди орундатуусу зарыл. Дагы бир мисал катары Бакара сүрөсүнүн 282-аятында يَا أَيُّهَا الَّذِينَ آمَنُوا إِذَا تَدَايَنْتُمْ بِدَيْنٍ إِلَى أَجَلٍ مُسَمًّى فَاكْتُبُوهُ وَلْيَكْتُبْ بَيْنَكُمْ كَاتِبٌ بِالْعَدْلِ деп айтылган эки маселе бар. Киши бул аятты окуганда, дароо эле атайын карыз алышып-беришүүдө, аны жазуу керектигин түшүнөт. Ал эми аяттын ишараты (экинчи мааниси) ошол карыз алышып-беришүүдө жазылган кагаздын документ катары кабыл алынышын билдирет. Ишарату ан-насстын өкүмү (эгерде) тахсиске учурабаса, анда ал "катьий" деген маанини билдирет. Бирок, бул аятта баланын кул же хур болушу, апасынын жагдайына байланыштуу экендигинде ижма кылынган. Башкача айтканда, апасы кул болсо баласы да кул, апасы хур болсо баласы да хур болот.[202]

**2.3. Далаалату ан-насс**

Ошондой эле насстын биринчи мааниси жана ишаратынан сырткары, дагы башка бир мааниге далаалат кылышы "далаалату ан-насс" деп аталат. Буга мисал катары, Исра сүрөсүнүн 23-аятында فَلَا تَقُلْ لَهُمَا أُفٍّ وَلَا تَنْهَرْهُمَا деп айтылган,

200 Atar, ***Fıkıh Usûlü***, 9. Baskı, 226; Ибрахим аш-Шаший, ***Усулу аш-Шаший***, 61-62, 64.
201 Фарфур, ***Мухтасару аль-Афкар Аъла Маани аль-Манар***, 101-102.
202 Ибрахим аш-Шаший, ***Усулу аш-Шаший***, 63-64; Atar, ***Fıkıh Usûlü***, 9. Baskı, 176.



ата-энеге болгон урмат-сый маселеси каралган. Башкача айтканда, аятта ата-энеге "Уфф..!" деп айтууга дагы тыюу салынып жатат. Мындан ар бир акылдуу киши, ата-энени карыялар үйүнө таштап коюунун туура эместигин, аларга урмат-сый менен мамиле кылуу керектигин түшүнөт.[203]

**2.4. Иктизау ан-насс**

Ал эми иктизау ан-насска мисал катары Ниса сүрөсүнүн 23-аятын حُرِّمَتْ عَلَيْكُمْ أُمَّهَاتُكُمْ далил келтирүүгө болот. Аятта "Апаңар силерге арам кылынды" – деп айтылат. Бул аяттын мааниси "Силерге апаңар менен үйлөнүү арам кылынды" дегенди билдирет. Аятка мына ушундай маанини берүү "иктизау ан-насс" деп аталат.[204]

Жогорудагы насстын бардык түрүндө, алардын объектисин чектеген <u>*тахсис,*</u> ошондой эле экинчи бир маанини чыгаруучу <u>*тавил*</u> болмоюн, алардын далаалаты катьий маанини туюндурат. Булар өз ара иъбарату ан-насс ишарату ан-насстан, ишарату ан-насс далаалату ан-насстан, далаалату ан-насс иктизау ан-насстан жогору турuусу менен бири-биринен айырмаланат. Ошондой эле, булар өз ара бири-бири менен карама-каршы (таъаруз) келчү болсо, анда жогорудагы ирettүүлүк негиз алынат.

**3. МАФХУМУ АЛЬ-МУХАЛАФА**

Бул термин айтылган сөздүн терс маанисин түшүндүрөт. Бул теманы "мафхуму мувафака" жана "мафхуму мухалафа" деп анализдөө туура болот. <u>*Мафхуму аль-мувафака*</u>га мисал катары Исра сүрөсүнүн 23-аятында فَلَا تَقُلْ لَهُمَا أُفٍّ وَلَا تَنْهَرْهُمَا ата-энеге "Уфф..!" деп айтууга тыюу салуу аркылуу, андан башка аларга ызаа жеткизүүчү бардык кыймыл-

203 Ибрахим аш-Шаший, ***Усулу аш-Шаший***, 64-66.
204 Бул темадагы магистирдик диссертация үчүн кңз; Рамазан Мустафа Саид Шаттат, Далаалату аль-Иктиза, Жамиату ан-Нажах аль-Ватаниййа Куллияту ад-Дтрасату аль-Уля Кисму аш-Шариати аль-Исламиййа, Палестина: 2003.

жүзөгө ашчу башаламандыктын алдын алуу максатында, мусулмандарды биримдикке жетектеген муфтияттын же казыяттын атайын даярдаган орозо календарларын негиз алганы дурус.

### 3.4. Мафхуму аль-аъдад

Мафхуму аль-мухалафанын акыркы түрү "мафхуму аль-аъдад" болуп эсептелет. Бул маселени түшүнүүдө Нур сүрөсүнүн 2-аятын الزَّانِيَةُ وَالزَّانِي فَاجْلِدُوا كُلَّ وَاحِدٍ مِنْهُمَا مِئَةَ جَلْدَةٍ талдоо зарыл. Аятта айтылган 100 деген сөздү 101 же 99 деп түшүнүүгө болбойт.[210]

Эгерде, балак уруу ишин аткарган кызматкер 101 жолу уруп койсо, анда жазаланып жаткан кишинин акысына кирген болот. Ошондой эле, 99 жолу гана уруп койсо, анда Алла Тааланын акысына кирген болот. Ошондуктан мындай өкүмдөрдү орундатууга кылдат мамиле жасалышы зарыл. Анткени, зина коомду ириткен илдет. Мунун көптөгөн зыяндарын бирден атоого кажет жок. Мына ошондуктан мындай ыпылас иштин аткарылышына Алла Таала тыюу салып, шайтандын сөзүнө кулак түрүп, ал ишти аткарган кишини катуу жазага тартууну буйруйт.

## 4. ВАДИХУ АД-ДАЛААЛА ЖАНА ЭТАПТАРЫ

Вадиху ад-далала – ислам укугу методологиясындагы насстардын ачык-айкындуулугун изилдеген термин болуп эсептелет. Бул термин өз ара төрт түргө бөлүнөт. Алардын ичинен "мухкам" эң ачык-айкын насс деп эсептелсе, андан

---

[210] Зухайлий, ***аль-Важиз фи Усули аль-Фикх***, 173. Мафхуму аль-адад туурасында Умму аль-Кура университетинде атайын доктордук диссертация жакталган. Бул темада жалпы маалыматка ээ болуу үчүн, бул эмгекти ханафий мазхабынын критерийлеринин негизинде, кылдаттык менен окуп чыгуу пайдалуу болот. Хусайн б. Халаф аль-Жабурий, ***Мафхуму аль-Адад ва Татбикатуху мин Китаби Булуги аль-Марам***, Жамиату Умму аль-Кура, Куллияту аш-Шариати ва аль-Улуми аль-Исламиййа, Кисми ад-Дирасати аль-Уля аш-Шарыййа, Тахассус Усулу аль-Фикх, Хиж. 1328.



кийинки орунда "муфассар" турат. Андан соң өтө деле ачык-айкын болбогон "насс" орун алса, эң акыркы жана ачык-айкындуулугу дароо байкалбаган "захир" келет. Бул терминдерди мисалдардын негизинде кыскача төмөндөгүдөй түшүндүрүүгө болот:

### 4.1. Захир

Захирге мисал катары Бакара сүрөсүнүн 275-аятындагы وَأَحَلَّ اللهُ الْبَيْعَ وَحَرَّمَ الرِّبَا негизги максаттын, сүткордук менен сооданын ортосунда эч кандай айырма жок деген пикирдеги жөөттөргө берилген жоопту мисал келтирүүгө болот. Башкача айтканда, аятты окуган киши алгач соода-сатыктын адал жана сүткордуктун арам экендигин түшүнсө, жакшылап ойлонгондон кийин гана жөөттөрдүн сүткордук менен соода-сатык окшош деген сөзүнө жооп иретинде түшкөндүгүн түшүнүнө алат. Аяттын мына ушул негизги мааниси "захир" деп аталат.[211]

Ошондой эле, бул маселеде аятта аты аталган бардык соода-сатыкка, Аз. Пайгамбардын (с.а.в.) алдамчылык مَنْ غَشَّنَا فَلَيْسَ مِنَّا[212] менен түзүлгөн соода-сатыкка жана колунда болбостон туруп сатуу أَنَّهُ نَهَى عَنْ بَيْعِ مَا لَيْسَ عِنْدَ الْإِنْسَانِ وَ رَخَّصَ السَّلَمَ[213] келишимине тыюу салуусу менен чектөө киргизген. Захир насстын өкүмү аъам болсо да, хаас болсо да, катьий маанини туюндурат.[214]

---

[211] Абу Сахл ас-Сарахсий, ***Усулу ас-Сарахсий***, 163-164; Ибрахим аш-Шапий, ***Усулу аш-Шаший***, 51; Зухайлий, ***аль-Важиз фи Усули аль-Фикх***, 175.

[212] Абулхусейин Муслим б. Хажжаж ан-Нисабурий, ***Сахиху аль-Муслим***, Талик: Мухаммед Фуад Абдулбакий, Рияд: Байту аль-Афкар ад-Давлийййа, 1998, 1-т, 99. Хадистин котормосу: "Бизди алдаган, бизден эмес!"

[213] Бурханудудин аль-Маргинаний, ***аль-Хидая Шарху бидаяту аль-Мубтадий***, 3-т, 196. Хадистин котормосу: "Аз. Пайгамбар кишинин алы колуна ала элек нерсени сатуусуна тыюу салды жана салам келишимине уруксат берди".

[214] Абу Сахл ас-Сарахсий, ***Усулу ас-Сарахсий***, 164; Ибрахим аш-Шапий, ***Усулу аш-Шаший***, 51; Щабан, ***Усулу аль-Фикхи аль-Исламий***, 346-347.

### 4.2. Насс

Захирден кийинки орунда "насс" турат. Ага Мужадала сүрөсүнүн 4-аятын فَمَنْ لَمْ يَسْتَطِعْ فَإِطْعَامُ سِتِّينَ مِسْكِينًا мисал келтирүүгө болот. Аятта سِتِّينَ مِسْكِينًا деп айтылгандыгынан улам, ханафий мазхабында 60 мискинге бир күндө бербестен туруп, бир кедейге 60 күн бою берсе деле болот деп айтылган. Ошондой эле, 40 койдун зекети катары 1 кой же анын акчасын берүүгө да болот. Насстын таьвилге, тахсиске, насхка учуроо ыктымалы бар. Канткен күндө да насстын мааниси менен амал кылынат.[215]

### 4.3. Муфассар

Вадиху ад-далааланын үчүнчү түрү "муфассар" деп аталат. Буга Нур сүрөсүнүн 2-аятындагы الزَّانِيَةُ وَالزَّانِي فَاجْلِدُوا كُلَّ وَاحِدٍ مِنْهُمَا مِائَةَ جَلْدَةٍ жүз деген сөздү мисал келтирүү орундуу болот. Аяттагы 100 деген сөздөн 99 же 101 деген маанини түшүнүүгө болбойт. Муфассардын бир гана насхка учуроо ыктымалы бар. Эгерде, муфассар эч кандай насхка учурабай турган болсо, анда аятта кандай абалда айтылса, ошондой абалда аткаруу важиб болуп саналат.[216]

Ошондой эле, Имам Сарахсийдин Усул эмгегиндеги Хижр сүрөсүнүн 30-аятын فَسَجَدَ الْمَلَائِكَةُ كُلُّهُمْ أَجْمَعُونَ да мисал келтирүүгө болот. Бул аятты окуган киши алгач периштелер сажда кылышты деп гана түшүнүшү мүмкүн. Бирок, "Кайсы периштелер?", "Канчөөсү?", "Кандай периштелер?" деген суроо жаралбашы үчүн оболу كُلُّهُمْ (куллухум), андан соң эч кандай шек-күмөн жаралбашы үчүн дароо أَجْمَعُونَ (ажмаъун) сөзүнүн келиши да, муфассардын мисалы болуп эсептелет.[217] Ошондуктан, аятты которуп жатканда "Периштелердин – бүт баары сажда кылышты!" деп которуу зарыл.

### 4.4. Мухкам

Вадиху ад-далааланын акыркы түрү "мухкам" деп аталат. Мухкам – насста кандай айтылса, ошондой гана мааниге ээ болгон, андан башка мааниси болбогон, таьвилге, тахсиске, насхка учуроо ыктымалы болбогон термин. Мисалы, Ахзаб сүрөсүнүн 53-аятында وَلَا أَنْ تَنْكِحُوا أَزْوَاجَهُ مِنْ بَعْدِهِ أَبَدًا деп айтылган أَبَدًا– "түбөлүк" деген сөздүн эч кандай тавилге, тахсиске, насхка учурашы мүмкүн эмес. Ошондуктан, Аз. Пайгамбардын (с.а.в.) аялдары менен үйлөнүү түбөлүк арам кылынган. Башкача айтканда, бул аятта маселе кандай айтылса, ошондой түрдө амал кылуу фарз деп эсептелет.[218]

Жогорудагы вадиху ад-далааланын түрлөрү (өз ара иреттүүлүгүнө жараша) мухкам муфассардан, муфассар насстан, насс захирден дагы да ачык-айкын деп эсептелет. Эгерде, бул төрт термин бири-бирине карама-каршы келип калса (таъаруз), анда жогорудагы иреттүүлүк негиз алынууга тийиш.

## 5. ГАЙРУ ВАДИХИ АД-ДАЛААЛА

Гайру вадиху ад-далаала термини жогорудагы вадиху ад-далааланын антоними болуп эсептелет. Булар да өз ара "хафий", "мушкил", "мужмал", "муташабих" деп төрткө бөлүнөт.

### 5.1. Хафий

Алардын алгачкысы "хафий" деп аталат. Мисал катары уурулук менен байланыштуу "таррарчылык" жана "наббаштык" иштери каралмакчы. Таррарчылдык кадимки "чөнтөк кесер" деген маанини билдирсе, ал эми наббаштык

[215] Щабан, ***Усулу аль-Фикхи аль-Исламий***, 377-378;Ибрахим аш-Шаший,***Усулу аш-Шаший***, 52.
[216] Зухайлий, ***аль-Важиз фи Усули аль-Фикх***, 178-179; Щабан, ***Усулу аль-Фикхи аль-Исламий***, 348-349.
[217] Абу Сахл ас-Сарахсий, ***Усулу ас-Сарахсий***, 165.
[218] Хусрав, ***Мирьату аль-Усул фи Шархи Миркати аль-Вусул***, 21.

"мүрзөдөгү өлүктөрдүн кепинин уурдаган киши" дегенди билдирет. Бул жерде таррардын колу уурулукка салыштырылып кесилет. Ал эми тарафайндын пикиринде наббаштын колу кесилбейт. Анткени, адатта кепинди психикалык ооруга кабылбаган киши уурдабайт дешет.

Имам Абу Юсуф болсо, накта мына ошол өлүктүн кишилик шарапатына доо келтирген, өлүктүн жалгыз байлыгы болгон кепинин уурдаган, наббаштын колун кесилиши керектигин айтат. Себеби, ар бир мусулман киши өлгөндөн кийин мусулмандардын кабырстанына коюлууга, кепини менен жатууга, тирүүлөр тарабынан кордолбоого, толук укуктуу. Жогорудагы наббаш жана таррардын аткарган ишин, колдун кесилишине өбөлгө түзгөн уурулукка салыштыруу үчүн, оболу атайын изилдөө жүргүзүлүшү керек. Мына ушундай изилдөөнүн натыйжасында берилген өкүм, негизги хафий деген сыпатын жоготуп, муаввал деген сыпатка ээ болот.[219]

## 5.2. Мушкил

Гайру вадиху ад-далаланын экинчи түрү "мушкил" деп аталат. Бакара сүрөсүнүн 228-аятындагы وَالْمُطَلَّقَاتُ يَتَرَبَّصْنَ بِأَنفُسِهِنَّ ثَلَاثَةَ قُرُوءٍ өзгөчө قُرُوءٍ сөзүнүн ханафийлер менен шафиъийлердин ортосундагы пикир келишпестикти жаратышы, мына ушул мушкилдин мисалы. Ханафийлер бул жердеги قُرُوءٍ сөзүн хайз деп жоромолдошот. Бул маанини чыгарууда عِدَّةُ الْأَمَةِ حَيْضَتَانِ жана الْمُسْتَحَاضَةُ تَدَعُ الصَّلَاةَ أَيَّامَ أَقْرَائِهَا аттуу хадистерге[220] таянып, идда күтүүнүн максаты – бул жатында түйүлдүк бар же жок экендигин билүү, ал эми бул ишти хайз менен билүүгө болорун

[219] Зухайлий, ***аль-Важиз фи Усули аль-Фикх***, 182-183.

[220] Зухайлий, ***аль-Важиз фи Усули аль-Фикх***, 184. Хадистердин котормосу: 1-"Күңдүн идда күтүү убактысы эки хайыз": 2-"Этек кири келген аял айыз убактысында намаздарын окубайт".



айтышат. Ал эми шафиъийлер болсо, араб тили грамматикасындагы адад-мадуд эрежесинин негизинде, قُرُوءٌ сөзүнө тухур (тазалык) деген маанини беришет. Мушкилдин өкүмү атайын изилдөөнүн натыйжасында ээ болгон маани менен амал кылуу фарз болуп эсептелет.[221]

## 5.3. Мужмал

Мушкилден кийинки орунда "мужмал" турат. Маселени түшүндүрүү үчүн араб тилиндеги الْمَوَالِي (аль-мавалий) сөзүн алып көрөлү. Бир киши өлөр алдында "Артымда калган мурасымдын 1/3 бөлүгү мавалийиме берилсин..!" – деп осуят айтса, мавалий сөзүнүн араб тилиндеги "кул" жана "мырза" деген эки маанисинен, алардын кайсынысын түшүнүү түйшүк жаратат. Бул маселени чечүүдө, осуят таштоо окуясына тийиштүү кээ бир карийналардын (өзгөчө белгилер) колдонулушу шарт. Башкача айтканда, ошол учурда осуят таштаган киши бул сөзүн кулун карап айттыбы, же мырзасын карап айттыбы, ошого каралат.[222] Дагы бир мисал катары, Курандагы الْقَارِعَةُ – الْحَاقَّةُ – الْهَلُوعُ -өндүү сөздөрдүн түшүнүксүздүгүн да, бул жерде мисал келтирүүгө болот.[223] Башкача айтканда, бул аяттарды чечмелеген экинчи аяттар келмейин, алардын маанисин түшүнүү түйшүк жараткан. Мына ошондуктан дароо артынан аларды чечмелеген аяттар түшүрүлгөн.

## 5.4. Муташабих

Гайру вадиху ад-далааланын эң акыркы түрү "муташабих" деп аталат. Бул Курандагы "хуруфу мукатаъа" деген терминди түшүндүрөт. Ал эми Куранда алардын мааниси бир гана Аллага, андан соң белгилүү өлчөмдө гана,

[221] Хусрав, ***Мирьату аль-Усул фи Шархи Миркати аль-Вусул***, 21,25; Халлаф, ***Иъльму Усули аль-Фикх***, 135-136.

[222] Щабан, ***Усулу аль-Фикхи аль-Исламий***, 362-364.

[223] Кураны Карим, Хаакка сүрөсү, 1; Маъариж сүрөсү, 19; Каръиа сүрөсү,1.

ошондой эле терең илимге ээ болгон аалымдарга (ар-расихун фи аль-иълм) маалым экендиги айтылат.[224] Мына ошондуктан мутакаддимун жана мутааххирун аалымдардын ортосундагы эки башка пикир айтылып келет.

Мутакаддимундар аяттын мааниси бир гана Алла Таалага маалым дешсе, мутааххирундар алардын маанисин илимдин артынан сая түшүп, чындап изилденген аалымдар деле түшүнүшү мүмкүн деп айтышат.[225] Канткен чакта да, муташабихтин өкүмү кандайдыр бир кариналарга таянса, анда анын ички мааниси менен амал кылынат. Ал эми эч кандай карийна жок болсо, анда анын сырткы мааниси менен амал кылынат.

Жогоруда айтып өткөн вадиху ад-далаала жана гайру вадиху ад-далааланын темаларынын ичинен захир хафийге, насс мушкилге, муфассар мужмалга, мухкам муташабихке дал келет.[226]

## 6. МУШТАРАК СӨЗДӨР ЖАНА АЛАРДЫН ДАЛААЛАТЫ

Муштарак сөздөр ортоктош маанидеги сөздөрдү билдирет. Муштарак сөздөрдүн келип чыгышына түрткү болгон факторлор катары, араб урууларынын ар башка диалектини колдонушу, сөздөрдүн сөздүк маанисин жоготуп, терминдик мааниси жагынан өзгөрүшү, араб тилиндеги сөздөрдүн түз (хакикат) жана кыйыр (мажаз) маанидe колдонулушу, сөздөрдүн чыныгы мааниси менен күнүмдүк жашоодогу маанисинин ортосундагы айырмачылык ж.б. айтууга болот.[227]

[224] Кураны Карим, Алу Имран сүрөсү, 7.

[225] Зухайлий, ***аль-Важиз фи Усули аль-Фикх***, 187-189; Халлаф, ***Иълму Усули аль-Фикх***, 138-139.

[226] Абу Сахл ас-Сарахсий, ***Усулу ас-Сарахсий***, 163.

[227] Зухайлий, ***аль-Важиз фи Усули аль-Фикх***, 190-191.



Муштарак сөздөрдүн күнүмдүк жашоодогу орду аябай маанилүү. Ошондуктан, алар фикх илиминин перспективасынан кылдат анализделиши зарыл. Муштарак сөздөргө араб тилиндеги العَيْنُ сөзүн алып көрөлү. Бул сөз түз маанидe "кишинин көзү" деген маанидe колдонулса, кыйыр маанидe колдонулганда "булак", "тыңчы", "күн", "алтын" деген маанилерди билдирет. Мындай сөздөрдүн кандай маанидe колдонулгандыгын тактоодо, ар бир мужтахиддин муштарак сөздөргө таандык кариналарды колдонуусу зарыл.[228]

## 7. АЪАМ ЖАНА АНЫН ДАЛААЛАТЫ

Аъам термини тууралуу сөз баштоодон мурда, анын жалпы жолдуу маанилерди туюнткан сөздөр үчүн колдонулгандыгын айта кетүү, чынында эле, орундуу болот. Усулу аль-фикхтагы كُلّ – جَمِيع – مَعْشَر – عَامَّة – كَافَّة – قَاطِبَة сөздөрү мына ушундай маанилерди билдирет.[229] Ханафий мазхабында аъам сөздөрдүн жалпылыктуу түрдө айтылышы, башкача айтканда, өз ичине камтыган бардык маанилери катъий деп эсептелет. Бул деген аъам бир насстан чыгарылган ар түрдүү жана ар башка өкүмдөрдүн баары катъий дегенди түшүндүрөт. Мына ошондуктан аъам сөздү ахад хадис жана кыяс менен тахсис кылууга болбойт.[230]

Ал эми шафиъий мазхабында болсо, аъам сөздүн камтыган маанилеринин ичинен бирин тандаганда, ошол

[228] Мухаммед Касим аль-Астал, ***аль-Карина Иънда аль-Усулиййин ва Асраруха фи Фахми ан-Нусус***, (Магистирдик дессертация), аль-Жамиату аль-Исламиййа Куллиййату аш-Шарiъа Кисму Усули аль-Фикх, Газза: 2004.

[229] Фахруддин Мухаммед б. Умар б. Хасан ар-Разий, ***аль-Махсул фи Илми Усули аль-Фикх***, Муассаса Рисала, 2-т, 309-341; Абу Сахл ас-Сарахсий, ***Усулу ас-Сарахсий***, 152-162.

[230] Шихабуддин Ахмад б. Идрис аль-Карафий, ***аль-Аъкду аль-Манзум фи аль-Хусуси ва аль-Уъмум***, Тахкик: Ахмад аль-Хатам Абдуллах, Каир: аль-Мактаба аль-Маккиййа, 1999; Абу Сахл ас-Сарахсий, ***Усулу ас-Сарахсий***, 132, 141-142.

тандалып алынган маани гана катъий, калган маанилер занний деп эсептелет. Мына ошондуктан, тандалган маани тандалып алынганга чейин, ар бир аъам сөздү ахад хадис жана кыяс менен тахсис кылууга болот деп айтышат.[231]

Аъамдын мындай тариздe айтылышы Алланын инсаниятка ырайымы катары кабыл алынууга тийиш. Башкача айтканда, ар бир мазхаб өзүнүн далилдеринин негизинде, өзүнө ылайыктуу маанини туура деп табышы – бул Ислам дининин күнүмдүк жашоонун талаптарына жооп берүүчү ийкемдүүлүгүн түшүндүрүп, анан дагы инсаниятка болгон жеңилдик болуп эсептелет.

### 7.1. Аъамдын түрлөрү

Аъамдын түрлөрүнө, кыскача алиф ламдуу же изафалуу көптүк түрдөгү сөздөр,[232] жекелик түрдөгү муъарраф сөздөр,[233] нафй маанисиндеги накиралуу сөздөр,[234] асмау аль-мавсула[235] өңдүү сөздөрдү мисал келтирүүгө болот.

### 7.2. Аъамдын далаалаты жана өкүмү

Аъамдын далаалаты жана өкүмү тууралуу ханафийлер анын катъий маанини туюндурушун айткан. Ал эми башка мазхабдарда аъамдын занний маанини билдириши айтылат. Эки тараптын бул тууралуу пикирин ذَبِيحَةُ الْمُسْلِمِ حَلَالٌ سَمَّى اللهَ أَوْ لَمْ يُسَمِّ хадистин негизинде анализ кылып көрөлү. Ханафий мазхабында "Бисмиллах" айтылбай союлган жандык арам деп эсептелет. (Эгер унутуп калган болсо анда арам эмес).

---

[231] Абу Сахл ас-Сарахсий, ***Усулу ас-Сарахсий***, 132. Жогорудагы эки укуктук школанын ортосундагы пикир келишпестиктерин тактоону, негизи эле тахсис темасына тийиштүү маселелерди терең изилдөөнү максмат кылган изилдөөчүнүн, сөзсүз түрдө төмөндөгү эмгектен пайдалануусу зарыл. Умар б. Абдилазиз аш-Шайнаний, ***Мабахису ат-Тахсис иънда аль-Усулийийин***, Амман: Дару аль-Усама, 2000.

[232] Кураны Карим, Муминун сүрөсү, 1.

[233] Кураны Карим, Бакара сүрөсү, 275.

[234] Кураны Карим, Хужурат сүрөсү, 6.

[235] Кураны Карим, Ниса сүрөсү, 10.



Анткени, жогоруда айтылгандай "Бисмиллах" айтылбаган бардык айбандар арам деген аят катъий маанини туюндурат.[236]

Ошондой эле, ханафий мазхабында аталган аятты ذَبِيحَةُ الْمُسْلِمِ حَلَالٌ سَمَّى اللهَ أَوْ لَمْ يُسَمِّ аттуу ахад хадис менен тахсис (чектөө) кылууга болбойт. Себеби, аят аъам болгону менен катъий маанини, ал эми жогорудагы хадис ахад болгондугу үчүн занний маанини туюндурат. Ошондуктан, занний далил катъий далилдин объектисине чектөө киргизүүдө жараксыз деп эсептелет.

Ал эми шафиъий мазхабында аъамдын занний маанини туюнтушу, жогорудагы хадис менен чектөө киргизгенге мүмкүнчүлүк берет. Башкача айтканда, жогорудагы аят да, хадис да, занний жана бири-бирине чектөө киргизүүгө жарактуу. Мына ошондуктан аъам маанисиндеги аятты жогорудагы хадис менен чектөөгө болот деп айтышат.[237]

### 7.3. Аъамдын объектиси

Аъамдын объектисине Худ сүрөсүнүн 6-аятында وَمَا مِن دَابَّةٍ فِي الْأَرْضِ إِلَّا عَلَى اللهِ رِزْقُهَا *уъмум абалы*нда келишин, ошондой эле Алу Имран сүрөсүнүн 97-аятында وَلِلَّهِ عَلَى النَّاسِ حِجُّ الْبَيْتِ مَنِ اسْتَطَاعَ إِلَيْهِ سَبِيلًا *хусус абалы*нда келишин, анан дагы Бакара сүрөсүнүн 228-аятында وَالْمُطَلَّقَاتُ يَتَرَبَّصْنَ بِأَنْفُسِهِنَّ ثَلَاثَةَ قُرُوءٍ аъамдын *мутлак абал*да келишин мисал келтирүүгө болот. Башкача айтканда, биринчи аятта эч кандай чектөө жок, экинчи аятта "күчү жеткендерге" деген чектөө киргизилген, ал эми акыркы аятта قُرُوءٍ сөзүнүн хайз же тухр экендиги белгисиз абалда айтылган.[238]

---

[236] Кураны Карим, Маида сүрөсү, 2; Аньам сүрөсү, 145; Нахл сүрөсү, 115.

[237] Зухайлий, ***аль-Важиз фи Усули аль-Фикх***, 197. Хадистин котормосу: "Мусулмандын мууздаган айбаны, Бисмиллахты айтса да айпаса да адал".

[238] Зухайлий, ***аль-Важиз фи Усули аль-Фикх***, 199.

### 7.4. Аъамды тахсис кылуунун жолдору

### 7.4.1. Аятты аят менен тахсис кылуу

Аъамды тахсис кылуу негизи насхка окшоп кетет. Бирок, насхта бир аяттын түшүшүнөн кийин, белгилүү бир убак өткөн соң экинчи аят түшүрүлүп, оболку аяттын өкүмүн жокко чыгарат. Ал эми аъамды тахсис кылууда эч кандай убакыттын өтүшү шарт эмес. Аъамды тахсис кылуу (чектөө) жараяны акыл, үрп-адат, насс, ижма менен ишке ашат. Акыл менен аъамды тахсис кылууга Бакара сүрөсүнүн 185-аятындагы فَمَن شَهِدَ مِنكُمُ الشَّهْرَ فَلْيَصُمْهُ орозо кармоо маселесин алып көрөлү. Бул жерде “Кимде ким Рамазан айына туш болсо, анда орозо кармасын..!” деген буйрук бар. Бирок, бул аяттан орозо кармоого күчү жетпегендерге фарз эместигин, акылга таянуу менен бардык акылдуу жан түшүнө алат.

Ошондой эле, кандайдыр аъам аятты үрп-адат менен тахсис кылууга да болот.[239] Мисалы, Бакара сүрөсүнүн 133 аятындагы وَالْوَالِدَاتُ يُرْضِعْنَ أَوْلَادَهُنَّ حَوْلَيْنِ كَامِلَيْنِ эки жылдык эмчек эмизүү убактысын алып көрөлү. Бул аятты маликий мазхабы жогорку даражадагы кадыр-баркка ээ болбогон аял кишилерге таандык деп жоромолдошкон.[240] Анткени, бул аят түшүрүлгөн учурда, Курайштын кадыр-барктуу аялдарынын арасында, өздөрү төрөгөн балдарын эмизүү үрп-адаты болгон эмес. Чындыгында эле, бул нерсени Аз. Пайгамбардын (с.а.в.) төрөлөрү менен Халима энебизге берилишинде да көрүүгө болот.

---

[239] Бул маселе тууралуу кененирээк маалыматка ээ болуу үчүн кңз; Халид б. Мухаммед аль-Арусий, “Тахсису аль-Уъмум би аль-Урфи ва аль-Аадати”, Мажаллату Жамиати Умми аль-Кура ли аль-Улуми аш-Шаръиййати ва аль-Лугати аль-Арабиййати ва Адабиха, Хиж. 1427 (Зулхижжа), 18/39, 116-158.

[240] Аъамдын үрп-адат менен тахсис кылынышы тууралуу маалыматка ээ болуу үчүн кңз; Аъта Муса Ахмад Ахл, ***Тахсису ал-Уъмум би аль-Уърф***, аль-Жамиъату аль-Исламиййа Куллияту аш-Шариъати ва аль-Канун, Кисму Усули аль-Фикх, Газза: 2007.



Ал эми аъам насcты насстын өзү менен тахсис кылууга Бакара сүрөсүнүн 275-аятын وَأَحَلَّ اللَّهُ الْبَيْعَ وَحَرَّمَ الرِّبَا мисал берүүгө болот. Анткени, аятта бардык соода-сатык адал кылынды деп айтылат. Анын ичинде сүткордукту камтыган соода-сатык да орун алууда. Бирок, киши мына ушундай ойго кетпесин деп, артынан дароо وَحَرَّمَ الرِّبَا деп айтылып, аяттын өзү менен чектөө киргизилген.

Дагы бир мисал катары Бакара сүрөсүнүн 227-аятында وَالْمُطَلَّقَاتُ يَتَرَبَّصْنَ بِأَنفُسِهِنَّ ثَلَاثَةَ قُرُوءٍ айтылган الْمُطَلَّقَاتُ (аль-муталлакат) сөзүнө эч кандай чектөө киргизилген эмес. Башкача айтканда, ал жерде талак берилген боюнда бар аял, анан дагы али жыныстык катнашка кирбестен туруп талак берилген аял деген, атайын айырма жана чектөө киргизилген эмес. Бул аяттагы боюнда бар талак берилген аялдарды Талак сүрөсүнүн 4-аяты менен وَأُولَاتُ الْأَحْمَالِ أَجَلُهُنَّ أَن يَضَعْنَ حَمْلَهُنَّ деп чектелген. Ал эми жыныстык катнашка чейин талак берилген аялды Ахзаб сүрөсүнүн 49-аяты менен يَا أَيُّهَا الَّذِينَ آمَنُوا إِذَا نَكَحْتُمُ الْمُؤْمِنَاتِ ثُمَّ طَلَّقْتُمُوهُنَّ مِن قَبْلِ أَن تَمَسُّوهُنَّ فَمَا لَكُمْ عَلَيْهِنَّ مِنْ عِدَّةٍ تَعْتَدُّونَهَا деп, өз алдынча карап, жогорудагы аятка чектөө киргизилген.

### 7.4.2. Аятты хадис менен тахсис кылуу

Аятты хадис менен тахсис кылууга да болот. Бирок, ханафий мазхабында тахсис кылуучу хадис мутаватир болушу шарт. Маида сүрөсүнүн 3-аятында حُرِّمَتْ عَلَيْكُمُ الْمَيْتَةُ деп бардык өлүмтүктүн арам кылынгандыгы айтылган. Башкача айтканда, бул аятта жерде жашоочу жана сууда жашоочу деген айырма жок. Ал эми Аз. Пайгамбарга (с.а.в.) сахабалары деңизде сапарга чыгып жүрүшкөндүгүн, бөтөлкөдөгү ичүүчү суулары түгөнгөндө деңиздин суусу менен даарат алышып, намаз окушкандыгын айтышып, мунун өкүмү кандай болорун сурашканда, аларга жооп иретинде деңиздин суусу даааратка

жарактуу экендигин, ошондой эле деңиздеги өлүмтүктүн дагы адал экендигин төмөндөгү هُوَ الطَّهُورُ مَاؤُهُ الْحِلُّ مَيْتَتُهُ[241] хадиси аркылуу айтып кеткен.

Бул жерде баса белгилей кетчү маселе, бул деңиздеги өлүмтүккө кишинин табити тарта турган болсо, ошондо гана жегенге уруксат берилет. Ал эми үч кишиден биринин табити тартпаса, ошол кишиге гана арам болуп, табити тарткан тиги эки киши үчүн арам деп эсептелбейт. Башкача айтканда, жей берсе болот.

### 7.4.3. Аъам аятты ижма менен тахсис кылуу

Ошондой эле, ижма менен аъам насcты чектөөгө мисал катары кулдарга казф хаддинин жарымынын берилишин айтууга болот. Бул өкүм Жума сүрөсүнүн 9-аятынын يَا أَيُّهَا الَّذِينَ آمَنُوا إِذَا نُودِيَ لِلصَّلَاةِ مِنْ يَوْمِ الْجُمُعَةِ فَاسْعَوْا إِلَى ذِكْرِ اللَّهِ وَذَرُوا الْبَيْعَ негизинде берилген. Башкача айтканда, аятта кулдарга жума намазынын фарз экендигин билдирген эч бир карийна жок. Мына ошондуктан, жалпы мусулмандар кулдарга жума намазы фарз эмес экендиги жөнүндө ижма кылышкан. Ошого жараша аларга берилчү жаза да алардын статусуна төп келиши зарыл. Тагыраак айтканда, аларга жазалардын жарымысы гана берилет.

## 8. ХАСС ЖАНА АНЫН ДАЛААЛАТЫ

Хасс – бул бир гана мааниге далаалат кылган сөз дегенди билдирет. Андан чыгарылган өкүм катъий деген сыпатка ээ. Качан гана анын катъийлигин чектеген экинчи бир далил келмейин, ал өзүнүн катъий деген сыпатын жоготпойт.[242] Хасстын "мутлак", "мукаййад", "амр", "нахй" өңдүү түрлөрү бар.

[241] ат-Тирмизий, ***Сунану ат-Тирмизий***, 1-т, 100. Хадистин котормосу: "Деңиздин суусу таза, анын ичинде өлгөн өлүмтүк да (эгер табит көтөрсө) адал".

[242] Баздавий, ***Канзу аль-Вусул ила Илми аль-Усул(Усулу аль-Баздавий)***, 12.



### 8.1. Мутлак

Хасстын мутлак түрүнө Маида сүрөсүнүн 89-аятында أَوْ تَحْرِيرُ رَقَبَةٍ деп айтылган رَقَبَةٍ (ракаба) сөзүн мисал катары айтууга болот. Башкача айтканда, бул жерде мусулман кулбу же капыр кулбу эч кандай ажырым жок. Мутлактын өкүмү тууралуу, ханафий мазхабынын аалымдары такйид (чектөө киргизүү) кылынган, мукаййад бөлүмү менен гана амал кылуу шарт экендигин айтышкан.[243]

### 8.2. Мукаййад

Мукаййад термини жогорудагы мутлактын чектөө киргизилген бөлүгү болуп эсептелет. Буга мисал катары, Мужадала сүрөсүнүн 4-аятында فَمَنْ لَمْ يَجِدْ فَصِيَامُ شَهْرَيْنِ مُتَتَابِعَيْنِ деп айтылган, مُتَتَابِعَيْنِ (мутатабиъайн) сөзүн далил келтирүүгө болот. Мунун мааниси мутлактын ичинен тандалып алынган бөлүгү менен амал кылуу зарылчылыгын туюндурат.[244]

Ал эми мутлакты мукаййад кылууга уруксат берилген жана берилбеген учурлар төмөндөгүчө:

1. <u>Бир маселеде эле эки башка насс болгон учур</u>. Мисалы, Маида сүрөсүнүн 3-аяты حُرِّمَتْ عَلَيْكُمُ الْمَيْتَةُ وَالدَّمُ жана Анъам сүрөсүнүн 145-аяты إِلَّا أَنْ يَكُونَ مَيْتَةً أَوْ دَمًا مَسْفُوحًا аттуу аяттарды алып көрөлү. Бул жерде биринчи аятта "бардык кан" деп айтылса, экинчи аятта "аккан кан" деп сыпаттоо менен ага чектөө киргизилген. Мындай мутлактын такйид кылынуусу шарт.

2. <u>Эки маселенин себептери жана өкүмдөрүнүн башка-башка болушу.</u> Мисалы, Маида сүрөсүнүн 38-аятында وَالسَّارِقُ وَالسَّارِقَةُ فَاقْطَعُوا أَيْدِيَهُمَا деп айтылып, уурулук кылган уурунун колун кесүү маселеси каралган. Бирок, колдун кайсы жерден кесилиши керектиги айтылган эмес.

[243] Зухайлий, ***аль-Важиз фи Усули аль-Фикх***, 206.

[244] Зухайлий, ***аль-Важиз фи Усули аль-Фикх***, 207.

Ошондой эле Маида сүрөсүнүн 6-аятында يَا أَيُّهَا الَّذِينَ آمَنُوا إِذَا قُمْتُمْ إِلَى الصَّلَاةِ فَاغْسِلُوا وُجُوهَكُمْ وَأَيْدِيَكُمْ إِلَى الْمَرَافِقِ даарат алуу маселеси каралып, анда колду чыканакка дейре жуулусу керектиги белгиленген. Бул учурда, дааратта колду чыканакка дейре жуулусун негиз алып, уурунун колун кесүүдө чыканакка чейин кесилет айтууга болбойт. Анткени, уурулукта колдун билектен кесилишин Аз. Пайгамбар (с.а.в.) өзү практикалык түрдө көрсөтүп кеткен.

3. Себептери бир өкүмү эки башка болгон учур. Мисалы, намаз окуу максатында дааратта колду жууш жана таяммумда масх кылуу. Бул жерде, даарат жана таяммумдун алынышынын себеби намаз окуу. Ал эми экөөнүн өкүмү эки башка болуп саналат. Башкача айтканда, даарат алууда чыканакка чейин жуулушуна, таяммумда колдорду чыканакка дейре масх кылынышына, тактап айтканда, бул жерде такйид кылууга болбойт. Кыскача айтканда, даарат алууда хасс аяттын чыканакка дейре деп такйид кылынган бөлүгү менен, ал эми таяммум аятынын такйид кылынбаган абалы менен амал кылуу зарыл.[245]

4. Өкүмдөрү бир себептери эки башка болгон учур. Мисалы, катачылык менен киши өлтүрүү жана зихар маселесиндеги кул азат кылуу темасын карап көрөлү. Зихар маселесинде, Мужадала сүрөсүнүн 3-аяты менен فَتَحْرِيرُ رَقَبَةٍ жана катачылык менен киши өлтүрүү маселесинде Бакара сүрөсүнүн 92-аятында فَتَحْرِيرُ رَقَبَةٍ مُؤْمِنَةٍ деп айтылган رَقَبَةٍ (ракаба) сөзүнө مُؤْمِنَةٍ (муьмина) сөзү менен чектөө киргизүүгө болбойт. Анткени, алардын өкүмү бир болгону менен себептери эки башка иш болуп жатат. Башкача айтканда, бул жерде далилдер бири-бирине карама-каршы келген жок. Мына ошондуктан эки аяттын өз маанилери менен гана амал кылынат.[246]

### 7.3. Амр

Амр – бул кандайдыр бир иштин аткарылышын талап кылууну билдирет. Алла Таала кандайдыр бир иштИ аткарууну талап кылган буйруктар, улам жаңыланып турабы же бир жолу буйруусу жетиштүүбү? Бул темада мазхабдар эки ажырым пикирди карманышат.[247] Ошондой эле, ушул буйрукту дароо аткаруу зарылбы же мүмкүнчүлүк болгондо аткаруу туурабы? Бул маселеде да мазхабдар ар башка пикирге ээ. Шафиъийлерде ошол буйрукту дароо аткаруу фарз деп эсептелсе, ханафийлерде качан гана мүмкүнчүлүк болгондо аткаруу фарз болот.[248] Буга мисал катары, бешим намазы шафиъийлерде азан чакырылганда дароо фарз болот. Ал эми ханафийлерде бешим намазынын убактысы чыгып бараткан эң акыркы мүнөттөрдө фарз болот. Ал убакыттын ичинде кишинин башка иштер менен алек болуусу арам болуп саналат.

Амрлар өз ара "фарз", "мандуб", "үгүт", "эскертүү", "дуа", "тарбия" маанилерин туюнтушу менен бири-биринен айырмаланат. Фарз маанисин билдирген амрга Бакара сүрөсүнүн 43-аятын وَأَقِيمُوا الصَّلَاةَ وَآتُوا الزَّكَاةَ, мандуб маанисин туюнткан амрга Муминун сүрөсүнүн 51-аятын يَا أَيُّهَا الرُّسُلُ كُلُوا مِنَ الطَّيِّبَاتِ, үгүт маанисин билдирген амрдын түрүнө Бакара сүрөсүнүн 282-аятын وَاسْتَشْهِدُوا شَهِيدَيْنِ مِنْ رِجَالِكُمْ, эскертүү маанисиндеги амрга Фуссилат сүрөсүнүн 40-аятын اِعْمَلُوا مَا شِئْتُمْ, ошондой эле, дуа маанисиндеги амрдын түрүнө Аъраф

[245] Atar, *Fıkıh Usûlü*, 9. Baskı, 176.



[246] Atar, *Fıkıh Usûlü*, 9. Baskı, 176-177.

[247] Ахмад б. Али ар-Разий аль-Жасас, ***аль-Фусул фи аль-Усул***, Кувейт: Тахкик: Ажил Жасим ан-Нашмий, Визарату аль-Авкаф ва аш-Шууни ад-Дийниййа, 1985, 2-т, 148.

[248] Мухаммед б. Абдилхамид аль-Усмандий, ***Базлу ан-Назар фи аль-Усул***, 96-97.

сүрөсүнүн 89-аятын رَبَّنَا افْتَحْ بَيْنَنَا وَبَيْنَ قَوْمِنَا بِالْحَقِّ, ал эми тарбия максатындагы амрдын түрүнө - يَا غُلَامُ سَمِّ اللهَ وَ كُلْ بِيَمِينِكَ وَ كُلْ مِمَّا يَلِيكَ[249] хадисин мисал келтирүүгө болот.[250] Башкача айтканда, араб тилинде булардын баары амр (буйрук) сыяктуу көрүнгөнү менен өз ара фарз, мандуб, үгүт, эскертүү, дуа, тарбия өңдүү айырмачылыктарга ээ.

### 7.4. Нахй

Нахй – бул Алла Тааланын мукаллафтардын кандайдыр бир ишти аткаруусуна тыюу салышы дегенди билдирет. Тыюу салуу иши бир жолу ишке ашырылса ошол жетиштүүбү? Тыюу салуу иши ар убак жаңыланып турабы? Бул маселелерде мазхабдар ар башка пикирди карманышат. Байзавий менен Разийдин айтымында, бир жолу тыюу салуу – ал иштин кыяматка чейин арам кылынгандыгын билдирет деп айтылып, калган жумхур усулчулар мукаллаф ошол иш менен жүздөшкөн сайын улам жаңыланып турат деп айтышкан. Биздин пикирибизде, экинчи тайпанын пикири туура. Анткени, көптөгөн усул китептеринде, өзгөчө рухсат маселесинде, кишиге арам кылынган иштин икрах абалында (убактылуу) адал кылынышы жөн жайынан болбосо керек.

Нахй иши үчүн колдонулган сөздөрдүн түрлөрүнө мисал катары Нур сүрөсүнүн 21-аятын لَا تَتَّبِعُوا خُطُوَاتِ الشَّيْطَانِ, Исра сүрөсүнүн 32-аятын وَلَا تَقْرَبُوا الزِّنَا, Маида сүрөсүнүн 3-аятын حُرِّمَتْ عَلَيْكُمُ الْمَيْتَةُ وَالدَّمُ وَلَحْمُ الْخِنْزِيرِ, Бакара сүрөсүнүн 229-аятын وَلَا يَحِلُّ لَكُمْ أَنْ تَأْخُذُوا مِمَّا آتَيْتُمُوهُنَّ شَيْئًا айтууга болот. Башкача айтканда, ар бир аяттын "...жолун жолдобогула..!", "...жакындабагыла..!", "...силерге арам кылынды..!", "...силерге адал эмес..!" деген

---

[249] Бухарий, "аль-Атыма", 2056.
[250] Зухайлий, ***аль-Важиз фи Усули аль-Фикх***, 210-212.



айырмачылыгы, нахйдын ишке ашуусу үчүн колдонулган сөздөрдүн түрлөрү болуп саналат.

Ал эми ушул эле нахйдын *дуа маанисин*деги رَبَّنَا لَا تُزِغْ قُلُوبَنَا بَعْدَ إِذْ هَدَيْتَنَا колдонулушуна Алу Имран сүрөсүнүн 8-аятын, ал эми *үгүт маанисин*де колдонулган нахйдын түрүнө Маида сүрөсүнүн 101-аятын يَا أَيُّهَا الَّذِينَ آمَنُوا لَا تَسْأَلُوا عَنْ أَشْيَاءَ إِنْ تُبْدَ لَكُمْ تَسُؤْكُمْ далил келтирүүгө болот. Башкача айтканда, пенде Алла Таалага эч убакта буйрук бере албайт. Болгону дуа кылуу мүмкүнчүлүгүнө гана ээ. Биринчи аяттагы буйрук сыяктуу көрүнгөн لَا تُزِغْ (лаа тузиг) сөзү (негизи) дуа маанисин гана билдирет. Ал эми үгүт маанисинде колдолунулушуна мисал катары Маида сүрөсүнүн 101-аятындагы لَا تَسْأَلُوا (лаа тасьалуу) сөзүн далил келтирүүгө болот. Анткени, канчалык көп суроо узатылса, ошончолук көп өкүмдүн түшүрүлүшүнө себеп болуп калат деген, болжолдуу ыктымалдарды билдирет.[251]

---

[251] Зухайлий, ***аль-Важиз фи Усули аль-Фикх***, 214-215.

# ЖЕТИНЧИ БӨЛҮМ
# ТАЪАРУЗУ АЛЬ-АДИЛЛА
# ЖАНА АНЫ ЖОЮУНУН ЖОЛДОРУ

## 1. ТАЪАРУЗУ АЛЬ-АДИЛЛА

Таъарузу аль-адилла – бул эки далилдин бири-бирине карама-каршы келишин түшүндүрөт. Мындай учурда, ханафийлер эки далилдин ортосунда "насх", "таржих", "жам ва тавфик", "тасакут" маселелерин тактоо жолу менен маселени чечишет. Ал эми мутkаллимун укуктук школасы болсо маселени "жам ва тавфик", "таржих", "насх", "тасакут" жолу менен чечүүгө аракет кылышат.[252] Фукаха методу боюнча маселени чечүүчү насх, таржих, жам ва тавфик, тасакут терминдерине токтоло кетели.

## 2. НАСХ

### 2.1. Насхтын далилдик өңүтү

Насх – бул кандайдыр бир шарий өкүмдүн, андан кийин келген шарий өкүм менен кээде толугу бойдон, кээде жарымысынын жокко чыгарылышын билдирет. Насхтын ишке ашуусу аят менен аяттын, хадис менен хадистин, аят менен хадистин, хадис менен аяттын насх кылынышы сыяктуу таризде аткарылат.[253] Усул аалымдарынын кээ бирлери насхты, өкүмдөрдүн инсандарга акырындык (этап-этабы) менен жөнөтүлүшү, инсаниятттын пайдасына багытталган маслахаттарды камтышы, инсандарды сыноо ж.б. хикматтарынан улам кабыл алышса, кээ аалымдар насх – бул Алла Тааланын "аль-Алийм" деген сыпатына доо келтирет деген мааниде түшүнүп, мына ошондон улам насхты кабыл алышпайт. Имам Шафиъий өңдүү алымдардын кээ бирлери

[252] Фахд б. Саъд аз-Зайидий аль-Жуханий, ***Каваиду Дафъи ат-Таъарузи иънда аль-Имам аш-Шафиъий: Дираса Тасилиййа Татбикиййа***, Мажаллату Жамиати Умми аль-Кура ли Улуми аш-Шаръиййати ва аль-Лугати аль-Арабиййати ва Адабиха, 1425 (Зудхижжа), 32/17, 279-280.

[253] Даббусий, ***Таквиму аль-Адилла***, 231, 239. Насх жөнүндө толук маалыматка ээ болуу үчүн кңз; Щабан Мухаммед Исмаил, ***Назарияту ан-Насх фи аш-Шараиъи ас-Самавиййа***, Дару ас-Саалам, 1988.

болсо, аят менен аяттын ортосунда гана насх кылууга болорун айтышкан.[254]

## 2.2. Насхтын ишке ашышы, шарттары, объектиси

Ал эми насхтын акыйкат экендиги, жогорудагыдай бир топ хикматтарды камтыгандыгы, ыйык Куранда مَا نَنسَخْ مِنْ آيَةٍ أَوْ نُنسِهَا نَأْتِ بِخَيْرٍ مِّنْهَا أَوْ مِثْلِهَا[255], ошондой эле يَمْحُوا اللَّهُ مَا يَشَاءُ وَيُثْبِتُ وَعِندَهُ أُمُّ[256] الْكِتَابِ, анан дагы وَإِذَا بَدَّلْنَا آيَةً مَّكَانَ آيَةٍ وَاللَّهُ أَعْلَمُ بِمَا يُنَزِّلُ[257] деп баяндалып кеткен.

Насхтын бир гана Аз. Пайгамбардын (с.а.в.) доорунда жүзөгө ашышы шарт. Андан кийинки доордо ишке ашпайт. Бул маселеге Фахрулислам Баздавий өзүнүн китебинде токтолуп кеткен.[258] Бирок, ушул эле Фахрулислам Баздавий, кандайдыр бир маслахатка таянган ижманын убакыттын өтүшү жана маслахаттын өзгөрүшү менен, Аз. Пайгамбардын (с.а.в.) кайтыш болушунан кийин деле эски ижма насх кылынып, андан соң жаңы ижма кылынса болорун айткан.[259] Ошондой эле, насх бир гана ижтихадий өкүмдөрдө ишке ашырылышы, ал эми акыйда маселелеринде өзгөзө أبدا (абадан) сөзү бар болсо, анда кыяматка дейре ал маселеде насх жүргүзүлбөйт. Буга мисал катары Ахзаб сүрөсүнүн 53-аятында وَلَا أَن تَنكِحُوا أَزْوَاجَهُ مِن بَعْدِهِ أَبَدًا айтылган أبدا (абадан) сөзүн айтууга болот.

Насхтын ишке ашуусу үчүн мансух жана насхтын шарий далилге таянышы, насхтын мансухтан күчтүүрөк же мансух менен бирдей даражада болушу, насхтын мансухтан кийин келиши өндүү шарттар талап кылынат.

## 2.3. Насхтын түрлөрү

Насх "сарих", "димний", "куллий", "жузий" деген түрлөргө бөлүнөт:

### 2.3.1. Сарих насх

Сарих насх – бул Алла Тааланын ачык түрдө алгачкы өкүмдү жокко чыгарышы дегенди билдирет. Буга Аз. Пайгамбардын (с.а.в.) мусулмандардын жүрөгүндө ыйман толук орнобогондугунан, уруусунун көптүгү менен мактануу үчүн кабырларды жара кирип, ал жерде жаткан өлүктөрдү да эсептеп, аларга урматсыздык көрсөтүүдөн улам, адатка айланган мүрзөлөрдү зыярат кылууга тыюу салышы, чындыгында эле, баарыбызга маалым. Бирок, Мединага журт которгон мусулмандардын жогорудагы сыпаттардан арылуусунан кийин, жогоруда тыюу салынган кабырды зыярат кылууга уруксат бериши, практикалык түрдө өзүнүн кабырды зыярат кылышы, кабырды зыярат кылуу жүрөктү жумшартарын айтышы[260] сарих насх болуп саналат.

### 2.3.2. Димний насх

Димний насхта Алла Таала алгачкы өкүмдү жокко чыгаргандыгын ачык-айкын айтпаганы менен, бир маселеде эки башка өкүмдүн болушун, албетте, насхтан башка жол менен түшүнүүгө болбойт. Мисал катары, Бакара сүрөсүнүн 180-аяты كُتِبَ عَلَيْكُمْ إِذَا حَضَرَ أَحَدَكُمُ الْمَوْتُ إِن تَرَكَ خَيْرًا الْوَصِيَّةُ لِلْوَالِدَيْنِ وَالْأَقْرَبِينَ بِالْمَعْرُوفِ حَقًّا عَلَى الْمُتَّقِينَ менен Ниса сүрөсүнүн 11-аятын يُوصِيكُمُ اللَّهُ فِي أَوْلَادِكُمْ لِلذَّكَرِ

---

[254] Мухаммед Али ас-Сабуний, *Раваиу аль-Баян Тафсиру Аяти аль-Ахкам ми аль-Куран*, Бейрут: Дару аль-Фикр, 1-т, 80-81; Али Сайис, *Тафсиру Аяти аль-Ахкам*, 1-т, 78; Баздавий, *Канзу аль-Вусул ила Илми аль-Усул (Усулу аль-Баздавий)*, 219.

[255] Кураны Карим, Бакара сүрөсү, 106. Насх тууралуу кыскача маалымат үчүн кнз; Жалаауддин Мухаммед б. Ахмад б. Мухаммед аль-Махаллий – Жалалуддин Абдуррахман б. Аби Бакр ас-Суютий, *Тафсиру аль-Жалалайн*, Бейрут: Дару ибн Касир, 2008, 17.

[256] Кураны Карим, Раъд сүрөсү, 39.

[257] Кураны Карим, Нахл сүрөсү, 101.

[258] Баздавий, *Канзу аль-Вусул ила Илми аль-Усул (Усулу аль-Баздавий)*, 221; Щабан, *Усулу аль-Фикхи аль-Исламий*, 406.

[259] Баздавий, *Канзу аль-Вусул ила Илми аль-Усул (Усулу аль-Баздавий)*, 221.

[260] Мунзирий, *Мухтасару Сахихи Муслим*, 153.

مِثْلُ حَظِّ الْأُنْثَيَيْنِ далил келтирүүгө болот. Бул жерде, биринчи аяттагы мурас маселеси менен осуят маселесинин, тактап айтканда экөөнүн бир учурда ишке ашпастыгы айтылган. Ошондой эле, Аз. Пайгамбардын (с.а.в.) [261] لَا وَصِيَّةَ لِلْوَارِثِ аттуу хадиси да, мураскордун осуят алалбастыгын кабарлап, биринчи аятты насх кылган, экинчи аятты бекемдеп жатат.

Насх маселесинде аяттын аят менен жана хадистин хадис менен насх кылынышында аалымдар бир пикирди карманышат. Аяттын аят менен насх кылынышына, жогорудагы Бакара сүрөсүнүн 180-аяты менен Ниса сүрөсүнүн 11-аятын далил келтирүүгө болот. Сүннөттүн аят менен насх кылынышына, Аз. Пайгамбардын (с.а.в.) Мединага хижра кылышынан кийин, намазды алгачкы кыбыла Масжиду Аксага караб окушун, Бакара сүрөсүнүн 144-аяты فَوَلِّ وَجْهَكَ شَطْرَ الْمَسْجِدِ الْحَرَامِ менен насх кылынышын айтууга болот.[262] Сүннөттүн сүннөт менен насх кылынышына жогорудагы кабыр зыяратын айтууга болот.

Курандагы насхтарды тилаваты жана өкүмү насх кылынган аяттар, өкүмү насх кылынып, тилаваты Курандан орун алган аяттар, тилаваты жокко чыгарылып, өкүмү колдонулуп жүргөн аяттар, негизги сыпаты Курандан орун алган, бирок, ошол сыпаттын белгилүү бир бөлүгү насх кылынган аяттар деп, атайын категорияларга ажыратууга болот. Насхтын түрлөрүн кыскача төмөндөгүдөй чечмелөөгө болот:

[261] Али Сайис, ***Тафсиру Аяти аль-Ахкам***, 1-т, 79; Баздавий, ***Канзу аль-Вусул ила Илми аль-Усул (Усулу аль-Баздавий)***, 222. Хадистин котормосу: "Мураскордун осуят үчүн ажыратылган мал-мүлктөн алууга укугу жок".

[262] Баздавий, ***Канзу аль-Вусул ила Илми аль-Усул (Усулу аль-Баздавий)***, 222-223; Али Сайис, ***Тафсиру Аяти аль-Ахкам***, 1-т, 79.



**2.3.2.1. Тексти жана өкүмү насх кылынган аяттар**

Булардын биринчи түрүнө, далилдер бөлүмүндөгү Шаръу ман каблана далилинин астында, бизден мурдагылардын шариятындагы кайсы өкүмдөрдүн Ислам дини менен насх кылынгандыгын айтып өттүк.

**2.3.2.2. Өкүмү насх кылынып тексти Курандан орун алган аяттар**

Буга Бакара сүрөсүнүн 240-аятын وَالَّذِينَ يُتَوَفَّوْنَ مِنْكُمْ وَيَذَرُونَ أَزْوَاجًا وَصِيَّةً لِأَزْوَاجِهِمْ مَتَاعًا إِلَى الْحَوْلِ айтууга болот. Анткени, бул аяттагы васият маселеси Курандан орун алганы менен өкүмү мурас аяты менен насх кылынган. Ошондой эле, бир жыл бою идда күтүү маселеси да, андан соң түшүрүлгөн 4 ай 10 күн идда күтүү аяты менен насх кылынган.[263]

**2.3.2.3. Тексти насх кылынып өкүмү иштетилип жүргөн аяттар**

Өкүмү иштетилип жүргөн, бирок, тилаваты Курандан орун албаган аяттарга, Аз. Умардан келген الشَّيْخُ وَ الشَّيْخَةُ إِذَا زَنَيَا فَارْجُمُوهُمَا نَكَالًا مِنَ اللَّهِ деген тариздеги аятты далил кетирүүгө болот.[264]

**2.3.2.4. Курандагы өкүмдүн бир бөлүгү гана насх кылынган аяттар**

Ал эми негизги сыпаты Курандан орун алган, бирок, ошол сыпаттын белгилүү бир бөлүгү насх кылынган аяттарга, кээ бир аалымдардын пикиринде, башка үммөттөргө да фарз кылынган орозо ибадатынын, бизге фарз кылынган отуз күндүк Рамазан орозосу фарз кылынгандан кийин, бизден мурдагылардын орозо ибадатынын белгилүү бөлүгү насх кылган.[265] Башкача айтканда, орозо деген сыпат толук жокко

[263] Махаллий – Суютий, ***Тафсиру аль-Жалалайн***, 39.

[264] Али Сайис, ***Тафсиру Аяти аль-Ахкам***, 1-т, 82.

[265] Даярдаган: Мухаммед Хасан Мухаммед Хасан Исмаил, ***аль-Ахкаму аль-Фикхийа ли аль-Имам ат-Табарий: Мажмуатун мин Тафсийрихи***, Бейрут: 2000, 95.

чыгарылбастан, анын белгилүү бир бөлүгүнүн сыпаты гана насх кылынган.

**2.4. Насхты тактап билүүнүн жолдору**

Насхты тактап билүүнүн жолдору Аз. Пайгамбардын (с.а.в.) жана сахабалардын баяндамасы аркылуу ишке ашат. Аз. Пайгамбардын (с.а.в.) баяндамасына жогорудагы кабыр зыяратын айтууга болот. Сахабалардын баяндамасына "Бул маселе – тиги маселе менен насх кылынды..!" деген тариздеги риваяттарын айтууга болот.

Ошондой эле, ижма менен аткарылган насхка, аалымдардын бири-бирине карама-каршы келген далилдердин бир ооздон бирин насих деп, наркы далилди мансух деп кабыл алышы да, ошол маселеде насх ишке ашырылгандыгын түшүндүрөт. Анан дагы, хронологиялык жактан да, насхты тактап билүүгө болот. Мисалы, Шаддаттын риваятында, орозо кармаган кишинин хижама жасатышы, орозону бузат деп айтылат. Бирок, Ибн Аббастын риваятында кан алдыруу (хижама) орозону бузбайт. Анткени, Аз. Пайгамбар (с.а.в.) өзү бул ишти аткарган болчу.[266] Ошондуктан, бул жерде Шаддаттын риваяты, Мекке шаарынын багындырылышы учурунда айтылган хадис экендигин, ал эми Ибн Аббастын риваяты Аз. Пайгамбардын (с.а.в.) коштошуу кутбасы учурунда айтылган хадис экендигин эстен чыгарбаш керек.

## 3. ТАРЖИХ

Тараза таштарынын бири-бирин оор басышы деген маанидеги таржих – эки далилдин бири-бирине карама-каршы келген учурда, кандайдыр бир артыкчылыгынан улам, алардын ичинен бирөөсүн тандоо дегенди билдирет. Таржих далилдердин "субутунда", "күчтүүлүгүндө", "убакытта", "махалинде", "жихатында" аткарылат.[267]

[266] Atar, ***Fıkıh Usûlü***, 9. Baskı, 266-267.

[267] Ахмад Ризахан аль-Ханафий, ***Шарху аль-Манзумати аль-Мусаммати би Укуди Расми аль-Муфтий***, Пакистан: Дару ан-Нур ли ат-Тахкик ва ат-Тасниф, 2015, 69.



**3.1. Таржихтин түрлөрү :**

1. Курандын субуту катъий, ахад хадистин субуту занний болуп саналат. Мындай учурда, албетте, субуту катъий болгон аят тандалып алынат. Анткени, анын субутунун катъий болушу, таржихте артыкчылык катары бааланат.

2. Мутаватир хадис менен ахад хадистин ортосунда да таржих колдонулууга тийиш. Анткени, мутаватир хадистин субуту жана далаалаты жагынан ахад хадистен жогору турушу, негизи баарыбызга маалым.

3. Эки далилдин ортосунда убакыт айырмачылыгы болсо, анда бул таъаруз деп эсептелбейт. Мисалы, аял киши этек кири көрүп жаткан учурда жыныстык катнашка тыюу салган өкүм менен таза убакта жыныстык катнашка тыюу салбаган аяттын ортосунда таъаруз болбойт.

4. Жихатта болсо Каба тарапка карап намаз окууну буюрган аяттар, башка жакка караб намаз окууга тыюу салган аяттарга карама-каршы келбейт. Болгону алардын ортосунда таъаруз эмес насх бар.

**3.2. Таржихти ишке ашыруунун жолдору :**

1. Таржихти аткарууда мухкам муфассарга, муфассар насска, насс захирге, хакикат мажазга, сарих кинаяга, ибара ишарага, ишара далалага, далала иктизага, мажаз муштаракка, мафхуму мувафака мафхуму мухалафага, хафий мушкилге, мукаййад мутлакка, хасс аъамга таржих кылынат.[268]

2. Ошондой эле, фикхты мыкты билген равий фикхтан кабары болбогон равийге, рависи көп болгон хадис рависи аз болгон хадиске, рависинин зээни күчтүү болгон хадис рависи зээнсиз болгон хадиске, такыба равинин риваяты такыба болбогон равинин риваятына, лафзан (сөзмө-сөз) риваят кылынган хадис маънан (мааниси) риваят кылынган хадиске,

[268] Ибрахим Мухаммед аль-Хафнавий, ***ат-Таъарузу ва ат-Таржих инда аль-Усулиййин ва Асаруха фи аль-Фикхи аль-Исламий***, Каир: Дару аль-Вафаи, 1987, 277-400; Atar, ***Fıkıh Usûlü***, 9. Baskı, 270; Зайдан, ***аль-Важиз фи Усули аль-Фикх***, 433.

фарз маанисин туюнткан насс мандуб манисин туюнткан насска, арам маанисин туюнткан далил адалдыкты билдирген далилге, мусбит (оң маанидеги) далил манфий (терс маанидеги) далилге, кавлий (сөз) хадис филий (сүннөт) хадиске таржих кылынат.[269]

## 4. ЖАМ ВА ТАВФИК

Бул термин, эки өкүмдүн кандайдыр бир далилдин негизинде, экөөсүнүн ортосундагы карама-каршылыкты жокко чыгаруу, ошондой эле, экөөсү менен да амал кылуу дегенди билдирет. Башкача айтканда, аъамдын тахсиске жана мутлактын такйидке учурашы дегенди билдирет.[270] Ал эми бул маселелер жогорудагы насх темасынын астындагы мисалдарда берилип өттү.

## 5. ТАСАКУТ

Эки далилдин өкүмү менен дагы амал кылбоо – ислам укугу методологиясында тасакут деп аталат. Буга мисал катары, Музаммил сүрөсүнүн 20-аяты فَاقْرَءُوا مَا تَيَسَّرَ مِنَ الْقُرْآنِ менен Аъраф сүрөсүнүн 204-аятын وَإِذَا قُرِئَ الْقُرْآنُ فَاسْتَمِعُوا لَهُ وَأَنْصِتُوا لَعَلَّكُمْ تُرْحَمُونَ далил келтирүүгө болот. Биринчи аятта, намазда "Силерге оңой болгон, каалаган сүрөнү окугула..!" – деп айтылып жатса, экинчи аятта, "Намаз окуп жатканда Куран окулса, анда аны уккула..!" – деген өкүм айтылып жатат. Сырттан карап көргөндө, экөөсү бири-бирине карама-каршы келгендей көрүнөт. Бирок, бул эки аят менен дагы амал кылынбайт. Тактап айтканда, эки аятты дагы [271] قِرَاءَةُ الْإِمَامِ قِرَاءَةٌ لِلْمُؤْتَمِّ деген хадис менен, имам намаз окуп жатканда каалаган сүрөсүн окууга, ал эми ага уйган инсандын имамдын кыраатын угууга милдеттүү экендигин түшүнүүгө болот. Муну Абу Ханифадан

[269] Зайдан, ***аль-Важиз фи Усули аль-Фикх***, 433; Atar, ***Fıkıh Usûlü***, 9. Baskı, 270-271.
[270] аль-Ашкар, ***аль-Вадих фи Усули аль-Фикх***, 270-271.
[271] Atar, ***Fıkıh Usûlü***, 9. Baskı, 281. Хадистин котормосу: "Имамдын кыраааты ага ыктыда кылган адамдын кыраатына да өтөт".



келген مَنْ صَلَّى خَلْفَ إِمَامٍ فَإِنَّ قِرَاءَةَ الْإِمَامِ قِرَاءَةٌ لَهُ аттуу хадис менен да бекемдөөгө болот.[272]

[272] Махмуд Мухаммед Шалтут – Мухаммед Али Сайис, ***Мукаранату аль-Мазахиб фи аль-Фикх***, Каир: Матбаату Мухаммед Али Сабих, 1953, 25. Хадистин котормосу: "Кимде ким бир имамдын артында намаз окуй турган болсо, анда имамдын кыраааты анын кыраатына өтөт (өз алдынча окууга кажет жок)".

# СЕГИЗИНЧИ БӨЛҮМ
# ИЖТИХАД, ТАКЛИД, ТАХРИЖ, ТАЛФИК, КАЗА, ФАТВА ТЕРМИНДЕРИНИН АНАЛИЗИ

# 1. ИЖТИХАД ЖАНА ТАКЛИД

## 1.1. Ижтихад

Ижтихад – бул муфассал далилдерден шарий-амалий өкүмдөрдү чыгаруунун жол-жобосу дегенди билдирет. Башкача айтканда, Ислам динindeги өкүмдөрдүн күнүмдүк жашоо менен параллель кесишкен жери болуп саналат. Куран жана сүннөттө ижтихад кылууга үгүттөгөн көптөгөн аят-хадистер жана атайын изилдөөлөр бар.[273]

Ал тургай, ижтихадды фарзу кифая деген аалымдар да жок эмес. Акыйда маселелеринде ижтихад кылууга уруксат берилбейт. Анткени, акыйда маселелери катъий далилдер менен бекитилген. Анда кайсы маселелерде ижтихад кылууга болот деген суроо жаралат. Ижтихад бир гана насстын субуту занний болгон учурда, ошондой эле, далаалаты занний болгон учурда, анан дагы эч кандай насс жана ижма болбогон учурда, кыскасын айтканда ижтихадий маселелерде гана ишке ашырылат.

Ижтихад Аз. Пайгамбардын (с.а.в.) доорунан тарта Караханиддердин кыйрашына (1212) чейинки доордо кеңири масштабда колдонулуп келген. Андан соң аалымдардын ортосунда ижтихаддын каалгасы жабылды деген туура эмес пикир пайда болгон. Мужтахиддердин мындай пикирге келишине түрткү болгон фактор – бул ошол доордо жалпы мусулман ааламын Чыңгыз хандын талкалашы (1212-жылдан тарта Амир Тимурдун салтанаты курулганга чейинки убакыт) деп эсептөөгө болот.[274]

Анткени, Чыңгызхан кээ бир жасакерленген аалымдарга ижтихад кылдыртып, көптөгөн туура эмес иштерге мөөр бастыртып, ижтихадды туура эмес колдонуп турган. Бул көрүнүшкө нааразы болгон ыкыластуу аалымдар

---

[273] Ahmet Yaman, ***Makasıd ve İçtihad***, İstanbul: Rağbet Yayınları, 2010, 547; Надий Шариф аль-Умарий, ***аль-Иджтихад фи аль-Ислам***, Бейрут: Дару ар-Рисала, 1985.

[274] Hayrettin Karaman, ***İslam Hukuk Tarihi***, İstanbul: İz Yayıncılık, 2012, 255-258.

болсо, Чыңгызхандын подхалим аалымдарын тескөө максатында, мына ушул пикирди тарата башташкан. Мына ушундан улам ижтихаддын эшиги бекилди деген пикир пайда болгон. Бирок, бул пикир индустриалдык төңкөрүшкө (XVIII-XIX кылымдар) чейин гана өкүм сүргөн. Негизи, бул доор деле мазхабдардын ич ара теориялык жана практикалык өнүттөн бекемделишине себеп болгон. Андан кийин мусулман коомчулугу жаңыдан жанданып, кайрадан кадимки ижтихад кыла башташкан.[275]

Ижтихад кылуучу фикх адисинин араб тилин, Ислам укугу методолгиясын, ахкам аяттарды жана ахкам хадистерди, ижма жана кыяс кылынган маселелерди мыкты билиши шарт. Анткени, бул маселелерди билбеген мужтахиддин ижтихад кылуусуна уруксат берилбейт. Мына ошондо гана мужтахид аткарган ижтихады үчүн сооп алат. Ижтихад маселеси жоопкерчиликтүү болгонуна карабастан, ыйман келтирүүдөн кийинки эң сооптуу иш деп сыпатталган.[276]

Ижтихад – бул Ислам дининин жаңы маселелерине жооп берүүчү жана улам жаңыланып туруучу ааламдык өңүтү. Мына ошондуктан, ар бир доордо жашап өткөн фикх илиминин адистери ижтихадды туура түшүнүүгө тийиш. Зухайлий жана Кардавий өңдүү аалымдар ар бир доордо мужтахиддин болушун шарт катары баалап, ошондой эле, замананын таламына жараша ижтихаддардын да өзгөрүшү керектигин айтышкан.[277] Ар бир мужтахид ижтихадды милдет катары (фарз) кабыл алышы зарыл. Антпесе, Ислам динин ааламдык өңүтү жокко чыгат.

[275] Yaman, ***Makasıd ve İçtihad***, 545.
[276] Atar, ***Fıkıh Usûlü***, 9. Baskı, 305-313.
[277] Вахбату Зухайлий, ***Тагаййури аль-Иджтихад***, Биринчи чыгарылыш, Дамаск: Дару аль-Мактабий, 2000; Юсуф Кардавий, ***Муджибату Тагаййури аль-Фатва фи Асрина***, Доха: аль-Иттихаду аль-Аламий ли Уламаи аль-Муслимийн, 2007.



Ислам укугу адистеринин ортосунда, бир факихтин (фикх илиминин адиси) бир маселеде гана ишке ашырган изилдөөлөрү ижтихад деп аталабы, же ижтихад кылуу үчүн фикхтын бардык маселелерин билүү шартпы деген, негизги эки ажырым пикир пайда болгон. Бул маселе усулу аль-фикхта "тажаззуъу аль-ижтихад" деп аталат.[278] Албетте, учурдун таламына жараша, фикх адисинин бардык маселелерди билүүсү шарт деген пикир, бул логикага сыйымдуу иш эмес. Аткени, убакыттын өтүшү менен фикх илими исламий илимдердин арасында, чындыгында, объектиси эң чоң, башкача айтканда, аябай майда-барат тармактарга бөлүнүп кетти. Азыркы учурда, мурдагы усулу кадим менен 15-20 жылдап илим алуучу, чыныгы эр азаматтар да калбай баратат. Тактап айтканда, бир инсан мужтахид болуу максатында тынымсыз китеп окуса да, Абу Ханифадай "мужтахид мутлак" боло албашы турган кеп. Ошондуктан, азыркы күндө, ар башка мусулман өлкөлөрүндө атайын диссертациялардын жакталышы, мына ушул "мужтахид фи аль-масала" деген, кандайдыр бир маселеде гана мухтахид деген маселени кабыл алуунун зарылчылыгын түшүндүрөт.

## 1.2. Таклид

Таклид – бул ижтихад кылууга күчү жетпеген кишинин, кандайдыр бир шарий маселеде далилин билбестен туруп, ижтихад кылууга укуктуу болгон кишини ээрчиши дегенди билдирет.[279] Таклид сахабалардын доорунан тарта көпчүлүк мусулмандар тарабынан аткарылып келет. Анткени, бардык мусулмандын илим менен алектенүүгө мүмкүнчүлүгү жок.

[278] Надя Шариф аль-Уъмарий, ***аль-Иджтихад фи аль-Ислам: Усулуху, Ахкамуху, Афакуху***, Бейрут: Муассасату ар-Рисала, 1980, 164-173.
[279] Таклид жөнүндө кененирээк маалымат үчүн кңз: Мухаммед б. Али аш-Шавканий, ***Иршаду аль-Фухул ила Тахкики аль-Хакки мин Илми аль-Усул***, Рияд: Дару аль-Фадийла, 2000, 1-т, 1081-1084; Абдуррахим ал-Лажуфурий, ***ат-Таклиду аш-Шаръийй фи аль-Умури аль-Фикхийати ва Ахаммиятуху фи аль-Ислам***, Дубай: Мактабату аль-Харамайн, 2004.

Башкача айтканда, алар башка кесиптер менен алек болушу зарыл. Бул да шарияттын буйругу.

Таклиддин дагы бир башка аталышы – бул "мазхаб" деп аталат. Чындыгында эле, карап көрсөңүз, Абу Ханифага тең келе албаган мусулмандардын анын жолун жолдошу, мына ушул таклид маселесин даана түшүндүрүп берет. Бирок, ижтихад кылууга укуктуу болгон мужтахиддердин бири-бирин таклид кылуусу туура эмес. Ал тургай, мужтахиддердин мындай жагдайы, аларды күнөөгө түртөт. Анткени, الْإِجْتِهَادُ لَا يَنْقُضُ بِمِثْلِهِ[280] деген хадисти айткан Аз. Пайгамбар (с.а.в.), өз хадиси менен алардын мындай ишинен ыраазы болбостугун билдирген.

Таклидди коомдук тартипти сактоочу негизги фактор катары баалоого да болот. Мына ошондуктан коомдо башаламандык болбошу үчүн ижтихад маселесинин маани-маңызы толук түшүндүрүлүшү зарыл. Башкача айтканда, үч күндүк илим алган соң, өзүн Чолпонбай сезген, илимге кылдаттык менен мамиле жасоону билбеген, негизи ижтихаддын эки учтуу миз сыяктуу коопту иш экендигин билбеген, акылы кыска, караңгы, чала сабат кишилердин иши эмес экендиги, ижтихад ишинин өз ээлерине берилиши керектиги, карапайым калкка толук түшүндүрүлүшү, бул маселеге аябай кылдат мамиле жасоого үйрөтүлүшү зарыл.

Таклиддин фикх адисинен сырткары жөнөкөй мусулмандардын аткаруусу керек болгон, Ислам укукчуларынын ишине кийлигишпестен туруп, жөн гана аларды ээрчүүнүн, аларга уюунун зарылчылыгын баяндаган (Зумар-9) قُلْ هَلْ يَسْتَوِي الَّذِينَ يَعْلَمُونَ وَالَّذِينَ لَا يَعْلَمُونَ, (Зумар-18) الَّذِينَ يَسْتَمِعُونَ الْقَوْلَ فَيَتَّبِعُونَ أَحْسَنَهُ أُولَئِكَ الَّذِينَ هَدَاهُمُ اللَّهُ وَأُولَئِكَ هُمْ أُولُو الْأَلْبَابِ, (Исра-36) وَلَا تَقْفُ مَا لَيْسَ لَكَ بِهِ عِلْمٌ өңдүү аяттар жок эмес.

[280] Ахмад аль-Бухарий, ***Кашфу аль-Асрар аън Усули Фахри аль-Ислам аль-Баздавий***, 3-т, 128. Хадистин котормосу: "Эч бир ижтихад, башка ижтихад менен жокко чыгарыла албайт".



**2. ТАХРИЖ**

Тахриж – бул мазхабды негиздеген имамдардын пикирлеринен жана жазып калтырган тексттеринен өкүм чыгаруу дегенди билдирет. Ижтихад муфассал насстардан өкүм чыгаруу дегенди билдирсе, тахриж термини жогорудагыдай мааниге ээ болушу менен андан айырмаланат.[281]

Башкача айтканда, тахриж кылган киши (асхабу ат-тахриж) өзү карманган мазхабдын негизинде гана өкүм бере алат. Муну аткаруучу киши мазхабды курган имамдын пикирлерин, аны ээрчиген аалымдардын пикирлерин, мазхабдагы укуктук эрежелерди билүүгө тийиш. Ошондой эле, далилдерди талдоого күчү жетиши керек. Анан дагы, өзү жашаган коомду жакшы таанып билиши, ошол коомдун муктаждыктарын да, албетте мыкты билүүсү зарыл.

**3. ТАЛФИК**

Талфик – бул эки мазхабдын бири-бирине карама-каршы келген өкүмдөрүн бир маселеде топтоп, андан соң алардын экөөсү менен да амал кылуу дегенди түшүндүрөт.[282]

**3.1. Талфиктин түрлөрү**

**3.2. Ижмага карама-каршы келген талфик**

Талфик ижмага карама-каршы келген жана ижмага карама-каршы келбеген түрлөргө бөлүнөт. Ижмага карама-каршы келген талфик эч качан кабыл алынбайт. Мисалы, ханафий мазхабында балагатка жеткен кыздын турмушка чыгуусунда атасынын уруксатын алышы, маликий

[281] Mehmet Erdoğan, ***Fıkıh ve Hukuk Terimleri Sözlüğü***, 3.Baskı, İstanbul: Ensar Yayınları,2010, 537.

[282] Насир б. Абдиллах аль-Майман, "ат-Талфик фи аль-Ижтихад ва ат-Таклид", Мажаллату аль-Аъдл, 11/1422, (Ражаб), 4-5.

мазхабында нике кыйылып жатканда күбөлөрдүн болушу, шафиъий жана ханафий мазхабында нике кыйылып жатканда махрдын сөзсүз түрдө айтылышы шарт эмес.

Кимде ким мына ушундай түшүнүктө нике кыйдырса же кыйса, анда ал никенин эч кандай укуктук мааниси болбойт. Анткени, атасынын уруксаты ханафий мазхабында талап кылынбаганы менен шафиъий мазхабында талап кылынат.[283] Ошондой эле, нике кыйылып жатканда күбөлөрдүн болушу маликий мазхабында никенин сахих болушу үчүн шарттуу түрдө талап кылынат.[284] Нике кыйылып жатканда махрдын айтылбашы ханафий жана шафиъий мазхабында эч бир тоскоолдук жаратпаганы менен маликий мазхабында никенин сахих болушуна тосколдук жаратат.[285] Жогорудагы себептерден улам мындай талфик туура деп эсептелбейт.

### 3.3. Ижма менен карама-каршы келбеген талфик

Ал эми ижма менен карама-каршы келбеген талфиктин түрүнө, даарат алып, намаз окууну мисал келтирели. Даарат алууда жуулучу дене-мүчөлөрдү ышкап жууш маликий мазхабында фарз болуп саналат.[286] Шафиъий мазхабында шахватсыз абалда болсо да аялга колун тийгизүү дааратты сындырат. Ал эми ханбалий мазхабында шахват менен колун тийгизсе гана даараты сынат деп айтылган[287] Мындай адам эки мазхабда да намаз окуса, намазы жараксыз деп эсептелет. Ал эми ханафий мазхабында даарат алууда ышкап жуубаган,

[283] Мухаммед б. Идрис аш-Шафиъий, ***аль-Умм***, Бейрут: Дару аль-Маърифа, Хиж. 1393, 5-т, 168.

[284] Шихабуддин Ахмад б. Идрис аш-Шафиъий, ***аз-Захийра***, Бейрут:Дару аль-Гарб,1994, 4-т, 399.

[285] Абдуллах б. Ахмад б. Кудама аль-Макдисий Абу Мухаммед, ***аль-Мугний***, Бейрут: Дару аль-Фикр, Хиж. 1405,-9-т, 352.

[286] Али Сайис – Мухаммед Шалтут, ***Мукаранату аль-Мазахиб фи аль-Фикх***, 17.

[287] Fahrettin Atar ve diğer, ***İslam İlmihali***, İstanbul: M.Ü. İlahiyat Fakültesi Vakfi Yayınları, 2010, 279.



шахватсыз абалда аялга колун тийгизген адамдын окуган намазы, эч бир мүшкүлсүз сахих деп эсептелет.[288]

Бул талфик жөнүндө Алауддин Аксакий (ө. 1088/1677) жана Ибн Абидин (ө. 1252/1836) туура эмес деген пикирди карманышса, Шайхулислам Абуссууд аль-Имадий (ө. 982/1574), Шамсуддин ад-Дасукий (ө. 1230/1815), Шах Валиюллах ад-Дихлавий (ө. 1176/1762), Мухаммед Рашид Риза (ө. 1935), Санхурий (ө. 1971) өңдүү аалымдар туура деп эсептешет.[289]

## 4. КАЗА ЖАНА ФАТВА

### 4.1. Фатва жана каза терминдеринин анализи

#### 4.1.1. Фатва жана каза сөздөрүнүн сөздүк маанилери

Кураны Каримде *"пикир алышуу"*,[290] *"ой-пикир айтуу"*,[291] *"суроо узатуу"*,[292] *"түш жоромолдоо"*[293] сыяктуу ар башка маанилерди түшүндүргөн фатва сөзү, негизи Аз. Пайгамбардын (с.а.в.) коомдогу пикир келишпестиктерди жөнгө салган, каза укугунун[294] экинчи даражадагы милдети болуп саналат.

Фатва жана каза темасы фуру аль-фикхта *"фатва"*, *"фатава"*, *"фатавий"*, *"истифта"*, *"мустафтий"*, *"ифта"*, *"муфтий"*, *"муфта бих"*, *"адабу аль-муфтий"*, *"расму аль-муфтий"*, *"аламату аль-ифта"*, *"кадий"*, *"кудат"*, *"када"*, *"акдия"*, *"адабу аль-кадий"*, *"адабу аль-када"*, *"мажлису аль-када"*, *"хаким"*, *"хуккам"*, *"мажлису аль-хукм"* өңдүү терминдердин тегерегинде каралып чыгылган.

[288] Абу Абдиллах Мухаммед б. Хасан аш-Шайбаний, ***Китабу аль-Асл***, Бейрут: Аламу аль-Кутуб, 1990, 1-т, 27;Мухаммед Абдуллах б. Муслим аль-Бахлавий, ***Адиллату аль-Ханафийййа мин аль-Ахадиси ан-Нававийййа аъла аль-Масаили аль-Фикхийййа***, Дамаск: Дару аль-Калам, 2007, 40-41.

[289] Hayreddin Karaman, ***İslam Hukukunda İçtihad***, İstanbul: Ensar Neşriyat, 2015, 226-227.

[290] Кураны Карим, Ниса сүрөсү, 127.

[291] Кураны Карим, Кахф сүрөсү, 22; Намл сүрөсү, 32.

[292] Кураны Карим, Саффат сүрөсү, 11, 149.

[293] Кураны Карим, Юсуф сүрөсү, 41, 43, 46.

[294] Кураны Карим, Саъд сүрөсү, 20.

## 4.2.Фатва менен каза сөздөрүнүн терминдик маанилери

Фатванын терминдик мааниси “Фикхий маселенин өкүмү туурасында узатылган суроонун жообу”[295] деп айтылса, каза терминин “Эки тараптын ортосундагы келишпестикке чекит койгон жана аткарылуусу милдеттүү болгон өкүм” [296]деп айтууга болот. Башкача айтканда, каза – бул казынын берген өкүмү болуп, Ислам дининдеги казы, азыркы учурдагы сот маанисин туюндурат.

### 4.2.1. Фатва менен казанын айырмасы жана анын негиздери

#### 4.2.1.1.Фатва жана каза сөздөрүнүн айырмачылыктары

Жогорудагы аныктамадан деле маалым болгондой эле фатва менен каза убакыттын өтүшү менен бири-биринен дагы да так айырмалана баштаган. Бул айырмачылыктардын бири – казанын аткарылышы милдеттүү болушу жана фатванын мындай өзгөчөлүккө ээ болбошу. Ошондой эле, бир маселенин фатвасы бүткүл мусулман коомчулугуна тийиштүү болсо, ал эми казанын өкүмү бир гана ошол өкүм берилген маселеге гана таандык болот. Казы мамлекеттик орган катары кызмат кылса, муфтий эч кандай мамлекеттик мааниде иш аткарбайт. Мына ошондуктан казы суралган маселеде ага жооп берүүгө милдеттүү. Ал эми муфтий сөзсүз жооп берүүгө милдеттүү эмес. Анан дагы фатва маселенин илимий жаатын гана изилдесе, каза ошол маселенин укуктук жаатын изилдейт.[297]

[295] Erdoğan, ***Fıkıh ve Hukuk Terimleri Sözlüğü***, 2. Baskı, 142; Мухаммед Равас Калъажий -Хамид Садык Кунайбий, ***Муъжами Лугати аль-Фукаха***, Бейрут: Дару ан-Нафаис, 1985, 339.

[296] Али б. Мухаммед аш-Шариф аль-Журжаний, ***Китабу ат-Таърифат***, Биринчи чыгарылыш, Бейрут: Дару аль-Кутуби аль-Илмиййа, 1983, 92; Калъажий – Кунайбий, ***Муъжами Лугати аль-Фукаха***, 365; Erdoğan, ***Fıkıh ve Hukuk Terimleri Sözlüğü***, 3. Baskı, 207.

[297] Atar, Fahrettin, ***İslâm Yargılama Hukukunun Esasları***, 1. Baskı, İstanbul: Marmara Üniversitesi İlâhiyat Fakültesi Vakfı Yayınları, 2013, 22-23.



#### 4.2.1.2. Казы жана муфтийден талап кылынган кесиптик талаптар

Казы жана муфтий болуу үчүн акил-балиг жана мужтахид болушу,[298] арызданууучу жана жабырлануучуга бирдей мамиле жасашы,[299] экөөсүнүн да дени сак болушу,[300] мусулман болушу,[301] кесиптик этиканы сакташы,[302] пара алчудай даражада материалдык жактан кедей болбошу зарыл.[303]

Ошондой эле казы да, муфтий да, өкүм берип жатканда, өкүм чыгаруу методун туура колдонушу,[304] маанайы чөгүңкү учурларда өкүм берүүдөн алыс турушу,[305] казылыктын көз карандысыздыгын

[298] Osman Şahin, İslam Hukukunda Fetva Usûlü, (Doktora Tezi-On Dokuz Mayıs Üniversitesi, Samsun, 2002), 57-58; Абдуннаср Муса Абу Басал, ***Назарияту аль-Хукм аль-Казаий фи аш-Шриати ва аль-Канун***, Иордания: Дару ан-Нафаис, 1191, 145-150; Yusuf el-Kardavî, Çev: Ahmet Yaman-Yusuf Işıcık, ***İslam Hukuku Evrensellik-Süreklilik***, İstanbul: Nidâ Yayıncılık, 2012, 17.

[299] Абу Басал, ***Назарияту аль-Хукм аль-Казайи фи аш-Шриати ва аль-Канун***, 137-141.

[300] Atar, ***İslâm Yargılama Hukukunun Esasları***, 87; Абу Басал, ***Назарияту аль-Хукм аль-Казайи фи аш-Шриати ва аль-Канун***, 136-137.

[301] Абу Басал, ***Назарияту аль-Хукм аль-Казайи фи аш-Шриати ва аль-Канун***, 127-131.

[302] Ибн Абидин, ***Радду аль-Мухтар аъла ад-Дурри аль-Мухтар Шархи Танвири аль-Абсар***, Бейрут: Дару аль-Фикр, 2000, 21-т, 284.

[303] Кыргыз элинде кашка, бий, манап, датка, бек өңдүү башкаруу мансабына шайланчу кишилердин материалдык жактан кедей болбошу талап кылынган. Кененирээк маалымат үчүн кңз; А. Сыдыков, ***Краткий Очерк Истории Развитии Кыргызского Народа***, Бишкек: Кыргызстан, 1992, 81; З. К. Курманов, ***Политическая Борьба в Кыргызстане: 20 Год***, Бишкек: Илим, 1997, 93-94; Tamara Ölçekçi, “Manaplar ve Kırgız Tarihindeki Rolleri”, Bilig, 67/2013, 118; Aiitmamat KARIEV, “Kırgız Biy Mahkemeleri Hakkında Kısa Bir Analiz (XVIII-XX yy.)”, MANAS Sosyal Bilimler Araştırmaları Dergisi, 4-6/2017, 89-101.

[304] Yusuf Kardavî, Çev: Mithat Acat-Mihdi Acat, ***Günümüzde Fetvânın Değişebilirliği***, İstanbul: Nidâ, 2012, 242-243; Saffet Köse, ***İslam Hukukunda Kanuna Karşı Hile-Hile-i Şer'iyye***, İstanbul: Birleşik Yayıncılık, 1996, 53; Yaman, ***Makasıd ve İçtihad***, 243.

[305] Сулайман Мухаммед аль-Ашкар, ***аль-Футйа ва Манахижу аль-Ифта***, Амман: Дару ан-Нафаис, 1993, 81; Муслим, “Акдия”, 7, 16; Бухарий, “Ахкам”, 13; Абу Давуд, “Акдия”, 9; Тирмизий, “Ахкам”, 7; Насаий, “Кудат”, 32; Ибн Маже, “Ахкам”, 4.

сакташы,[306] материалдык кызыкчылыкты күзөтпөшү,[307] коомдогу социалдык абалды туура талдашы,[308] кесиптик этиканын сезип-туя билиши,[309] ар бир кишинин жеке жашоосунун жашырындуулугун[310] сакташы зарыл.

[306] Алим б. Ала Фарудуддин, ***аль-Фатава ат-Татархания***, Каражий: Идарату аль-Куран ва аль-Улуми аль-Исламийя, 1996, 1-т, 83. Бул маалымат жөнүндө кененирээк маалыматка ээ болуу үчүн кңз; Abdisselam Arı, "Hz. Ömer'in Ebu Musa el-Eş'ari'ye Gönderdiği Mektubun Yargılama Hukuku Açısından Analizi", İslam Hukuku Araştırmaları Dergisi, 2/2003, 86.

[307] Алим б. Ала Фарудуддин, ***аль-Фатава ат-Татархания***, 1-т, 83; Muhammed Takî Usmanî, ***Fetvâ Usûlü***, (Çev: Emre Yazıcı), İstanbul: Yasin Yayınevi, 2010, 142; Махмуд Хамза, ***аль-Фараиду аль-Бахиййа фи аль-Каваиди ва аль-Фаваиди аль-Фикхиййа***, Биринчи чыгарылыш, Дамаск: Дару аль-Фикр, 1986, 66; Абу Бакр Мухаммед б. Ахмад б. Сахл, ***аль-Мабсут***, Египет: 1324, 16-т, 82; Ибн Нужайм, ***аль-Ашбах ва ан-Назаир***, 256.

[308] Али Хайдар, ***Дурару аль-Хуккам Шарху Мажаллати аль-Ахкам: Шарху аль-Каваиди аль-Кулліййа***, Даярдаган: Амир Афандизаде, Стамбул: Үчүнчү чыгарылыш, Матбаъату Тавзиъи ат-Табаъаат, 1330, 101-102; Yusuf Kardavî, ***Günümüzde Fetvânın Değişebilirliği***, 99-101.

[309] Muhammed Takî, ***Fetvâ Usûlü***, (Çev: Emre Yazıcı), 132-141; Абу Давуд, "Илим", 8; Даримий, "Мукадимма", 20; Мухаммед б. Али б. Хусайн аль-Маккий аль-Маликий, ***Давабиту аль-Фатва***, Искандария: Дару аль-Фуркан, 7.

[310] Abdullah Kahraman, ***İslam Hukuk ve Ahlak İlkeleri Işığında Özel Hayatın Gizliliği (Mahremiyet)***, 1. Baskı, Ankara: Ebabil, 2008, 204-209; Абу Давуд, "Адаб", 32; Тирмизий, "Бирр", 39.



# ТОГУЗУНЧУ БӨЛҮМ
# МАКАСИДУ АШ-ШАРИА (ИСЛАМ УКУГУ ФИЛОСОФИЯСЫ) ТЕОРИЯСЫ

## 1. МАКАСИД ИЛИМИНИН АНЫКТАМАСЫ

Макасиду аш-шариа термини – Ислам укугунун жалпы инсанияттын пайдасына негизделген укуктук философиясын түшүндүрөт. Бул жөнүндө залкар аалым Шатибий *"Шаръий өкүмдөрдү талдап, өз алдынча изилдеп келсек, чындыгында, сөзсүз түрдө, адамзаттын маслахатын (пайдасын) камтыгандыгына күбө болобуз!"*,[311] – деген таризде өз аныктамасын айтып кеткен. Ушул эле "кишинин пайдасы" аттуу негизги принцип, негизи бүт бардык укук мектептеринен орун алган. Бирок, инсан акылына таянган укуктук системалар, инсандын бир гана бул дүйнөдө эле бактылуу болуусун көздөшөт. Ал эми Ислам укугу болсо, кишинин эки дүйнөдө да бактылуу болуусун максат кылып, мына ушундан улам, мусулмандарды кыйынчылыкка кириптер кылбаш үчүн, ар бир өкүмдү жеңилдетүүгө аракет кылат.[312]

## 2. МАКАСИД ИЛИМИНИН МАКСАТЫ ЖАНА ПРИНЦИПТЕРИ

### 2.1. Макасид илиминин максаты

Ар бир илим тармагынын алдыга койгон максаты болгондой эле, макасид илиминин максаты – инсанияттын пайдасына чечим чыгаруу, ар түрдүү зыяндарды кишиден алыстатуу болуп саналат.

### 2.2. Макасид илиминин негизги принциптери

Бул илимдеги негизги терминдер "маслахат", "ижтихад", "манфаъат", "мафсадат", "хикмат", "жалбу аль-манфаъа", "дафъу аль-мафсада", "заруулият", "хажият", "тахсинийат" ж.б. деп эсептелет. Макасид илиминин негизги принциптери мына

---

311 Мехмет Эрдем – Саффет Көсе, ***Ислам укугуна киришүү***, Биринчи чыгарылыш, 285; Маслахат тууралуу көп калем жонткон аалымдардын бири Туфий экендиги баарыбызга маалым. Анын маслахат түшүнүгү боюнча толук маалыматка ээ болуу үчүн кңз; аль-Имам ат-Туфий, ***Рисала фи Риаяти аль-Маслаха***, Тахкик-таалик: Ахмад Абдуррахим ас-Сайих, ад-Дару аль-Мисриййа аль-Лубнаниййа, 1993.

312 Рамазан аль-Бутий, ***Давабиту аль-Маслаха***, Бейрут: Муассасату ар-Рисала, 1991, 28-32.

ушул терминдердин тегерегинде иш алып барууга негизделген. Бул принциптерге алдыдагы темаларда кеңири токтолуп кетмекчибиз.

## 3. МАКАСИД ИЛИМИНИН ТАРЫХЫ

### 3.1. Сахабалар доорунан Жувайнийге чейинки доор

Сахабалар доорунан тарта Жувайнийге (ө. 478/1085) чейинки доордо, бардык мужтахиддер ижтихад кыларда, аты аталган макасиду аш-шарианы негиз алышкан. Бирок, бул теорияны *"истихсан"*, *"маслахат"*, *"истислах"*, *"асрар"*, *"иллат"*, *"хикмат"*, *"махасин"* ж.б. терминдер менен аташып, атайын ушул илимге багытталган, белгилүү бир система түзүшкөн эмес. Жувайнийден мурдагы доордо, бул жөнүндө алгач ирет Хаким ат-Тирмизий (ө. 318) – *"ас-Салаату ва Макасидуха"*[313] аттуу эмгек жазып калтырган.

### 3.2. Жувайнийден Шатибийге чейинки доор

Имам Жувайнийден Имам Шатибийге чейинки доордо (478-790/1085-1388) макасид сөзү бүгүнкү күндөгү мааниде колдонулуп, аны менен чогуу *"зарурият"*, *"хажият"*, *"тахсинијат"*, "ижтихад", "жалбу аль-манфаъа", "дафъу аль-мафсада", "машаккат", "азиймат", "рухсат" ж.б атайын терминдер калыптанган. Өзгөчө Жувайний (ө. 478/1085), Газзалий (ө. 505/1111), Разий (544-606/1149-1209), Иъз б. Абдиссалам (ө. 660/1262), Карафий (ө. 684/1285) өңдүү аалымдар, өздөрүнүн усулу аль-фикх эмгектеринде, макасид илиминин кадимки илим катары калыптанышына салым кошушуп, фихк илиминин маанилүү бир тармагы экендигине чакырышып, фикх илимин жаңыча перспективадан анализдөөгө үгүттөшкөн.[314]

[313] Жамалуддин Аътийиа, ***Нахва Тафъили Макасиди аш-Шариъа***, Дамаск: Дару аль-Фикр, 2001, 131.

[314] Хаммадий аль-Убайдий, ***аш-Шатибиий ва Макасиду аш-Шариъя***, Дамаск, Дару аль-Кутайба, 1996, 131-138.



### 3.3. Шатибийден Ибн Ашурга чейинки доор

Андан кийин Имам Шатибийден тарта Ибн Ашурга чейинки доордо (790-1379/1388-1973) макасид илими анча өнүккөн эмес. Буга мисал катары Шатибийдин (ө. 790/1388) *"аль-Мувафакаат фи аш-Шариа"* жана Шах Валиюллах ад-Дихлавийдин (1114-1176/1702-1762) *"Хужжатуллахи аль-Балигату"* аттуу эмгектеринен башка, эч бир көзгө көрүнөрлүк эмгек жазылбагандыгын айтууга болот.[315] Бул доордо өкүмдөрдүн "таъаббудий" жана "ижтихадий" деп гана атайын категорияларга ажыратылышы, анан дагы *"ас-сиясату аль-миллийиа"* аттуу жаңы терминдердин иштетилиши, албетте, бул доордогу макасид илиминин жогору деңгээлде өнүкпөгөндүгүн далилдейт.

### 3.4. Ибн Ашурдан азыркы күнгө чейинки доор

Ал эми Тахир б. Ашурдан азыркы учурга чейинки доордо (1973-2018), индустриалдык төңкөрүштөн кийин пайда болгон модернизмдин таасири менен (классикалык) фикхтын жаңы ачылыштарга жооп берип-бералбастыгы, ошол доордун коомчулугунда талаш-тартышты жаратып, жаңы бир ижтихад методологиясын, жаңы бир ислам укугу системасын түптөөнүн, суу менен абадай болгон зарылчылыгы айкын болгон. Ушул доордон азыркы күнгө дейре, аты аталган макасид илими, классикалык фикхтын "Ислам укугу" деген жаңыча аталышынын астында, жаңы пайда болгон актуалдуу маселелерге макасид илиминин негизинде жооп берип келет.

Тахир б. Ашур XX кылымдын эң улуу Ислам философу жана аалымы деген наамга ээ болуп, Тунис мамлекетинин муфтиятын жана Зайтуния университетинин ректорлугун жетектеген. Ислам халифаттыгынын желегин желбиреткен Осмон империясынын кыйрашы, мусулмандардын

[315] Muhammed Khalid Masud, ***Shatbi's Philosophy Of Islamic Law***, Institute of Islamic Studies McGill University Montreal 1973, 96.

биримдигинин жоголушу, экинчи дүйнөлүк согушка күбө болушу, албетте, башка жадидчилер сыяктуу эле Тахир б. Ашурду (1296-1393/1879-1973) да, бул тармакта калем ойнотушуна себеп болгон. Ал өзүнүн "*аль-Макасиду аш-Шаръиййа*" (Тахкик: Мухаммед Тахир Майсавий, Амман: Дару ан-Нафаис, 1421/2001) аттуу эмгегинде, макасид илиминин негизинде усулу аль – фикх илимин модернизациялоонун зарылчылыгына токтолуп кеткен.[316]

## 5. МАКАСИДУ АШ-ШАРИАНЫН ТҮРЛӨРҮ

Макасиду аш-Шариа илими "куллия", "жуззия", "катъиййа", "занния", "вахмия", "зарурия", "хажия", "тахсиния" деген түрлөргө бөлүнөт:

### 5.1. Макасиду куллия

Макасиду куллия – жалпы коомчулукка тийиштүү пайдалар. Башкача айтканда, жалпы коомчулукка пайдалуу деп табылган иштер.[317] Мисалы, коомдук коопсуздук, адилеттүүлүк, акы-укук маселеси, ихсан кылуу ж.б.

### 5.2. Макасиду жуззия

Макасиду жуззия – жеке кишиге таандык пайдалар болуп саналат.[318] Мисалы, жеке инсандын өзүнө пайдалуу иштерди аткарууга укуктуу болушу, мал-мүлкүн каалагандай колдонушу, ден-соолугуна кам көрүшү ж.б.

### 5.3. Макасиду катъиййа

Макасиду катъиййа – пайда алып келиши анык болгон пайдалар. Бул пайдалар шек-күмөнсүз пайда алып келиши анык болгондугунан, акылы бар ар бир киши мындай пайданы

[316] H. Mehmet Günay, ***Muhammed Tâhir b. Âşûr'un Makâsıd Anlayışı: Makâsıd ve İçtihad***, Ed. Ahmet Yaman, Konya: Yediveren, 2002, ss. 383-416.
[317] Исмаил аль-Хасаний, ***Назарияту аль-Макасид Иънда аль-Имам Мухаммед ат-Тахир б. Ашур***, Рияд: аль-Маъхаж аль-Аъаламий ли аль-Фикри аль-Исламий, 1981, 235.
[318] Исмаил аль-Хасаний, ***Назарияту аль-Макасид Иънда аль-Имам Мухаммед ат-Тахир б. Ашур***, 250.



чанбас.[319] Мисалы, коомду укуктун жана адилеттүүлүктүн негизинде башкаруу.

### 5.4. Макасиду занниййа

Макасиду занниййа – пайда алып келиши күмөн болгон макасид дегенди билдирет. Мисалы, эзилген жүзүмдүн суусу ачытылганы менен мас кылуучу абалда болбосо да, анын арам кылынышы, уурулукка шектелген кишини кылмышын моюнга алдыруу үчүн ур-токмокко алынышы ж.б.

### 5.5. Макасиду вахмиййа

Макасиду вахмиййа – сырттан караганда кишиге пайдалуудай көрүнгөнү менен негизи зыян алып келген макасиддер дегенди туюндурат.[320] Мисалы, көөнары (бангизат) жыттоо адамга кыска мөөнөткө ырахат тартуулап, мүшкүлдөрүнөн куткаргандыгы үчүн пайдалуудай көрүнсө да, негизи бангизат кишинин жашоосуна коркунуч туудурбай койбойт.

### 5.6. Макасиду зарурия

Макасиду зарурия – кишинин жашоосунда болбосо болбос деген маанидеги маселелер.[321] Мисалы, диндин, жандын,[322] акылдын,[323] мал-мүлктүн,[324] ата-тектин (насаб)[325] сакталышы.

[319] Нуруддин Мухтар аль-Хадимий, "Макасиду ат-Таприъи аль-Исламий: Мафхумуха, Даруратуха, Дававитуха", Мажаллату аль-Аъдл, 6/1421, (Рабиу аль-Ахир), 7.
[320] Умар б. Салих б. Умар, ***Макасиду аш-Шариъа инда аль-Имам аль-Иъзз б. Абдиссалам***, Иордания: Дару ан-Нафаис, 2003, 154.
[321] Вахбату аз-Зухайлий, ***Назарияту ад-Даруратиш-Шаръиййа Мукаранатан Маъа аль-Кануни аль-Вадъий***, Төртүнчү чыгарылыш, Бейрут: Муассасату ар-Рисала, 1985, 66-72; Юсуф Хамид аль-Алим, ***аль-Макасиду аль-Аъамма ли Шарияти аль-Исламиййа***, Рияд: ад-Дару аль-Аъаламиййа ли аль-Китаби аль-Исламий, 1994, 203-548.
[322] Кураны Карим, Ниса сүрөсү, 29, 92, 93; Бакара сүрөсү, 178.
[323] Кураны Карим, Маида сүрөсү, 5/90.
[324] Кураны Карим, Бакара сүрөсү, 188; Ниса сүрөсү, 27; Маида сүрөсү, 38.
[325] Кураны Карим, Исра сүрөсү, 32; Хужурат сүрөсү, 12; Нур сүрөсү, 23.

### 5.7. Макасиду хажиййа

Макасиду хажиййа – зарураттардан кийинки даражадагы макасиддер дегенди билдирет.[326] Мисалы, соода-сатыктын адал кылынышы,[327] катачылык менен киши өлтүргөн кылмышкерге кысас эмес кун төлөө жазасынын иштетилиши[328] ж.б.

Бул тууралуу Мажаллада *"Хажияттан деп эсептелген нерсе, жеке кишиге же коомго тийиштүү болсо да, зарурат катары каралып, тийиштүү чаралар көрүлүүгө тийиш!"*[329] деп айтылган.

### 5.8. Макасиду тахсиниййа

Макасиду тахсиниййа – кишинин жашоосуна доо келтирбеген, жашоосунда эч бир мүшкүлдү жаратпаган, бирок, кишинин адеп-ахлактык нормаларды да кошо орундатышы үчүн *"...болсо жакшы болмок..."* деген маанидеги маслахаттарды туюндурат.[330]

Мисалы, нажас болгон нерселердин жеп-ичилишинин арам кылынышы, жоо менен беттешкенде согушка жараксыз болгон жаш балдардын, аялдардын, жашы улгайып калган карыялардын, дин адамдарынын кол тийбестик укуктарынын каралышы, душман аскерлеринин өлүктөрүн кескилеп кордоонун арам кылынышы, Алла Таала тартуу кылган нематтарды туура колдонуунун жол-жоболорунун айтылышы ж.б.

[326] Абдуррахман Юсуф Абдуллах аль-Кардавий, ***Назарияту Макасиди аш-Шариъати Байна Ибн Таймиййа ва Жумхури аль-Усулиййин***, Магистирдик диссертация, Жамиаъту аль-Кахира Куллиййату аль-Уълум Кисму аш-Шариъа, Каир: 2000, 77.

[327] Кураны Карим, Бакара сүрөсү, 282.

[328] Кураны Карим, Ниса сүрөсү, 92.

[329] Мажалла, Пункт: 32.

[330] Ахмад ар-Райсуний, ***Назарияту аль-Макасид Иънда аль-Имам аш-Шатибий***, Төртүнчү чыгарылыш, Рияд: аль-Маъхаду аль-Аъламий ли аль-Фикри аль-Исламий, 1990, 345; Абдуррахман Ибрахим аль-Кайланий, ***Каваиду аль-Макасид Иънда аль-Имам аш-Шатибий: Аърдан, Дирасатан, Тахлилан,*** Дамаск: Дару аль-Фикр, 2000, 218.



# КОЛДОНУЛГАН ТЕРМИНДЕРДИН ТҮШҮНДҮРМӨСҮ

## А

**Адал** (الحلال) – Шариятта аткарылуусунан улам жазага тартылбаган жана уруксат берилген нерсе. Мунун антоними арам дегенди түшүндүрөт.

**Азиймат** (العزيمة) – Алланын пендеден талап кылган ар бир өкүмдүн негизги абалда аткарылышы.

**Амал** (العمل) – Алла Тааланын кишиден аткаруусун талап кылган кандайдыр бир иш.

**Амалий өкүм** (الحكم العملي) – кандайдыр бир амалдын шарияттагы орду.

**Арам** (الحرام) – Алла Таала тарабынан аткарылуусуна катъий далилдер менен тыюу салынган бардык иштер.

**Амр** (الأمر) – Алла Тааланын кишиден кандайдыр бир иштин аткарылуусун талап кылган буйругу.

**Асбабу аль-вуруд** (أسباب الورود) – хадистин айтылышына себеп болгон окуя.

**Асл (المقيس عليه-макисун алайх)** – өкүмү насс менен бекитилген маселе.

**Асрар** (الأسرار) – Макасид илиминдеги өкүмдөрдүн ар тараптуу сырларынын изилдениши.

**Атах** (العته) – акыл оорусу менен оору.

**Ахад хадис** (خبر الواحد) – Аз. Пайгамбардын (с.а.в.), сахабалардын, таабииндерди доорундагы равилердин эсебинин үчкө жетпей, риваят кылынган хадис.

**Ахлияту аль-вужуб** (أهلية الوجوب) – бул кишинин кандайдыр бир нерсеге укуктуу болуусу дегенди билдирет.

**Ахлияту аль-адаа** (أهلية الأداء) – кишинин кандайдыр бир ишти аткарууга милдеттүү болушу.

**Ахлу аль-хадис** (أهل الحديث) – динди жоромолдоодо акылды аз колдонгон жана аят-хадистерди негиз алган школа. Бул термин кээ бир эмгектерде ахлу аль-хижаз деп да айтылат.

**Ахлу ар-рай** (أهل الرأي) – динди жоромолдоодо аят-хадистерди колдонуу менен бирге, акылга да басым жасаган укуктук школа.

**Аъам** (العام) – бардык маанилерин (ажзауху) камтыган жекече абалдагы сөз.

**Аъкду ас-салам** (عقد السلام) – акчасы накталай, товар кечиктирилип берилген соода-сатык келишими.

## Б

**Бараату аз-зимма** (براءة الذمة) – кишинин төрөлүшүнөн тартып карыздар жана кылмышкер эмес деп эсептелиши.

**Батыл** (الباطل) – негизги өзөгү (асл) жана сыпаты (васф) туура болбогон бардык ибадат жана муамалат маселелери.

## В

**Вадьий өкүм** (الحكم الوضعي) – Алла Тааланын кандайдыр бир ишти аткаруу үчүн экинчи ишти себеп, шарт, маниъ (тоскоол) кылып жаратышы дегенди билдирет.

**Важиб** (الواجب) – субуту же далаалаты жагынан занний далилге таянган жана аткарылуусу талап кылынган өкүм.

**Вакф** (الوقف) – кандайдыр бир мал-мүлктөн пайдалануу укугун коомчулукка, ал эми ошол мал-мүлктүн өзүн Алла Таалага ыйгаруу аркылуу, башкалардын ага ээ чыгуусуна тоскоол болуу.

**Валий** (الوالي) – валаят укугуна ээ болгон киши. Башкача айтканда, бир кишинин экинчи кишинин атынан кандайдыр бир ишин аткарууга укуктуу болушу.



## Г

**Ганиб** (الغائب) – тирүү экендиги белгилүү болгону менен кайсы жерде жашагандыгы так белгилүү болбогон киши.

## Д

**Далаалат** (الدلالة) – кандайдыр бир текстин маанисинин кандайдыр бир нерсени билдириши. Кыргыз тилиндеги далалат деген мааниде эмес.

**Далаалату ан-насс** (دلالة النص) – насстын биринчи маанисинен жана ишаратынан сырткары башка бир мааниге далаалат кылышы.

**Далил** (الدليل) – кандайдыр бир укуктук маселени чечүүдө сотту ынандырууга жарактуу документтер.

**Дафъу аль-мафсада** (دفع المفسدة) – кишиге зыян алып келүүчү нерселердин жокко чыгарылышы.

## Ж

**Жалбу аль-манфаъа** (جلب المنفعة) – кишиге пайда алып келүүчү нерселердин колго киргизилишине шарт түзүү.

**Жам ва талфик** (الجمع و التلفيق) – Жам – усулда бири-бирине карама-каршы келген далилдердин экөөсү менен дагы амал кылуу дегенди билдирет.

Талфик – кандайдыр бир маселеде, эки же андан көп мазхабдын пикирлеринде имамдарын таклид кылуу.

**Жанийн** (الجنين) – али төрөлө элек энесинин жатынындагы бала. Тирүү төрөлсө "валад", өлүк төрөлсө "сикт" деп аталат.

**Жузий** (الجزئي) – бир маселенин кандайдыр бир бөлүкчөсү дегенди билдирет. Ал эми фикхта атайын изилдөөгө алынган маселе дегенди билдирет.

**Жумхур** (الجمهور) – кайсы бир илим тармагындагы адистердин көпчүлүгү.

**Жунун** (الجنون) – кишинин "жинди" деген сыпатка ээ болушу.

## З

**Зanniйiу ад-далала** (ظني الدلالة) – кандайдыр бир өкүмдүн жүз пайыз аткарылышын же аткарылбашын билдирбеген жагдай.

**Зарурат** (الضرورات) – аткарылуусуна тыюу салынган нерсени аткарууга уруксат бердирген (жагдай) үзүр.

**Захир** (الظاهر) – сүйлөөчүнүн максатын ойлонбостон туруп түшүнүлгөн алгачкы маани.

**Зина хадди** (حد الزنا) – никесиз түрдө зина кылган эркек менен аялдын 100 балак урулуусу дегенди билдирет.

## И

**Ибадат** (العبادات) – Алла Таалага кулчулук кылуу дегенди билдирет.

**Ибарату ан-насс** (عبارة النص) – текстин ибарасы (сөзү) түшүндүргөн маани.

**Ибаха** (الإباحة) – аткарылуусуна уруксат берилген жана тыюу салынбаган бардык нерселер.

